ЭЛДИК БАНК


ELGREEN

# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ 2024

Кыргызстандын келечегине
бийик максаттар менен



# МАЗМУНУ



3 Колдонулган терминдер жана кыскартуулар
4 «Элдик Банк» ААКнын Директорлор кеңешинин Төрагасынын кайрылуусу
5 «Элдик Банк» ААК Башкармасынын Төрагасынын кайрылуусу

01
БАНК ТУУРАЛУУ
7 Банктын профили
10 2024-жылдагы негизги ESG көрсөткүчтөрү
11 Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү

02
ЭЛДИК БАНКТАГЫ ESG-СТРАТЕГИЯ
14 Элдик Банктагы ESG-стратегия
16 Олуттуулукту баалоо
21 Жашыл жана социалдык жоопкерчиликтүү каржылоо
24 Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүдө Элдик Банктын салымы

03
ЭКОЛОГИЯ
28 Парник газдарынын чыгындыларын эсепке алуу
36 Энергия керектөөнү башкаруу
37 Калдыктарды жана сууну керектөөнү башкаруу
39 Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу

04
СОЦИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИК
46 Кызматкерлердин жумушчу күчүнүн жана профилинин сереби
48 Кызматкерлерге камкордук: мотивация жана өнүктүрүү
52 Персоналды кесипкөй өнүктүрүү жана окутуу
54 Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу
57 Адам укуктары
59 Кардарлардын алдындагы жоопкерчилик

05
БАШКАРУУ
62 Корпоративдик башкаруу
70 Биздин корпоративдик түзүм жана этикалык стандарттар
73 Тобокелдиктерди тескөө
75 Салыктарды башкаруу
77 Сатып алуу ишин тескөө
78 Киберкоопсуздук жана жеке маалыматтарды коргоо
82 Санарип өзгөрүү

06
КОЛДОНМОЛОР
85 Отчет жөнүндө
86 GRI стандарттарынын көрсөткүчү
96 IFRS шайкештик таблицасы
97 IFRS S2 шайкештик таблицасы

# КОЛДОНУЛГАН ТЕРМИНДЕР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| **ААК** | Ачык акционердик коому |
| **Элдик Банк** | «Элдик Банк» ААК – Кыргыз Республикасынын универсалдуу коммерциялык банкы |
| **ESG** | Environmental, Social, Governance – экологиялык, социалдык жана корпоративдик жоопкерчилик |
| **GRI** | Global Reporting Initiative – туруктуу өнүгүү боюнча отчеттуулуктун эл аралык стандарттары |
| **IFRS** | International Financial Reporting Standards – Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары |
| **IFRS S1/S2** | Туруктуу өнүгүү жана климаттык тобокелдиктер жөнүндө маалыматты ачыкка чыгаруу боюнча IFRS стандарттары |
| **ФОЭС** | Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары (IFRS эквиваленти) |
| **ТӨМ (SDGs)** | БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттары |
| **NDC** | Nationally Determined Contributions – Париж макулдашуусуна Кыргыз Республикасынын улуттук аныкталуучу салымы |
| **PCAF** | Partnership for Carbon Accounting Financials – каржылануучу чыгындыларды эсепке алуу методологиясы |
| **GHG Protocol** | Greenhouse Gas Protocol – парник наздарынын чыгындыларын эсепке алуунун эл аралык стандарты |
| **Scope 1** | Банктын жеке же контролдонуучу булактарынан ПГ түз чыгындылары |
| **Scope 2** | Сатып алган электр энергиясын жана жылуулукту өндүрүүдөн ПГ кыйыр чыгындылары |
| **Scope 3** | Каржылануучу чыгындыларды кошо алганда, гаркты түзүүнүн бардык чынжыры боюнча ПГ башка кыйыр чыгындылары |
| **ЭСТТС** | Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди тескөө системасы |
| **ESG-рейтинг S&P CSA** | Corporate Sustainability Assessment –S&P Global туруктуулукту көз карандысыз баалоосу |
| **CSAT** | Customer Satisfaction Score – кардарлардын канааттангандык индекси |
| **ЧОБ (SMEs)** | Чакан жана орто бизнес |
| **ИСО 14064** | ПГ чыгындыларын сандык аныктоо жана аларды верификациялоо боюнча эл аралык стандарт |
| **ISO/IEC 27001** | Маалыматтык коопсуздукту башкаруунун эл аралык стандарты |
| **АЧК** | Айыл чарбаны каржылоо программасы |
| **МИК** | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик ипотекалык компаниясы |
| **ESG-облигациялар** | Экологиялык, социалдык жана башкаруучулук долбоорлорду каржылоо үчүн карыздык баалуу кагаздар |
| **ЭЖБ** | Энергиянын кайра жаралуучу булактары |
| **HR-бренд** | Банкты эң жакшы HR-практикаларды колдонгон иш берүүчү катары таануу |
| **NFRD / CSRD** | Европа финансылык эмес маалыматты ачыкка чыгаруу стандарттары (инвесторлор контексти үчүн) |
| **AAOIFI** | Accounting and Auditing Organization for Islamic Financial Institutions – ислам каржылоо стандарттары |
| **ИСЛАМ ТЕРЕЗЕСИ** | Ислам каржылоо продукттарын берүүчү банктын бөлүмү |
| **ESG-комитет** | Директорлор кеңешинин алдындагы Туруктуу өнүгүү боюнча комитет |
| **CDP** | Carbon Disclosure Project – климат жана чыгындылар жөнүндө маалыматтарды ачыкка чыгаруунун эл аралык платформасы |
| **КСЖ** | Корпоративдик социалдык жоопкерчилик |
| **ISO 26000** | Социалдык жоопкерчилик боюнча эл аралык стандарт |
| **Климаттык тобокелдиктер** | Климаттын өзгөрүшүнөн улам пайда болгон, потенциалдуу финансылык жана операциялык тобокелдиктер |

# «ЭЛДИК БАНК» ААКНЫН ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН ТӨРАГАСЫНЫН КАЙРЫЛУУСУ



**Урматтуу өнөктөштөр, кардарлар, кесиптештер жана достор!**

2024-жыл "Элдик Банк" ААК үчүн туруктуу өнүгүү жана ESG-трансформация жаатындагы динамикалуу өнүгүүнүн, инновациялардын жана олуттуу прогресстин жылы болду. Биз кардарлар, кызматкерлер, акционерлер жана жалпысынан коом үчүн узак мөөнөттүү баалуулуктарды түзүүгө багытталган, масштабдуу демилгелерди ишке ашыруу менен бирге, Кыргыз Республикасынын финансы секторунун лидерлеринин бири катары Банктын позициясын бекемдедик.

Өткөн жылы биз Банктын бардык маанилүү бизнес-процесстеринде **экологиялык, социалдык жана корпоративдик жоопкерчиликтин (ESG)** принциптерин интеграциялоодо маанилүү кадамдарды жасадык. Анын ичинде 2024-жылдагы эң маанилүү жетишкендиктер төмөнкүлөр болду:

- **Эл аралык S&P CSA ESG-рейтингин алуу –** "Элдик Банк" туруктуулук боюнча көз карандысыз баалоону алган **Кыргызстандагы биринчи банк** жана Борбордук Азиядагы лидерлердин бири болду (тармак боюнча орточо 37ге каршы 45 балл; 67-процентиль).
- **200 млн сом** өлчөмүндө **биринчи ESG-облигацияларды чыгаруу –** туруктуу каржылоону өнүктүрүүдө жана экологиялык жана социалдык жоопкерчиликтүү долбоорлор үчүн каражаттарды тартууга маанилүү кадам.
- **"Жашыл" жана социалдык кредиттөөнү кеңейтүү –** каржыланган долбоорлордун, анын ичинде энергиянын кайра жаралуучу булактары, энергиялык майнаптуулук, социалдык ипотека жана аялдар ишкердигин колдоо долбоорлорунун жалпы көлөмү **23 млрд сомдон ашыкты** түздү.
- **Кардарлар үчүн санарип чечимдерди өнүктүрүү:** 1 000ден ашык кызматтары менен жаңыланган мобилдик тиркемесин ишке киргизүү, чакан жана орто бизнес үчүн "Ишкер24" аралык банкингин жана платформасын колдоо.
- **Социалдык жоопкерчиликти бекемдөө:** аялдар бизнеси, социалдык турак жай, айыл чарба программаларын жана мамлекеттик жеңилдетилген кредиттик демилгелерди колдоо.
- **Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди текшерүү системасын (ЭСТТС) киргизүү –** эми бардык кредиттик чечимдер ESG-баалоодон өтөт, бул портфелдин туруктуулугун жогорулатат.

**Кыргызстандын климаттык максаттарын колдоо** биздин стратегиянын маанилүү бөлүгү болуп саналат. 2024-жылы биз биринчи жолу **каржылануучу чыгындыларды** (Scope 3, 15-категория) эсептедик. Ошондой эле биз жыл сайын чыгындыларды **2 767 т$CO_2$-экв,** ал эми ишке ашырылган долбоорлордун бүтүндөй жашоо циклинде **– 69 178 т$CO_2$-экв.** кыскартууга мүмкүндүк берген, кайра жаңылануучу энергетика чөйрөсүндөгү долбоорлорду каржыладык. Мындан тышкары **200 млн сом** өлчөмүндө **биринчи ESG-облигациялардын чыгарылышы** экологиялык жана социалдык маанилүү демилгелер үчүн капиталды мобилизациялоодо маанилүү кадам болуп калды.

Биз туруктуу каржылоо жана климаттык инвестициялар жаатында жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүү үчүн өнөктөштүктү өнүктүрүү менен, эл аралык уюмдар, донорлор жана инвесторлор менен өз ара аракеттенүүнү бекемдөөнү улантабыз. 2024-жылы биз **IFRS S1/S2** жана каржылануучу чыгындыларды эсепке алуу үчүн PCAF методологиясына ылайык маалыматты ачыкка чыгарууга толук өтүүгө даярдана баштадык, бул биздин отчеттун ачык-айкындуулугун жогорулатат.

Бул жетишкендиктердин бардыгы – биздин командабыздын талыкпаган ишинин жана бардык кызыкдар тараптар менен активдүү өз ара аракеттенүүнүн натыйжасы. Кардарларга, өнөктөштөргө, инвесторлорго жана кызматкерлерге ишеним жана колдоо көрсөткөнү үчүн ыраазычылык билдиребиз.

2025-жылы "Элдик Банк" ESG-продукттардын линейкасын кеңейтүү, ички процесстерди өркүндөтүү, инновацияларды киргизүү жана аз көмүртектүү экономикага өтүү боюнча улуттук максаттарды колдоо менен, **туруктуу өнүгүүдөгү өнөктөш** катары өзүнүн позициясын бекемдөөнү улантат. Ачыктык, өнөктөштүк жана жоопкерчилик аркылуу гана биздин кардарлар, коом жана жалпысынан өлкө үчүн узак мөөнөттүү баалуулукту камсыз кылууга болот деп ишенебиз.

Урматтоо менен,

**Жыргалбек Эрмеев,**

«Элдик Банк» ААКнын Директорлор кеңешинин төрагасы

# «ЭЛДИК БАНК» ААК БАШКАРМАСЫНЫН ТӨРАГАСЫНЫН КАЙРЫЛУУСУ



**Кымбаттуу кардарлар, өнөктөштөр жана кесиптештер!**

2024-жыл "Элдик Банк" ААК үчүн трансформациянын, өсүштүн жана **туруктуу өнүгүүнүн өнөктөшү** катары биздин ролубузду бекемдөөнүн жылы болду. Биз акционерлер жана кардарлар үчүн гана эмес, коом, экономика жана айлана-чөйрө үчүн да баалуулук жаратууга умтулуп, **ESG принциптерине** негизделген стратегияны түзүүнү улантуудабыз.

ESG-башкаруу – Банктын стратегиясына туруктуулукту интеграциялоо

2024-жылы биз **ESG-стратегияны** бекиттик жана эл аралык стандарттарга ылайык келген корпоративдик башкаруу системасын түздүк. Үстүдөгү жылы Директорлор кеңешинин деңгээлинде **Туруктуу өнүгүү боюнча комитет түзүлдү жана Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди тескөө системасын (ЭСТТС)** кошо алганда, ички саясаттар иштелип чыкты.

Биз Кыргызстандын банктарынын арасында биринчилерден болуп **IFRS S1/S2** стандарттарына толук өтүүгө даярдыкты баштадык, **PCAF** методологиясынын алкагында **каржылануучу чыгындылар** боюнча маалыматтарды ачыкка чыгаруу практикасын киргиздик жана көз карандысыз **S&P CSA ESG-рейтингин** алдык (45 балл, 67-процентиль). Бул кадамдар биздин ачык-айкындуулукка, жоопкерчиликке жана эл аралык стандарттарга жактоочулугубузду көрсөтөт.

Социалдык миссия жана коом үчүн долбоорлор

Биз үчүн туруктуу өнүгүү – бул ESG-тобокелдиктерди тескөө гана эмес, **адамдар жана бизнес үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү.** 2024-жылы биздин кардарларыбыздын жана коомдоштуктардын өсүшүнө жардам бере турган долбоорлорго басым жасадык:

- **Чакан жана орто бизнести (ЧОБ) колдоо: 54%дан ашык кредиттик портфель** ишкерлерди каржылоого багытталган, анын ичинде **15,4 млрд** сом аймактардагы ЧОБ үчүн жумшалган.
- **Аялдар ишкердиги: "Ишкер-Айым"** программасы аркылуу аялдар бизнесин өнүктүрүүгө **393 млн сом** бердик, ошондой эле **236 жаңы долбоорду** каржыладык.
- **Социалдык ипотека жана турак жай: 360 млн сомдон** ашык жарандардын турак жай шарттарын жакшыртууга жумшалган.
- **Айыл чарба жана аймактар:** агродолбоолорду каржылоого, анын ичинде чакан фермердик чарбаларды жана кооперативдерди каржылоого **2 млрд сом бөлүнгөн.**
- **Санариптештирүү жана финансылык жеткиликтүүлүк:** биз жаңыртылган **«Элдик»** мобилдик тиркемесин, ошондой эле ишкерлер үчүн **«Ишкер24»** платформасын ишке киргиздик, **1 000ден ашык кызматтарга** аралыктан жетүү мүмкүндүгүн камсыздадык.
- **Финансылык инклюзия:** Банктын тармагы **52 филиалды, 41 аманат кассасын жана 32 көчмө кассаны** камтыйт, бул өлкөнүн эң алыскы райондорунда финансы кызматтарына жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылат.

**Келечекке көз караш**

2025-жылы биз ESG-продукттардын линейкасын кеңейтүүнү, санарип чечимдерге инвестициялоону, аймактарды өнүктүрүү боюнча долбоорлорду колдоону, аялдар жана жаштар үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү түзүүнү, ошондой эле кредиттик портфелдин көмүртек изин азайтуунун үстүнөн жигердүү иштөөнү улантабыз.


Биз банк катары милдетибиз финансылык кызматтарды көрсөтүү гана эмес, **өзгөрүүлөрдүн драйвери болуу** экендигин баамдап түшүнөбүз. Кардарлар, өнөктөштөр жана коом менен биргеликте биз Кыргызстандын туруктуу, инклюзивдүү жана аз көмүртектүү экономикасын курабыз.

Ишеним артканды жана биздин жалпы ийгилигибизге кошкон салымы үчүн кызматкерлерге, кардарларга, инвесторлорго ыраазычылык билдиребиз. Биз биргеликте ар бирине мүмкүнчүлүктөр жеткиликтүү болгон келечекти курабыз.

Урматтоо менен,

**Уланбек Ногаев,**

«Элдик Банк» ААК
Башкармасынын төрагасы



# БАНК ТУУРАЛУУ

01


Банктын профили 7

Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү 11

2024-жылдагы негизги ESG көрсөткүчтөрү 10

# Банктын профили

«Элдик Банк» ААК – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш жүргүзгөн, универсалдуу коммерциялык банк. Банк жеке жана юридикалык жактар үчүн банктык кызматтардын кеңири спектрин, анын ичинде салттуу жана ислам банктык продукттарын сунуштайт. Негизги басым финансылык чечимдердин жеткиликтүүлүгүнө, ачык-айкындуулугуна жана туруктуулугуна жасалган.

### Юридикалык статусу жана менчик түзүмү

Банк ачык акционердик коом катары катталган. Отчеттук мезгилдин аягына карата бирден бир акционер Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин атынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети болуп саналган.

**Иштин негизги багыттары:**

- Жеке адамдарды, чакан жана орто бизнести кредиттөө
- Долбоордук каржылоо
- Эсептик-кассалык тейлөө
- Депозиттерди тартуу жана жайгаштыруу
- Ислам каржылоо кызматтары (Ислам терезеси)
- Электрондук жана аралыктан банктык сервистер
- Холдинг иши
- Баалуу кагаздарга инвестициялар

### Иштин географиясы

Банк алыскы жана жетишсиз тейленген аймактарды кошо алганда, финансылык жеткиликтүүлүктү камсыз кылуучу кеңири филиалдык тармагы менен Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагы боюнча иш жүргүзөт. 2024-жылдын акырына карата абал боюнча Элдик Банк төмөнкүлөрдү камтыган кеңири филиалдык тармакка ээ болду:

**52** филиал

**41** аманат кассасы

**32** көчмө кассалар

**21** кардарларды тейлөө борбору (КТБ)

Элдик Банктын балансында жана түз тейлөөсүндө негизги операцияларга күнү-түнү жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылган 380 бирдик банкомат болгон.

**380 бирдик банкомат**

Ошондой эле 2023-жылдын 1-сентябрынан тартып Элдик Банк «Айыл Банк» ААК менен макулдашуунун негизинде түзүлгөн достук банкоматтар тармагына катышат. Бул кызматташуу кардарлардын банкомат тармагына кошумча комиссиясыз жетүү мүмкүндүгүн кеңейтүүгө жана алыскы райондордо финансылык инклюзияны жакшыртууга багытталган.

Бул тармак өлкөнүн бардык аймактарын, анын ичинде алыскы жана жетүүгө кыйын болгон калктуу конуштарды камтууну камсыз кылып, калктын жана бизнестин финансылык кызмат көрсөтүүлөргө бирдей жетүү мүмкүндүгүн жаратат.

Банкта

**2 266 кызматкер**

эмгектенет,бул Банкты Кыргызстандын банк секторундагы эң ири жумуш берүүчүлөрдүн бири экендигин көрсөтүүдө.

Элдик Банктын иши мамлекеттик социалдык-экономикалык саясаттын артыкчылыктарын ишке ашырууга, санарип кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүгө, ЧОИни колдоого жана ESG принциптерин илгерилетүүгө багытталган.

## СТРАТЕГИЯЛЫК СЕГМЕНТТЕР ЖАНА КРЕДИТТИК ПОРТФЕЛДИН ТҮЗҮМҮ

Элдик Банк рыноктун бир нече негизги стратегиялык сегменттерине басым жасайт. Кредиттик портфелдин сегменттер боюнча бөлүштүрүлүшү (% менен):

**Портфелди кардарлардын түрү боюнча бөлүштүрүү**



2024-жылдын аягына карата абал боюнча Кыргыз Республикасында банк секторунун кредиттик портфелинин жалпы көлөмү

**340 730 637,42 миң сомду түзгөн.**

Мында Элдик Банктын үлүшү Кыргыз Республикасынын банк секторунун активдеринин жалпы көлөмүнөн

**10,85%ды**

түзгөн.

**Кредиттик портфелди тармактар боюнча бөлүштүрүү:**

| ТАРМАК | МИҢ СОМ | ҮЛҮШ (%) |
|---|---|---|
| Айыл чарба | 10 036 764,93 | 25,5 |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 7 335 353,75 | 18,6 |
| Ипотека | 6 235 455,26 | 15,8 |
| Керектөө кредиттери | 5 174 285,33 | 13,1 |
| Социалдык кызматтар | 3 011 373,46 | 7,6 |
| Өнөр жай | 1 766 725,80 | 4,5 |
| Курулуш | 1 659 051,26 | 4,2 |
| Транспорт | 1 581 513,73 | 4,0 |
| Башкалар | 577 236,90 | 1,5 |
| Финансы-кредит мекемелери | 575 596,43 | 1,5 |
| Лизинг | 526 621,07 | 1,3 |
| Кардарларга финансылык ижара | 503 328,58 | 1,3 |
| Даярдоо, кайра иштетүү жана иштетүү | 400 850,01 | 1,0 |
| Байланыш | 41 403,62 | 0,1 |
| Бардыгы | **39 425 560,13** | **100** |

**Ислам терезесинин алкагында каржылоо портфелин тармактар боюнча бөлүштүрүү:**

| ТАРМАК | МИҢ СОМ | ҮЛҮШ (%) |
|---|---|---|
| Айыл чарба | 145 696,03 | 15,99% |
| Транспорт | 380 667,04 | 41,79% |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 71 472,57 | 7,85% |
| Курулуш | 9 829,44 | 1,08% |
| Ипотека | 295 219,49 | 32,41% |
| Жеке жактарга жеке муктаждыктарга | 8 105,97 | 0,89% |
| БАРДЫГЫ | **910 990,5** | **100,00%** |

Банк Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан лицензияланган жана жөнгө салынат, улуттук жана эл аралык мыйзамдардын талаптарын сактайт, ошондой эле GRI Standards жана IFRS Sustainability Disclosure Standards (S1 жана S2) кошо алганда, туруктуу өнүгүү жаатындагы стандарттарды жетекчиликке алат. Отчеттук мезгилде Элдик Банк өз ишин банк операцияларын улуттук жана чет өлкө валюталарында жүргүзүүгө укук берген, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2017-жылдын 22-июнундагы №033 лицензиясынын негизинде жүргүздү. Мындан тышкары Банк ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүргүзүүгө укуктуу. Бул операциялар 2024-жылдын 5-июнундагы №033/1 лицензиянын негизинде Банктын “ислам терезеси” бөлүмү аркылуу ишке ашырылат.

Ислам принциптерине негизделген каржылоо AAOIFI (Accounting and Auditing Organization for Islamic Financial Institutions) стандарттарына жана Шариаттын ченемдерине ылайык уюштурулган, алардын сакталышы Шариат кеңеши тарабынан көзөмөлдөнөт. Элдик Банк “Глобалдуу системдүү маанилүү банктардын” (Global Systemically Important Banks) тизмегине киргизилген.

Диалогду өнүктүрүү, мыкты практикаларды жана тажрыйбаны алмашуу максатында Элдик Банк бир катар бирикмелердин жана ассоциациялардын, анын ичинде тармактык бирикмелердин катышуучусу болуп саналат. Банк кооперация жана кызматташтык туруктуу өнүгүүнүн эл аралык жана улуттук артыкчылыктарына жана максаттарына жетүүнүн маанилүү фактору деп эсептейт.

## 2024-ЖЫЛДАГЫ НЕГИЗГИ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР ЖАНА ӨНӨКТӨШТҮК

### 1. Жаңы санарип сервистердин рекорддук өсүшү жана ишке киргизилиши

2024-жылы Элдик Банк жылды эң мыкты финансылык жыйынтыктар жана инновациялык демилгелер менен аяктады:

- Уставдык капитал **30%дан** ашык, жалпы активдер – **40%дан** ашык, кредиттик портфель – **32%дан** ашык, ал эми депозиттик база – **33%га** өстү. Жылдын жыйынтыгы боюнча таза пайда **5,8 млрд сомду** түздү.

- • Банк негизги финансылык көрсөткүчтөр боюнча **өлкөнүн топ-3 кредиттик уюмдарынын** катарына кирди: активдер, уставдык капитал, кредиттер жана таза пайда

- Масштабдуу ребрендинг жүргүзүлгөн, **1000ден ашык кызматтарды кармаган жана QR төлөмдөр**, мамкызматтарды төлөө жана которуулар функциялары бар жаңы **«Элдик»** мобилдик тиркемеси ишке киргизилген

- Санарип чечимдерди иштеп чыгуу үчүн **«ЭлТех»** туунду компаниясы түзүлдү; ишкерлер үчүн **«Ишкер24»** платформасы ишке ашырылган; 2023-жылдагы туруктуу өнүгүү жөнүндө отчет даярдалган жана баалуу кагаздар рыногунда депозитардык ишке лицензия алынган.

**2. Жылдын HR бренди катары таануу**

HeadHunter компаниясы тарабынан жүргүзүлгөн **HR бренд Борбордук Азия 2024** престиждүү сыйлыгында Элдик Банк **Кыргызстандын мыкты иш берүүчүсү** деп таанылган. Банк ийкемдүү жана заманбап корпоративдик маданиятты калыптандырууга басым жасаган, инновациялык HR программаларды сунуштаган.

**3. ESG рейтингдери аркылуу эл аралык таануу**

Элдик Банк **S&P Global Corporate Sustainability Assessment 2023** эл аралык ESG-рейтингин алуу менен, Кыргызстанда биринчи банк жана Борбордук Азиядагы алгачкы банктардын бири болду. Жалпы балл: **45** (тармак боюнча орточо – **37**), процентиль (Percentile) – **67** (дүйнөнүн мыкты финансы уюмдарынын топ-үчтөн бири)



# 2024-жылдагы негизги ESG көрсөткүчтөрү

2024-жылдын 31-декабрына карата

## 1. Экономикалык көрсөткүчтөр

| Көрсөткүч | 2024-жылдагы мааниси |
|---|---|
| Түшкөн акча | 10 778 251 миң сом |
| Таза пайда | 5 872 781 миң сом |
| Жалпы активдер | 2023-ж. карата +71% |
| Кредиттик портфелдин өсүшү | 2023-ж. карата +75% |
| Активдер боюнча рыноктун үлүшү | 10,85% |
| ЧОБ кредиттеринин үлүшү | 49% портфель (15,41 млрд сом) |
| Жашыл кредиттөө көлөмү | 361,8 млн сом |
| Социалдык ипотеканын көлөмү | 360,3 млн сом |
| Аялдар ишкердигин каржылоо | 392,6 млн сом |
| ESG-облигацияларды чыгаруу | 200 млн сом жылдык 11% менен |

## 2. Экологиялык көрсөткүчтөр

| Көрсөткүч | 2024-жылдагы мааниси |
|---|---|
| Жалпы ПГ чыгындылары | 130 326 т$CO_2$-экв. (каржылануучу эмиссияларды кошо алган-да) |
| – 1-камтуу | 1 411 т$CO_2$-экв. |
| – 2-камтуу | 945 т$CO_2$-экв. |
| – 3-камтуу | 127 971 т$CO_2$-экв. |
| Каржылануучу чыгындылар (Scope 3, Cat. 15) | 103 508 т$CO_2$-экв. |
| Эмиссияларды эсептөө үчүн кредиттик портфели жабуу | 49% актив |
| 1 млн сом түшкөн акчага карата көмүртек сыйымдуулук | 0,40 т$CO_2$-экв. (Scope 1+2) |
| Кызматкерге карата көмүртек сыйымдуулук | 1,04 т$CO_2$-экв. (Scope 1+2) |
| Энергия керектөө – электр энергиясы | 3 176 176 кВт$_2$с |
| Энергия керектөө – жылуулук энергиясы | 878 Гкал |
| Макулатураны кайра иштетүү | 17 850 кг |
| ЭЖБ долбоорлорунун аркасында чыгындыларды кыскар-туу | −2 767 т$CO_2$-экв./жыл |
| ЭЖБ-долбоорлорунун жашоо циклинде жалпы кыскартуу | −69 178 т$CO_2$-экв. |

## 3. Социальные показатели

| Көрсөткүч | 2024-жылдагы мааниси |
|---|---|
| Кызматкерлердин саны | 2 266 адам |
| Кызматкерлердин арасында аялдардын үлүшү | 59% |
| ESG жана коррупцияга каршы окутуулардын саны | 100% кызматкер окуудан өткөн |
| “Ишкер-Айым” программасынын алкагындагы кредиттердин са-ны | 236 кредит |
| Социалдык ипотеканы каржылоо көлөмү | 373,51 млн сом |
| Мамлизинг программасы боюнча каржылоонун көлөмү | 2 266 адам |
| Айыл чарбасын каржылоо программасына катышуу | 59% |
| АЧК-12 алкагында берилген кредиттердин саны | 100% кызматкер окуудан өткөн |
| Количество выданных кредитов в рамках ФСХ-12 | 236 кредит |

## 4. Башкаруучулук көрсөткүчтөр

| Көрсөткүч | 2024-жылдагы мааниси |
|---|---|
| S&P CSA ESG-рейтинги | 45 балл (тармак боюнча орточо 37) |
| Тармактар боюнча процен-тиль | 67 (өлкөнүн топ-3 банктарында) |
| Көз карандысыз директорлордун саны | 4 |
| Финансы эмес маалыматты ачыкка чыгаруунун деңгээли | GRI + IFRS S1/S2 |

## 5. Basel III көрсөткүчтөрү

- **12,2 млрд сом** биринчи деңгээлде-ги капитал
- **66,1 млрд сом** активдер (балан-стык жана балансtan тышкары бере-нелер)
- **18%** леверидж коэффициенти

# Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү

Элдик Банк негизги кызыкдар тараптар, анын ичинде кардарлар, кызматкерлер, мамлекеттик органдар, өнөктөш уюмдар, жөнгө салуучу органдар, жеткирип берүүчүлөр, донорлор, ошондой эле жарандык коомдун өкүлдөрү менен конструктивдүү жана ачык-айкын өз ара аракеттенүүгө стратегиялык маани берет. Мындай мамиле актуалдуу күтүүлөрдү жана тобокелдиктерди так баалоого негиз болот, бул Банктын бизнес-моделин туруктуу өнүгүү талаптарына ылайыкташтырууга жана ишеним деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк берет.

2024-жылы кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү туруктуу консультациялардын, кардарларды сурамжылоолордун, ички коммуникациялардын, тынымсыз байланыш аркылуу кайтарым байланыштын алкагында, ошондой эле туруктуу өнүгүү программаларын ишке ашыруу процессинде жүргүзүлдү. Мындан тышкары Банк 940тан ашык респонденттерди, анын ичинде ички жана тышкы топторду камтыган, сурамжылоонун алкагында олуттуу ESG-темаларды баалоо процессине кызыкдар тараптарды активдүү тартты.

Тартуунун жыйынтыктары ESG-стратегиянын приоритеттүү багыттарын жана төмөнкүлөрдү камтыган, олуттуу темалардын жаңыртылган тизмегин түзүүдө колдонулду:

- жеке маалыматтарды коргоо жана киберкоопсуздук,
- этика жана коррупцияга каршы күрөшүү,
- ачык-айкындуулук жана отчеттуулук,
- банк ишин жоопкерчиликтүү жүргүзүү,
- жашыл кредиттөөнү жана туруктуу продукттарды өнүктүрүү.

Кызыкдар тараптарды тартуу Банктын ESG-башкарууга карата мамилесинин негизги элементи болуп кала берет. Элдик Банк кызыкдар тараптардын картасын, өз ара аракеттенүү каналдарын жана формаларын жыл сайын кайра карап чыгууну жана тактоону, ошондой эле туруктуу өнүгүүнүн стратегиялык демилгелерине кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн жигердүү катышуусун камсыз кылууну пландайт.

Кызыкдар тараптарды тартуу Элдик Банкта корпоративдик башкаруу жана туруктуулукту башкаруу системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Банктын стейкхолдерлер менен өз ара аракеттенүүгө мамилеси отчеттуулуктун эл аралык стандарттарында каралгандай, инклюзивдүүлүк, транспаренттүүлүк, туруктуулук жана кош олуттуулук принциптерине негизделген.

### Кызыкдар тараптарды идентификациялоо

2024-жылы Банк кызыкдар тараптардын карталарын жаңыртууну жүргүздү, ага төмөнкүлөр кирди:

- **Ички:** кызматкерлер, башкарма, директорлор кеңешинин мүчөлөрү, туунду компаниялар;
- **Тышкы:** кардарлар, өнөктөш уюмдар, жөнгө салуучу органдар, мамлекеттик органдар, жеткирип берүүчүлөр, инвесторлор, донорлор, эл аралык финансы уюмдары, ӨЭУ жана жергиликтүү жамааттар.

### Тартуунун максаты

Кызыкдар тараптарды тартуу төмөнкүлөргө багытталган:

- стратегиялык ESG-багыттар боюнча кайтарым байланышты алуу;
- кош олуттуулукту эске алуу менен олуттуу темаларды аныктоо;
- социалдык, экологиялык жана этикалык жоопкерчилик менен байланыштуу тобокелдиктерди азайтуу;
- кардарлардын жана коомдун күтүүлөрүнө жооп берген, продукттардын жана кызматтардын натыйжалуулугун жогорулатуу.

### Тартуу формалары жана каналдары

2024-жылы өз ара аракеттенүүнүн төмөнкүдөй формалары колдонулган:

- 942 респонденттин катышуусу менен олуттуу ESG-темаларды баалоо боюнча онлайн-сурамжылоо;
- Негизги ички жана тышкы кызыкдар тараптар менен интервью;
- Тынымсыз байланыш, кайтарым байланыштын электрондук формалары;
- Донорлор, аудиторлор, министрликтер жана Улуттук банк менен жумушчу жолугушуулар;
- Кардарлар кеңселери, фокус-топтор, социалдык тармактар аркылуу кайтарым байланыш.

Жыйынтыктарды башкаруу жана отчеттуулук процесстерине интеграциялоо

Тартуунун жыйынтыктары төмөнкүлөр үчүн колдонулган:

- ESG-стратегияны түзүү жана приоритеттүү темаларды аныктоо;
- аныкталган күтүүлөргө жана тобокелдиктерге ылайык ички саясаттарды жана жол-жоболорду адаптациялоо;
- KPI системаны жана узак мөөнөттүү максаттуу көрсөткүчтөрдү куруу;
- отчеттуулук жана башка каналдар аркылуу кызыкдар тараптарга үзгүлтүксүз маалымат берүү.

### 2025-жылга пландар

Банк пландайт:

- стейкхолдерлерди системалуу тартуу механизмин өркүндөтүү;
- камтууну жана сурамжылоолордун репрезентативдүүлүгүн кеңейтүү;
- стратегиялык пландаштыруу процессине кызыкдар тараптардын катышуусун камсыз кылуу;
- тыянактарды ички тобокелдик-менеджмент системасына жана отчеттуулукка интеграциялоо.
- кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү




| Кызыкдар тараптардын тобу | Өз ара аракеттенүүнүн формасы | Тартуу максаты | 2024-жылы тартуунун жыйынтыктары |
|---|---|---|---|
| **Жөнгө салуучулар жана мамлекеттик органдар** | Туруктуу отчеттор, жумушчу жолугушуулар, тегерек үстөлдөргө катышуу | Ченемдик талаптарды сактоо, тобокелдиктерди тескөө системасын жакшыртуу | Тобокелдиктерди тескөө жана отчеттуу-лук боюнча саясат жаңыртылды |
| **Инвесторлор жана эл аралык уюмдар** | Стратегиялык консультациялар, донордук жолугушуулар, аудиттер, отчёттуулук | Каржылоону тартуу, туруктуулуктун эл аралык стандарттарын интеграциялоо | ESG-каржылоо боюнча сунуштамалар алынды, кызматташтык кеңейтилди |
| **Жергиликтүү коомдоштуктар жана ӨЭУ** | Фокус-топтор, социалдык долбоорлор, сурамжылоолор, тегерек үстөлдөр | Социалдык тобокелдиктерди баалоо, туруктуу өнүгүү программаларын ишке ашыруу | Жоопкерчиликтүү бизнес жана жашыл продукттарды колдоо темасы бекитилген |

## Отчеттук мезгилде кызыкдар тараптар үчүн экономикалык наркты түзүү

| Индикатор | Эмнени камтыйт | миң сом |
|---|---|---|
| **Түшкөн акча** | Отчеттук мезгилдеги кирешелердин жалпы суммасы, анын ичинде пайыздык, комиссиялык жана инвести-циялык кирешелер | 11 778 251 |
| **Операциялык чыгымдар** | Жыйынды чыгымдар, анын ичинде эмгек акы, ижара, МТ, кардарларды тейлөө | 4 230 222 |
| **Капиталдын провайдерлерине төлөмдөр** | Акционерлерге дивиденддер | 2 472 620 |
| **Төлөнгөн салыктар** | Пайдага салык | 675 248 |





# ЭЛДИК БАНКТАГЫ ESG-СТРАТЕГИЯ

02


Элдик Банктагы ESG-стратегия 14

Олуттуулукту баалоо 16

Жашыл жана социалдык жоопкерчиликтүү каржылоо 21

Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүдө Элдик Банктын салымы 24

# Элдик Банктагы ESG-стратегия

### Туруктуу өнүгүүнү стратегиялык интеграциялоо

Туруктуу өнүгүү Элдик Банктын стратегиялык багытынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Экологиялык, социалдык жана корпоративдик жоопкерчиликтин принциптери (ESG) стартегиялык пландаштыруудан жана тобокелдиктерди тескөөдөн тартып продуктарды иштеп чыгууга жана кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүүгө чейин Банктын бизнес-моделинин негизги процесстерине киргизилген.

Банк ESG-стратегияны беш өз ара байланыштуу компоненттердин негизинде ишке ашырат:

- **Туруктуулукту институтташтыруу** – Туруктуу өнүгүү боюнча департамент (ESG) бекитилген, ички ченемдик документтер иштелип чыккан жана киргизилген, Директор кеңешинин деңгээлинде туруктуу өнүгүү боюнча комитет жана жол-жоболор бекитилген;
- **ESG-тобокелдиктерди башкаруу** – Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди тескөө системасы (ЭСТТС) киргизилген;
- **Продукттар линейкасы** – "жашыл" жана социалдык каржылоо чөйрөсүндө адистештирилген финансы продукттары ишке ашырылат;
- **Бирге иштөөчүлүк жана өнөктөштүк** – эл аралык жана улуттук уюмдар менен кызматташтык жигердүү өнүгүп жатат;
- **Метрикалар жана отчеттуулук** – көмүртек изине жана туруктуу өнүгүү боюнча отчеттуулукка мониторинг жүргүзүлөт.

### Туруктуу өсүш көз карашы

Элдик Банк үчүн туруктуу өсүш финансылык натыйжалуулукка жетүүнү гана эмес, коомго жана айлана-чөйрөгө оң таасирди жаратууну дагы билдирет. Бул көз караш Туруктуу өнүгүү максаттарын (ТӨМ) колдоого, Париж макулдашуусу боюнча милдеттенмелерин аткарууга жана финансы секторун туруктуу трансформациялоого негизделген.

Банк төмөнкүлөргө умтулат:

- Бардык кызыкдар тараптар үчүн баалуулукту түзүү менен, **кирешелүүлүк менен жоопкерчиликтин ортосундагы тең салмактуулукка;**
- **Инклюзивдүү өнүгүүнү колдоого** – өзгөчө аймактык контекстте, каржылоого жетүү мүмкүндүгүн кеңейтүү жана социалдык маанилүү долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу;
- **Экологиялык жоопкерчиликке** – көмүртек изин азайтуу, "жашыл" продукттарды өнүктүрүү жана климаттык өзгөрүүлөргө ыңгайлашууга көмөктөшкөн долбоорлорду каржылоо аркылуу;
- **Инновацияларга жана өнөктөштүккө** – эл аралык жана улуттук өнөктөштөр менен бирге туруктуу өнүгүү үчүн жаңы чечимдерди илгерилетүү.

**Элдик Банк үчүн туруктуу өнүгүү – бул миссиянын бир бөлүгү жана адилеттүү, инклюзивдүү жана климаттык коопсуз келечекти камсыз кылуу үчүн инструментарий болуп саналган, демилгелердин топтому.**

**Биз финансы секторун аз көмүртектүү, туруктуу жана инклюзивдүү экономика тарабына трансформациялоодо ролубузду түшүнөбүз.**

## СТРАТЕГИЯ

### ESG стратегиясынын масштабы жана түзүмү

Элдик Банктын ESG-стратегиясы Банктын ишинин бардык деңгээлдерин – корпоративдик башкаруудан жана кредиттик саясаттан баштап күнүмдүк операциялык практикага жана тышкы өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүгө чейин бардык деңгээлдерин камтыган, так түзүлгөн архитектурага ээ. Стратегиянын негизин үч өз ара байланыштуу багыттар түзөт: **экология, социалдык чөйрө жана корпоративдик башкаруу.**

### Элдик Банктын ESG-стратегиясынын үч стратагиялык түркүгү

**1. Экологиялык жоопкерчилик (Environmental):**

- Энергиялык майнаптуулук, энергиянын кайра жаралуучу булактары жана туруктуу айыл чарбасы сыяктуу "жашыл" долбоорлорду каржылоо.
- Банктык кызматтарды санариптештирүү жана кеңселердеги энергиялык майнаптуу чараларды кошо алганда, жеке көмүртектин изин азайтуу.
- Ички бекитилген методикалардын негизинде кредиттик талдоого жана инвестициялык чечимдерге ESG-критерийлерди киргизүү, анын ичинде Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди башкаруу системасынын (ЭСТТС) алкагында экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди эсепке алуу, ошондой эле тиешелүү кредиттик продукттарды түзүмдөштүрүүдө туруктуу каржылоонун улуттук таксономиясын колдонуу.

**2. Социалдык өнүгүү (Social):**

- Микробизнести, чакан жана орто бизнести, ошондой эле калктын аялуу топторун колдоо, анын ичинде "Ишкер-Айым" жана айыл чарбасындагы жеңилдетилген каржылоо сыяктуу программалар аркылуу.

- Айыл жергесинде бөлүмдөрдүн жана аралыктан иштеген сервистердин аймактык тармагын өнүктүрүү аркылуу инклюзивдик финансыны илгерилетүү.
- Кызматкерлердин кызыккандыгын жогорулатуу: окутууга инвестиция салуу, медициналык камсыздандырууга жетүү мүмкүндүгү, карьерада тең мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу.

### 3. Корпоративдик башкаруу (Governance):

- Коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу жана ички процесстердин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу.
- ESG жаатында эл аралык жана улуттук стандарттарды сактоо.
- Экологиялык, социалдык жана башкаруучулук тобокелдиктерди эске алган, натыйжалуу тобокелдик-менеджмент системасы.

## Топто ESG киргизүүгө карата бирдиктүү мамиле

ESG-принциптери **бардык банктык топтордун деңгээлинде,** анын ичинде туунду компанияларда жана филиалдарда киргизилген. Атап айтканда:

- Бардык түзүмдүк бөлүмдөрдө кредиттөөдө жана инвестиция салууда ESG-баалоого **бирдиктүү мамилелер** колдонулат.
- Туунду түзүмдөр үчүн (мисалы, лизинг компаниясы) айыл чарба техникасынын **"жашыл лизингин"** киргизүүнү кошо алганда, ESG-критерийлери ыңгайлаштырылган.
- Топтук отчеттуулуктун алкагында **ESG-метрикаларга жана ESG-максаттарды аткарууга** үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү уюштурулган.

## Туруктуу өнүгүү принциптерин жөнгө салуучу документтер

### Ички документтер:

- Элдик Банктын айкын ESG-саясаты өзүнө Банктын расмий веб-сайтында жеткиликтүү болгон, бекитилген **Туруктуу өнүгүү саясатында** (стратегиялык базалык документ) чагылдырылган, так түзүлгөн туруктуу каржылоо максаттарын жана принциптерин камтыйт. Бул саясат туруктуу өнүгүү факторлорду бардык негизги процесстерге – кредит жана инвестиция долбоорлорун баалоодон тартып операциялык башкарууга чейин интеграциялоо принциптерин жөнгө салат, ошондой эле туруктуу каржылоо чөйрөсүндөгү эл аралык жана улуттук стандарттарга ылайык келет.
- Экологиялык жана социалдык саясат
- Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди текшерүү системасы (ЭСТТС)
- Гендердик саясат
- Туруктуу өнүгүү боюнча комитет жөнүндө жобо
- Туруктуу өнүгүү боюнча департаменттин регламенти
- ESG-критерийлерди камтыган кредит саясаты
- Коррупцияга каршы жоболор менен корпоративдик этика кодекси
- Контрагенттин ишкер этика кодекси
- Коррупцияга каршы саясат
- Жеке маалыматтар жаатындагы саясат

### Тышкы стандарттар жана алкактык багыттар:

- БУУнун туруктуу өнүгүү максаттары (SDGs) – Элдик Банк 14 приоритеттүү ТӨМга багыт алат
- Улуттук аныкталуучу салым (NDCs) жана Париж макулдашуусу
- IFC экологиялык жана социалдык стандарттары (Environmental and Social Performance Standards)
- 2023-жылдан тартып Элдик Банк БУУнун Глобалдык келишимине (UN GlobalCompact) катышат жана коррупцияга каршы аракеттенүү, эмгек мамилелери, адам укуктары жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатында анын 10 принцибин сактайт, аларды өзүнүн күнүмдүк ишине интеграциялайт. Банк БУУнун Глобалдык келишиминин принциптерин кызыкдар тараптардын арасында жайылтууга жана популяризациялоого умтулат.
- GRI глобалдык стандарттар (Global Reporting Initiative) – Банктын финансылык эмес (туруктуу) отчетторун даярдоо үчүн негиз катары колдонулат.
- IFRS S1 жана S2 туруктуу өнүгүү жаатындагы отчеттуулуктун эл аралык стандарттары,
- Жоопкерчиликтүү инвестициялоо принциптери (PRI)
- БУУнун айлана-чөйрө боюнча программасынын демилгеси – UNEP FI (UN Environment Programme Finance Initiative)
- Жашыл климаттык фонддун талаптары (Green Climate Fund, GCF)
- Айлана-чөйрөнү коргоо, бизнестин социалдык жоопкерчилиги жана туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары.

### Туруктуу өнүгүүнү кредиттин жана инвестициялык ишке интеграциялоо

Элдик Банк кредиттерди берүү, лизинг, инвестициялар жана карыздык инструменттерди чыгаруу боюнча өз ишинин алкагында туруктуу каржылоонун бирдиктүү принциптерин колдонот. Банк саясаты төмөнкүлөрдү карайт:

- Белгиленген чек маанилерден ашкан долбоорлор (100 млн сом) үчүн **милдеттүү ESG-баалоо;**
- Улуттук таксономияга жана/же эл аралык климаттык фонддордун критерийлерине (GCF, EBRD, IFC ж.б.) ылайык келген, **жашыл жана социалдык долбоорлорду приоритеттештирүү;**
- **Продукт линейкасын өнүктүрүү,** анын ичинде жашыл кредиттөө, туруктуу ислам каржылоосу жана ESG-облигацияларды чыгаруу;
- Аз көмүртектүү экономикага өтүүнү бирге лешип каржылоо үчүн **эл аралык өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүү.**



# Олуттуулукту баалоо

Элдик Банктын туруктуу өнүгүү жөнүндө отчетун даярдоо үчүн 2021-жылдын редакциясындагы GRI стандарттарынын талаптарына жооп берген олуттуу темалар аныкталган. Бул темаларды аныктоо процессинде Банктын таасирин ички талдоо, ошондой эле анын кызыкдар тараптарынын кызыкчылыктары жана күтүүлөрү эске алынган. Банк жыл сайын олуттуу темаларды кайра кароону жана талоону, кош олуттуулук принцибин жетекчиликке алууну пландайт.

**Олуттуу темаларды аныктоо этаптары**

Отчет үчүн олуттуу темаларды аныктоо үч негизги этап аркылуу өттү:

Биринчи этап: Кош олуттуулук принцибинин негизинде туруктуу өнүгүү жаатында потенциалдуу олуттуу темалардын кеңейтилген тизмесин түзүү. Бул этап өзүнө негизги тармактык тенденцияларды, банк-аналогдордун жана салыштырмалуу уюмдардын практикасын талдоону, Банктын бизнес-модели үчүн тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү баалоону, ошондой эле Элдик Банктын менеджерлери жана кызматкерлери менен интервьюнун жыйынтыктарын камтыды. Маанилүү аспект Банктын өзүнүн ишине жана негизги кызыкдар тараптардын ишине оң жана терс таасирин аныктоо болду.

Экинчи этап: Эксперттердин пикирлеринин жана негизги кызыкдар тараптарды сурамжылоонун жыйынтыктарынын негизинде олуттуу темалардын тизмесин толук аныктоо. Бул темалар Банктын экономикага, айлана-чөйрөгө жана бүтүндөй коомго тийгизген негизги таасирин, анын ичинде адам укуктарына байланыштуу аспекттерди чагылдырган. Бул этапта кызыкдар тараптардын кеңири чөйрөсүнүн арасында олуттуулук боюнча сурамжылоо жүргүзүлгөн.

Үчүнчү этап: Олуттуу темалардын приоритеттүүлүгүн тактоо, жыйынтыктоочу талкууну жүргүзүү жана Банк Башкармасы тарабынан темалардын тизмесин бекитүү. Материалдуулукка баа берүүнүн жыйынтыктары Директорлор кеңеши тарабынан 23.10.2025-ж. 2024-жылдагы туруктуу өнүгүү боюнча отчеттун кабыл алынышынын алкагында каралды жана бекитилди.

Төртүнчү этап: Аныкталган экологиялык, социалдык жана башкаруучулук артыкчылыктарды кошо алганда, олуттуу темаларды баалоонун жыйынтыктары Элдик Банктын тобокелдиктерди тескөө системасына интеграцияланат. Баалоонун жүрүшүндө аныкталган олуттуу тобокелдиктер операция, стратегия жана аброй тобокелдиктеринин учурдагы категориялары менен салыштырылат, бул башкаруучулук чечимдерди кабыл алууда, Банктын тобокелдик профилин пландаштырууда жана башкарууда туруктуу факторлордун эске алынышын камсыз кылат. Материалдуулукту баалоо жөнүндө маалымат тобокелдик картасын үзгүлтүксүз жаңыртып туруу жана стратегиялык пландаштыруу процессин өркүндөтүү үчүн колдонулат.

Процесстин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн Банк туруктуу өнүгүү боюнча тышкы консультанттар менен кызматташты, бул Банк үчүн да, анын кызыкдар тараптары үчүн да маанилүү темаларды так аныктоодо жардам берди.

**ESG олуттуулугун баалоо боюнча сурамжылоо**

Иши жана туруктуу өнүгүү стратегиясы үчүн эң актуалдуу ESG аспекттерди аныктоо жана приоритеттештирүү үчүн Элдик Банк олуттуулукту комплекстүү баалоону жүргүзгөн. Сурамжылоо кызыкдар тараптардын кеңири чөйрөсүн камтыган, түзүмдөлгөн сандык изилдөө катары түзүлгөн. Бардыгы болуп сурамжылоого 942 респондент катышкан, алардын ичинде:

**91,84%** — Банктын жана туунду компаниялардын кызматкерлери;

**3,87%** — чечим кабыл алуучу адамдар жана жогорку жетекчилик;

**0,86%** — кардарлар;

**0,11%** — өнөктөш уюмдар


**0,64%** — өнөктөш уюмдар;

**2,69%** — башка кызыкдар тараптар

Катышуучулар беш баллдык шкала боюнча “Анчалык эместен” (1) “Өтө маанилүүгө” (5) чейин 17 негизги ESG темаларын баалашкан. Баалоо эки өз ара толуктоочу көрсөткүчтөр боюнча жүргүзүлгөн:

- Маанилүүлүктүн орточо өлчөнгөн көрсөткүчү – ар бир тема боюнча орточо рейтинг.
- Кардарлардын канааттангандык көрсөткүчү (CSAT) – нейтралдуу жана терс жоопторду эске алуу менен тууралланган, оң пикирлерлин пайызы.

Метрикаларга карата мындай кош ыкма Банкка кабыл алынган темалардын маанилүүлүгүн, ошондой эле алардын ар бири боюнча канааттангандык деңгээлин баалоого мүмкүндүк берди.



## Адамдар жана коомдоштуктар / Социалдык аспекттер

1. **Кызматкерлерге камкордук: мотивация жана өнүктүрүү**
   Банк кызматкерлер үчүн окутууну, адилеттүү эмгек акыны жана карьералык өсүштү кантип камсыз кылат.
2. **Финансы продукттарынын жеткиликтүүлүгү жана санариптештирүү**
   Санарип чечимдердин жардамында бардыгы үчүн, анын ичинде аялуу топтор үчүн банктык кызматтарга жетүү мүмкүндүгүн кеңейтүү.
3. **Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу жана саламаттыгы**
   Кеңселерде коопсуз чөйрөнү түзүү, ошондой эле онлайн-мейкиндикте кардарларды коргоо.
4. **Социалдык таасир жана кайрымдуулук**
   Банктын жергиликтүү коомдоштуктардын жашоосуна катышуусу: волонтерлук, жардам, экономикалык колдоо.
5. **Адам укуктары жана басмырлоого жол берилбестик**
   Кызматкерлер арасында да, кардарлар арасында да теңдикти жана укуктарды урматтоону камсыз кылуу.
6. **Жеке маалыматтарды коргоо жана киберкоопсуздук**
   Кардарлардын жеке маалыматын ишенимдүү сактоо жана санарип коркунучтардан коргоо.

## Планета / Экологиялык аспекттер

7. **Ресурстарды натыйжалуу пайдалануу жана калдыктарды башкаруу**
   Энергияны, сууну жана жаратылыш ресурстарын керектөөнү кыскартуу, ошондой эле калдыктардын өлчөмүн азайтуу.
8. **Булгануулары жана парник газдарынын чыгындыларын азайтуу**
   Климаттын өзгөрүшүнө өзүнүн таасирин азайтуу боюнча банктын аракеттери.
9. **Жашыл кредиттөөнү жана продукттарды өнүктүрүү**
   Экологиялык таза жана туруктуу өнүгүүгө шарт түзгөн финансылык чечимдерди илгерилетүү.
10. **Кредиттөөдө климаттык тобокелдиктерди эсепке алуу**
    Кредиттерди берүүдө климаттык жана экологиялык факторлордун потенциалдуу таасирин талдоо.
11. **Биологиялык ар түрдүүлүк боюнча долбоорлорду колдоо**
    Экосистемаларды жана жаратылыш ландшафттарын сактоо боюнча долбоорлорду каржылоо же колдоо.

## Жоопкерчиликтүү бизнес / Башкаруу аспекттери

12. **Корпоративдик башкаруу**
    Чечимдерди кабыл алуудагы жана банктын жетектөөчү органдарынын ишиндеги ачык-айкындуулук жана натыйжалуулук.
13. **Тобокелдиктерди тескөө**
    Финансылык, юридикалык жана операциялык тобокелдиктерди аныктоо жана алдын алуу.
14. **Этика жана коррупция менен күрөшүү**
    Ишкер этиканын ченемдерин сактоо, коррупцияга каршы чаралар, салыктык жана сатып алуу ак ниеттүүлүгү.
15. **Ачык-айкындуулук жана отчеттуулук**
    Кардарлар, өнөктөштөр жана коом үчүн банктын иши жөнүндө ачык жана туура маалыматты берүү.
16. **Банк ишин жоопкерчиликтүү жүргүзүү**
    Туруктуу өнүгүүнү жана бизнес-чечимдердин бардык аспекттеринде кардарлардын кызыкчылыктарын эске алуу.
17. **Санарип трансформация жана инновациялар –**
    туруктуулукту жана тейлөө сапатын жогорулатуу үчүн банк жаңы технологияларды канчалык өнүктүрүп жатат.

### Жалпы жыйынтыктар

Бардык темалар боюнча жалпы орточо рейтинг 5тен 4,41ди түздү (бул он баллдык шкала боюнча 8,85/10 эквиваленттүү), ал эми CSAT жалпы баллы 87,42%ды түздү, бул ESG интеграциясынын маанилүүлүгүнө карата кызыкдар тараптардын күчтүү бир пикирдүүлүгүн тастыктайт.

### Приоритеттүү темалар

CSAT эң жогоркудан эң төмөнкү баллга карай ылгоо боюнча эң рейтинги жогору темалар төмөнкүлөр болду:

- Жеке маалыматтарды коргоо жана киберкоопсуздук – CSAT 95,01%, рейтинг 4,73
- Ачык-айкындуулук жана отчеттуулук – CSAT 94,16%, рейтинг 4,62
- Этика жана коррупция менен күрөшүү – CSAT 93,84%, рейтинг 4,66
- Жоопкерчиликтүү банктык практика – CSAT 92,57%, рейтинг 4,55
- Тобокелдиктерди тескөө – CSAT 90,45%, рейтинг 4,49
- Экологиялык кредиттөө жана продукттар – CSAT 89,49%, рейтинг 4,50
- Корпоративдик башкаруу – CSAT 88,22%, рейтинг 4,44

## Ички жана тышкы кызыкдар тараптардын баалоолору боюнча ESG-темаларынын приоритеттүүлүгү



Көрсөтүлгөн диаграммада олуттуулукту баалоонун алкагында "Элдик" Банка кызыкдар тараптардын ар кандай категорияларынын арасында жүргүзүлгөн 17 ESG-теманы баалоонун жыйынтыктары берилген.

**X огу боюнча ички кызыкдар тараптардын** (кызматкерлерди жана жетекчиликти кошо алганда), ал эми **Y огу боюнча – тышкы кызыкдар тараптардын** (кардарларды, өнөктөштөрдү, мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн ж.б. кошо алганда) орточо баасы чагылдырылган.

Графиктеги ар бир чекит өзүнчө тема болуп саналат. Жалпы баалоо боюнча **Топ-5 эң приоритеттүү темалар** (эки топту эске алганда) **оң тараптагы үстүңкү бурчта** жайгашкан **тегеректер** менен белгиленген. Алар ички да, тышкы да кызыкдар тараптардан жогорку бааны алышкан.

Бул аспекттердин ар бири үчүн Банк төмөнкүлөрдү камтыган комплекстүү ыкманы иштеп чыккан:

- тышкы чөйрөнүн жана ички стратегиялык багыттардын көз карашынан алардын актуалдуулугун негиздөө;
- тиешелүү тобокелдиктерди тескөөгө жана мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууга багытталган конкреттүү бизнес-стратегиялар, демилгелер жана продукттар;
- кыска мөөнөттүү да (2025-жылга чейин), узак мөөнөттүү да (2027-жылга чейин) горизонтторго максаттуу көрсөткүчтөрдү, анын ичинде сандык жана сапаттык индикаторлорду белгилөө;
- билдирилген максаттарга жетүү боюнча прогресске мониторинг жүргүзүү.

Төмөн жакта беш приоритеттүү ESG-багыттын ар бири боюнча түзүмдөлгөнүкмаы көрсөтүүү таблица берилген.

| № | ESG-Тема | Маанилүүлүктүн орточо баллы |
|---|---|---|
| 1 | Жеке маалыматтарды жана киберкоопсуздукту кор-гоо | 4.73 |
| 2 | Этика жана коррупция менен күрөшүү | 4.66 |
| 3 | Ачык-айкындуулук жана отчеттуулук | 4.62 |
| 4 | Банк ишин жоопкерчиликтүү жүргүзүү | 4.56 |
| 5 | Жашыл кредиттөөнү жана продукттарды өнүктүрүү | 4.50 |



| Приоритеттүү аспектинин категориясы | Аныктоо / Кызыкдар тараптарга таасири | Бизнеске таасири (чыгым/киреше/ тобокелдик) | Актуалдуулугун негиздөө | Стратегиялар, демилгелер, продукттар | Узак мөөнөттүү максат | Жакынкы максат | Максаттуу көрсөткүчтөр боюнча прогресс |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Киберкоопсуздук жана жеке маалыматтарды коргоо** | Маалымат системаларын жана кардарлардын, кызматкерлердин жана өнөктөштөрдүн жеке маалыматтарын ишенимдүү коргоону камсыз кылуу. Таасири: кардарлардын ишенимин жогорулатуу, алдамчылык жана маалыматтардын чыпп кетүү тобокелдигин азайтуу, купуялуулук жана санариптик коопсуздук укуктарын сактоо | Операция жана аброй тобокелдиктерин азайтуу; кибеинциденттердин кесепеттерин жоюуга чыгымдарды азайтуу | Санариптештирүүнүн жана маалыматтык ко-опсуздук коркунучтарынын өсүшү; жөнгө салуу талаптарын күчөтүү | Киберкоргоо системаларын киргизүү, кызматкерлерди окутуу, коркунучтарга мониторинг жүргүзүү (Киберкоопсуздук жана жеке маалыматтарды коргоо бөлүмүн караңыз) | 2027 | 2025-жыл - ISO/IEC 27001 стандартына шайкештикке жетишүү жана тиешелүү тастыктаманы алуу. | Маалымат коопсуздугунун көп деңгээлдүү системасы киргизилген; персоналды окутуу жүргүзүлгөн |
| **Этика жана коррупция менен күрөшүү** | Ишкер этиканын жогорку стандарттарын жактоочулук, коррупциялык практиканын жана кызыкчылыктардын кагылышынын алдын алуу. Таасир: абройду жана акционерлер, кардарлар жана жөнгө салуучулар тарабынан ишенимди жогорулатуу, адилеттүү ишкер чөйрөнү түзүү. | Жөнгө салуу жана аброй тобокелдиктерин азайтуу; кардарлардын жана акционерлердин кызыкчылыктарын коргоо | Чынчылдыкка жана ачык-айкындуулукка социалдык суроо-талап, эл аралык стандарттардын алкагындагы милдеттенмелер | Этика кодекси, коррупцияга каршы жол-жоболор, персоналды окутуу, комплаенс-контроль (Биздин корпоративдик маданият жана этикалык стандарттар бөлүмүн караңыз) | 2027 | 2025 – 100% кызматкер коррупцияга каршы жана жүрүм-турум этикасы боюнча ар жылдык окуудан өтүшкөн (%) | Комплаенс-контроль департаменти иштейт; ички регламенттер кабыл алынган; үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүлөт |
| **Ачык-айкындуулук жана отчеттуулук** | Финансылык жана финансылык эмес отчетту кошо алганда, Банктын иши жөнүндө маалыматты толук жана өз убагында аныктоо, ошондой эле кызыкдар тараптар менен ачык диалог жүргүзүү. Таасири: коомдун, инвесторлордун жана кардарлардын ишенимин жогорулатуу, инвестициялык жагымдуулукту жакшыртуу. | Инвесторлордун жана кардарлардын ишенимин жогорулатуу; жөнгө салуу тобокелдиктерин азайтуу | Фонд рыногуна ка-тышуу ачыктыкты талап кылат; корпо-ративдик башкаруу принциптерин сактоо | Маалыматты ачыкка чыгаруу, көз карандысыз директорлор, ички аудит, Кеңештин комитеттери (Корпоративдик башкаруу бөлүмүн караңыз) | 2027 | 2025 – GRI жана IFRS S1/S2 эл аралык стандарттары боюнча финансылык эмес маалыматты ачыкка чыгаруу ESG рейтингди алуу | Көз карандысыз директорлордун болушун камсыздоо, Ички аудит департаменти иштейт, корпоративдик отчеттуулук ачыкталат |
| **Банк ишин жоопкерчиликтүү жүргүзүү** | Чынчылдык, басмырлоого жол бербөө, ашыкча кредит алууга жол бербөө жана кардарлардын кызыкчылыктарын коргоо принциптеринде финансылык кызматтарды көрсөтүү. Таасири: кардарлардын финансылык туруктуулугун жогорулатуу, узак мөөнөттүү өнөктөштүк мамилелерди түзүү, аялуу топторду коргоо. | Кардарлардын лоялдуулугун жогорулатуу; даттанууларды жана жөнгө салуу санкцияларын минималдаштыруу | Кардарга багыттал-гандык негизги ата-андаштык артыкчы-лык катары; кërektöөчүлүк коргоо стандарттарынын сакталышы | Тейлөө сапатынын стандарттары жөнүндө жобо, кардарлардын колдоо, даттанууларды талдоо (Финансы кызматтарынын инклюзивдүүлүгү жана кардарлардын кызыкчылыктарын коргоо, ошондой эле Жашыл жана социалдык жоопкерчиликтүү каржылоо бөлүмдөрүн караңыз) | 2027 | 2025 – кардарлардын 100% кайрылуулары белгиленген мөөнөттө чечүү | Тейлөө стандарттары киргизилген, омниканалдык колдоо жакшыртылган, даттанууларды жана сунуштарды эсепке алуу камсыз кылынган |
| **Жашыл кредиттөөнү жана продуктуларды өнүктүрүү** | Аз көмүртектүү экономикага өтүүгө түрткү берген финансы продуктуларын киргизүү жана илгерилетүү (мисалы, кайра жаралуучу энергетикага кредиттер, энергиялык майнаптуулук, экологиялык технологиялар). Таасири: көмүртектин изин азайтууда кардарларды колдоо, туруктуу каржылоо рыногунда Банктын позициясын бекемдөө, климаттык максат-тарга жетүүгө салым кошуу. | Жаңы сегменттердин эсебинен кирешелердин өсүшү; туруктуу каржылоого жетүү мүмкүндүгү | Туруктуу өнүгүүгө эл аралык жана мамлекеттик багыттар; ESG-продуктуларга суроо-талап | Ислам каржылоосу боюнча программалар, жаңы ESG-продуктуларды иштеп чыгуу (Жашыл жана социалдык жоопкерчиликтүү каржылоо бөлүмүн караңыз) | 2027 | 2025 – 400 млн сомдон ашык - жашыл жана социалдык максаттарга берилген кредиттердин көлөмү | Жаңы продуктулар иште-лип чыккан; 200 млн сомго ESG облигациялар чыгарылган |

# Жашыл жана социалдык жоопкерчиликтүү каржылоо

Элдик Банк айлана-чөйрөгө терс таасирин азайтууга багытталган иш үчүн каржылоону камсыз кылуу жана өзүнүн кардарларына туруктуу өнүгүү жаатындагы максаттарга жетүүгө көмөктөшүү аркылуу туруктуу долбоорлорду жана бизнести колдоого жигердүү умтулат. Банк финансы сектору капиталды сунуштоочу катары Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүдө жана аз көмүртектүү жана ресурстарды үнөмдөөчү экономикага ийгиликтүү өтүүдө чечүүчү ролду ойной турганын тааныйт. Туруктуу долбоорлорду каржылоо жана кардарлардын ESG-трансформациясына көмөк көрсөтүү менен Элдик Банк айлана-чөйрөгө жана социалдык процесстерге өзүнүн кыйыр таасирин башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатат.

Кредиттик талдоо үчүн, ошондой эле бардык/көпчүлүк/басымдуу көпчүлүк пассивдүү жана активдүү инвестициялык чечимдер үчүн Банк ички бекитилген методиканы, анын ичинде Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди текшерүү системасын (ЭСТТС), ошондой эле тиешелүү кредиттик продукттарды түзүмдөштүрүүдө Кыргыз Республикасынын Жашыл таксономиясын колдонуунун алкагында экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди эсепке алууну пайдаланат. ЭСТТС экологиялык, социалдык факторлорду жана башкаруу факторлорун (ESG баалоо) аныктайт, бул талаптагыдай сактык жол-жобосу (Corporate Due Diligence) жана "Өз кардарыңды бил" жол-жобосу (Know Your Customer) аркылуу бул факторлорго инвестициялык чечимдердин таасирин өлчөөгө жана баалоого мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда Банктын Туруктуу өнүгүү саясаты экологиялык жана социалдык чөйрөлөргө таасир этүү көз карашынан алганда терс деп эсептелген 11 категориядан турган, каржылоо үчүн алып салуулар тизмегин аныктайт. Мисалы, Банк чийки мунайды жана көмүрдү чалгындоону жана казып алууну, тамеки, курал-жарак, сымап өндүрүүгө байланыштуу бизнести, жапайы фаунанын жана флоранын түрлөрүн сатууну каржылоону чыгарып салат. Мындан тышкары Банк жогорку экологиялык, климаттык жана социалдык тобокелдиктери жана терс таасири бар кардарларды жана долбоорлорду каржылоону ишке ашырбайт же олуттуу чектейт.

## Туруктуу каржылоо стратегиясы

2022-2024-жылдарга Стратегиялык өнүгүү планында туруктуу каржылоо системасын өнүктүрүү белгиленген. 2024-жылы банк бул чөйрөдө продукттарды жана кызматтарды массалык сунуштоого киришкен.

### Негизги көрсөткүчтөр

- **Жашыл кредиттөөнүн жалпы көлөмү:** 361,8 млн сом
- **ЧОБ кардарларынын жалпы кредиттөө көлөмү:** 15,41 млрд сом, бул банктын жалпы кредиттөө көлөмүнөн 54%ды түзөт
- **Социалдык ипотека боюнча каржылоонун көлөмү:** 360,3 млн сом
- **Аялдар ишкердигин каржылоо:** 392,6 млн сом
- **Корпоративдик каржылоонун жалпы көлөмү:** 23 млрд сом
- • **Керектөөчүлүк каржылоонун жалпы көлөмү:** 5,8 млрд сом

## Туруктуу каржылоо продукттары: Жашыл кредиттер

Элдик Банк төмөнкүдөй "жашыл" долбоорлорду каржылоого багытталган атайын кредиттерди сунуштайт:

- Энергиянын кайра жаралуучу булактары:
- Энергиялык майнаптуулук:
- Айлана-чөйрөнүн булганышынын алдын алуу жана коргоо:
- Экологиялык таза транспорт:
- Климаттын өзгөрүүлөрүнүн ыңгайлашуу:
- Экологиялык натыйжалуу жана/же адаптивдик продукттар:
- Жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу:
- Суу ресурстарын туруктуу башкаруу:
- "Жашыл" имараттар:

Элдик Банкта жашыл кредиттерди берүүнүн техникалык параметрлери жана шарттары улуттук валюта – кыргыз сому менен зайымдарды берүүнү карайт. Кредиттин минималдуу суммасы жеке зайымдар үчүн 10 000 сомду (же чет өлкө валютасындагы эквивалентти) жана кредиттик линиялар боюнча – 50 000 сомдон баштап түзөт. Мындай кредиттер боюнча пайыздык чен максималдуу жылдык 11% деңгээлинде белгиленген. Кредиттөөнүн максималдуу мөөнөтү 60 айга чейин түзөт. 2024-жылы 10 000 сомдон 50 000 сомго чейин 1 053 кредит берилген (овердрафттарды эсепке албаганда).

## Энергиянын кайра жаралуучу булактары жаатындагы долбоорлордун портфели

2023-2024-жылы Элдик Банк Кыргызстанда таза энергетиканы өнүктүрүүгө өзүнүн жактоочулугун көрсөтүп, энергиянын кайра жаралуучу булактары чөйрөсүндөгү долбоорлордун жаңы портфелин каржылады. Портфелдин курамына жалпы белгиленген кубаттуулугу 3,19 МВт болгон, үч чакан гидроэлектростанци кирген – Ысык-Ата-1 (2,00 МВт), Кожо-Кайыр (0,65 МВт) жана Белес (0,54 МВт). Көрсөтүлгөн объекттер жалпысынан жылына болжол менен 19 486 800 кВт$_2$ саат электрэнергиясын өндүрөт, парник газдарынын чыгындыларынын 2 767 тонна $CO_2$ деңгээлинде ар жылдык азайышына жана бүтүндөй инвестициялык жашоо циклинде (25 жыл) 69 178 тонна $CO_2$ жалпы төмөндөшүнө алып кедет.

Мындан тышкары Банк чакан гидроэнергетиканын жеке кубаттуулугуна инвестиция салуу максатын койгон жана жалпы кубаттуулугу 4 МВт болгон чакан ГЭСти курууга даярдыкты баштаган, бул Scope 2 категориясы боюнча анын чыгындыларын 100%дан ашык кыскартууга мүмкүндүк берет.

Бул демилге Кыргызстанда энергиянын кайра жаралуучу булактарына инвестицияларды көбөйтүүнүн жогорку потенциалын көрсөтөт жана өлкөнүн аз көмүртектүү энергосистемага өтүшүнө көмөктөшөт. Ошондой эле бул Кыргыз Республикасынын жаңыртылган Улуттук деңгээлде аныкталуучу салымынын алкагында анын милдеттенмелерине шайкеш келет.

## Кыргызстандын мамлекеттик банк секторунда биринчи жолу ESG-облигацияларын чыгаруу

2024-жылы Элдик Банк туруктуу өнүгүүнү каржылоо максаттарында ESG-облигацияларын чыгарууну демилгелеген, Кыргызстандагы биринчи мамлекеттик банк болду. Чыгарылыштын жалпы көлөмү **жылдык 11%** пайыздык ченинде **200 млн сому** түздү. Облигациялардын бардык пакетин сатып алуучу **Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду** болду, аны менен инвестициялык меморандумга кол коюлган. Облигацияларды жайгаштыруудан түшкөн каражаттар өлкөнүн туруктуу экономикага стратегиялык өтүшүн колдоого калган, **экологиялык, социалдык жана башкаруучулук (ESG) демилгелерди** ишке ашырууга жумшалат.

### Туруктуу каржылоонун социалдык багыттагы продукттары

Туруктуу өнүгүү жана социалдык жоопкерчилик принциптерин жактоочулугунун алкагында Элдик Банк калктын кыйла аялуу топторун колдоого, айыл чарбасын, аялдардын ишкердигин жана микробизнести өнүктүрүүгө, ошондой эле турак жайга жетүү мүмкүндүгүн кеңейтүүгө багытталган социалдык багыттагы продукттардын линейкасын өнүктүрөт. Бул продукттарды өнүктүрүү менен банк өзүнө жашоо деңгээлин жогорулатууга гана эмес, ошондой эле Кыргызстандын аймактарын социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө да көмөк көрсөтүү милдеттенмесин алат.

**1. Мамлекеттик ипотекалык компания (МИК) аркылуу жеткиликтүү турак жай**

Мамлекеттик ипотекалык компания менен биргеликте жана Немец өнүктүрүү банкынын (KfW) колдоосунда турак жайды каржылоо программасы ишке ашырылууда, анын ичинен 2024-жылы 360,3 млн.сом каржыланган. Программа жаш үй-бүлөлөр жана кирешеси орто жана төмөн үй-бүлөлөр үчүн, өзгөчө Кыргызстандын айыл жерлеринде жеңилдетилген кредиттик линияларды берет. Каржылоо туруктуулук жана энергиялык майнаптуулук талаптарын эске алуу менен, турак жайларды сатып алууга, оңдоого жана модернизациялоого багытталган.

Жеткиликтүү турак жайды алуу мүмкүндүгүн камсыз кылуу социалдык туруктуулукту бекемдейт жана ТӨМ 1 "Жакырчылыкты жоюу" максатына салымын кошот, ал эми энергиялык майнаптуулукту эске алуу менен үйлөрдү модернизациялоо жана куруу энергия керектөөнү жана чыгындыларды азайтуунун аркасында ТӨМ 7 "Жеткиликтүү жана таза энергия" жана ТӨМ 13 "Климаттын өзгөрүшү менен күрөшүү" максаттарын ишке ашырууга өбөлгө түзөт. Ошол эле учурда айыл жерлеринде турак жай шарттарын жакшыртуу жана инфраструктураны өнүктүрүү калктын аялуу топтору үчүн коопсуз, заманбап жана туруктуу турак жайга жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу менен ТӨМ 11 "Туруктуу шаарлар жана калктуу конуштар" максатын колдойт.

**2. Агросектордогу кластердик өнүктүрүү**

Банк форель өстүрүүчүлүктү, эт-сүт багытын жана асыл тукум мал чарбачылыгын кошо алганда, агроөнөр жай кластерлерин өнүктүрүүгө жигердүү катышат. Бул багыттарда кредиттөө айыл чарбанын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун аркасында ТӨМ 2 "Ачкалыкты жеңүү" максатын колдойт, ТӨМ 8 "Татыктуу жумуш жана экономикалык өсүш" максатынын алкагында айыл ишкердигин өнүктүрүүгө жана жаңы жумуш орундарын түзүүгө көмөктөшөт, ТӨМ 9 "Индустриализация, инновациялар жана инфраструктура" максатына ылайык өндүрүштүк чынжырчаларды бекемдейт, ошондой эле ресурстарды сарамжалдуу пайдалануунун аркасында ТӨМ 12 "Жоопкерчиликтүү керектөө жана өндүрүү" максатын колдой 2024-жылы 3,2 млрд сом каржыланган.

**3. ЧОБ үчүн жеңилдетилген кредиттер**

Чакан жана орто бизнес субъекттери (ЧОБ) үчүн жеңилдетилген кредиттөөнүн атайын программалары каралган. 2024-жылы ЧОБ кредиттөө көлөмү 15,41 млрд сомду түзгөн, бул банктын жалпы кредиттөө көлөмүнүн 54%ына туура келет. Бул кредиттер ишкердикти өнүктүрүүгө, өндүрүштүк кубаттуулукту кеңейтүүгө жана бизнестин финансылык туруктуулугуна көмөктөшөт.

**4. "МЧОИ шашылыш колдоо" программасы**

Банк кризистүү кырдаалдарды жеңүүгө жана татаал экономикалык шарттарда бизнес-ишмердикти колдоого багытталган, микробизнес жана чакан ишканалар (МЧОИ) үчүн кайтарымдуу финансылык жардам көрсөтүү программасын ишке ашырууга катышат.

Бул программалар ТӨМ 8 "Татыктуу жумуш жана экономикалык өсүш" максатын колдоо менен, жумуш орундарын түзүүгө жана экономикалык өсүшкө көмөктөшөт, ошондой эле ТӨМ 9 "Индустриализация, инновациялар жана инфраструктура" максатынын алкагында өндүрүштүк кубаттуулукту модернизациялоого жана инновацияларды киргизүүгө түрткү берет. Ишканаларга, анын ичинде аялуу топторго каржылоого жетүү мүмкүндүгүн берүү кирешелердин деңгээлин жогорулатат жана социалдык аялуулукту азайтат, бул ТӨМ 1 "Жакырчылыкты жоюу" жана ТӨМ 10 "Теңсиздикти азайтуу" максаттары менен байланыштуу. 2024-жылы 800 млн. сом каржыланган.

**5. Товардык кредиттер**

Банк үрөнду, айыл чарба техникасын жана жабдуусун сатып алууга товардык кредиттерди берет, бул себүү жана жыйноо кампанияларынын жүрүшүндө фермерлерге жана айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө өз убагында колдоо көрсөтүүнү камсыз кылат. 2024-жылы 4,3 млн. сом каржыланган.

**6. "Ишкер-Айым" программасы – аялдардын ишкердигин колдоо**

2024-жылы "Ишкер-Айым" программасынын алкагында 392,6 млн сом жалпы суммасында 236 кредит берилген, бул 231 ишкер аялга жана негизги акционерлери аялдар болгон (50%дан ашык) же аялдар аткаруу органынын курамына кирген уюмдарга колдоо көрсөтүүгө түртү берди. Программа аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, алардын финансылык өз алдынчалуулугун жана бизнес-ишмердигине тартылгандыгын жогорулатууга багытталган.

Программа түздөн-түз ТӨМ 5 "Гендердик теңдик" менен байланыштуу, анткени экономикалык ресурстарга, менчикке, финансыга жана ишкердикке жетүү мүмкүндүгүнө тең укуктарды камсыз кылат. Аялдардын финансылык өз алдынчалуулугун жогорулатуу ТӨМ 1 "Жакырчылыкты жоюу" жана ТӨМ 8 "Татыктуу жумуш жана экономикалык өсүш" максаттарын ишке ашырууга көмөктөшөт, анткени кирешелердин деңгээлин жогорулатат, жакырчылыкка карата аялуулукту азайтат жана экономикага катышууга түрткү берет. Ошол эле убакта аялдарды бизнес-ишмердикке тартуу ишкердик жана жумуштуулук чөйрөсүндөгү гендердик айырмачылыкты азайтуу менен, ТӨМ 10 "Теңсиздикти азайтуу" максатын бекемдейт.

**7. Мамлекеттик лизинг – техниканы жеңилдетилген ижарага берүү**

Айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн техникалык жабдылышын жогорулатуу жана айылдык ишкердикти өнүктүрүү максатында банк техникаларды жана жабдууларды жеңилдетилген ижарага берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу менен мамлекеттик лизинг программасын сунуштайт.

Бул социалдык маанилүү финансылык продукттарар Элдик Банктын Кыргызстандын экономикасынын туруктуу, инклюзивдүү жана адилеттүү өнүгүүсүнө көмөктөшүү жаатындагы стратегиялык артыкчылыгын чагылдырат.

**8. Айыл чарбаны каржылоо (АЧК) программасы аркылуу айыл чарбаны жана туруктуу өнүгүүнү колдоо**

2017-жылдан тартып Элдик Банк 2013-жылдагы №10 токтомго негизделген, Айыл чарбасын каржылоо программасын (АЧК) ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн негизги өнөктөшү болуп саналат. Программа секторду модернизациялоого, туруктуу жерди пайдаланууга жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга өбөлгө түзүүчү, фермерлердин жана агроишканалардын жеңилдетилген кредиттөөгө жана лизингге жетүү мүмкүндүгүн кеңейтүүгө багытталган.

Аталган программа азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга жана туруктуу айыл чарбасын өнүктүрүүгө көмөктөшөт, бул **ТӨМ 2 “Ачкачылыкты жеңүү”** менен түздөн-түз байланыштуу. Финансылык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү агробизнеске инвестицияларды тартууга, жумуш орундарын түзүүгө жана экономикалык өсүшкө түрткү берип, **ТӨМ 8 “Татыктуу жумуш жана экономикалык өсүш”** максатын колдойт. Секторду модернизациялоо жана жерди пайдалануунун туруктуу тажрыйбаларын киргизүү ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылат, ал **ТӨМ 12 “Жоопкерчиликтүү керектөө жана өндүрүү”** максатына шайкеш келет, ал эми экологиялык технологияларга өтүү **ТӨМ 13 “Климаттын өзгөрүшү менен күрөшүү”** максатына салым кошуп, чыгындыларды азайтууга жана климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашууга жардам берет.


АЧК-12 жана АЧК-13 (2024–2025-жж.) алкагында Элдик Банк жалпы бюджети **4,5 млрд сом** болгон программаны ишке ашыруучу эки ыйгарым укуктуу банктын бири болгон. Кредиттөө кредиттер боюнча **3 айга чейин** жана лизинг келишимдери боюнча **6 айга чейин төлөмдү кийинкиге жылдыруу** мүмкүнчүлүгү менен, **жылдык 10%** чени боюнча берилген. Каржылоо мал чарбачылыкты, дыйканчылыкты, тамчылатып сугарууну, күнөскана инфраструктурасын жана айыл чарба техникасын сатып алууну камтыган (лизингдин суммасы – 50 млн сомго чейин). 2024-жылы 2,5 млрд.сом каржыланган.

Банк агросектор үчүн **адистештирилген финансы инструменттерин,** анын ичинде агроөнөр жай комплекстери үчүн кредиттик линияларды жана эт-сүт жана үрөнчүлүк багыттары үчүн айрым продуктларды иштеп чыгат жана киргизет. Каржылоо ишке ашыруунун бардык этаптарында толук администрациялоо, мониторинг жүргүзүү жана тобокелдиктерди тескөө менен коштолот.

Элдик Банк камсыз кылат:

- Электрондук каттоо аркылуу билдирмелерди берүүнүн жана иштеп чыгуунун ачык-айкын жол-жоболорун;
- Асык тукум мал жана үрөнчүлүк чарбаларын артыкчылыктуу тейлөө;
- **Суу ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга жана климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоого** багытталган долбоорлорду колдоо.

**Социалдык багытталган жана жашыл продукттарды каржылоонун жалпы көлөмү 23 млрд сомду түздү.**



# Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүдө Элдик Банктын салымы

| ТӨМ | Максаттын аталышы | Банктын ишинин салымы | 2024-ж. негизги көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|
| ТӨМ 1 | Жакырчылыкты жоюу | Жеңилдетилген кредиттер, мамлизинг жана социалдык программалар аркылуу калктын аялуу топтору жана айыл жерлери үчүн финансы кызматтарына жетүү мүмкүндүгүн кеңейтүү | • АЧК-12 алкагында >6 000 жеңилдетилген кредит<br>• 2,5 млрд сом агродолбоорлорду каржылоо<br>• Алыскы аймактарды тейлөө үчүн 32 көчмө касса |
| ТӨМ 2 | Ачкачылыкты жеңүү | Агроөнөр жай кластерлерин колдоо, фермердик чарбаларды өнүктүрүү, айыл чарба өндүрүүчүлөрдү каржылоого жетүү мүмкүндүгү. | • Агродолбоорлорго 2,5 млрд сом<br>• Агроөнөр жай кластерлерин колдоого 3,2 млрд сом<br>• Асыл тукум мал чарбачылыкты, тамчылатып сугаруу системасын каржылоо<br>• Айыл чарба техникасынын жеңилдетилген лизинг программасы (50 млн сомго чейин) |
| ТӨМ 3 | Дени сак жашоо жана бакубатчылык | Социалдык ипотекалык программалар, саламаттык сактоо долбоорлорун колдоо жана кардарлардын жашоо шарттарын жакшыртуу. | • 360,3 млн сом – социалдык ипотека<br>• 500дөн ашык үй-бүлө үчүн турак жайды каржылоо<br>• Кызматкерлерди медициналык камсыздандыруунун жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу |
| ТӨМ 4 | Сапаттуу билим берүү | Кызматкерлерди ESG-компетенцияларга окутуу, кардардардын финансылык сабаттуулугу, билим берүү демилгелерин колдоо. | • 100% кызматкер ESG жана коррупцияга каршы тренингдерден өтүшкөн<br>• Кардарлар үчүн финансылык сабаттуулук боюнча туруктуу программалар |

## Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүдө Элдик Банктын салымы

| ТӨМ | Максаттын аталышы | Банктын ишинин салымы | 2024-ж. негизги көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|
| ТӨМ 5 | Гендердик теңдик | “Ишкер-Айым” аялдар ишкердигин колдоо программасы, Банкта аялдардын карьералык өсүшү үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү берүү. | • аялдардын бизнесин колдоого 393 млн сом<br>• ишкер аялдар үчүн 236 кредит<br>• >50% каржыланган долбоорлорго аялдардын катышуусу |
| ТӨМ 7 | Жеткиликтүү жана таза энергия | ЭЖБ жана энергиялык майнаптуулук долбоорлорун каржылоо, экологиялык демилгелер үчүн ESG-облигацияларды чыгаруу. | • 361,8 млн сом – жашыл кредиттер<br>• 3 чакан ГЭС – 3,19 МВт жалпы кубаттуулук<br>• Чыгындыларды кыскартуу: −2 767 т$CO_2$/жыл |
| ТӨМ 8 | Татыктуу жумуш жана экономикалык өсүш | ЧОБ өнүктүрүү, аймактарда жумуш орундарын түзүү, санарип ишкердикти колдоо. | • 54% кредиттик портфель ЧОБго жумшалган<br>• 15,41 млрд сом ишкерлерди каржылоо<br>• “Ишкер24” платформасы аркылуу 1 000ден ашык ишкерди колдоо |
| ТӨМ 9 | Индустриализация, инновациялар жана инфраструктура | Санарип сервистерди өнүктүрүү, инновациялык чечимдерди каржылоо жана аймактарды заманбап финансы инструменттерине кошуу. | • “Элдик” жаңыртылган мобилдик тиркемесин ишке киргизүү<br>• 1 000ден ашык жеткиликтүү кызматтар<br>• ESG-облигациялар – жашыл долбоорлор үчүн 200 млн сом |
| ТӨМ 10 | Теңсиздикти азайтуу | Финансылык жеткиликтүүлүктү кеңейтүү, аз камсыз болгон үй чарбаларын жана социалдык коргоо программаларын колдоо | • 360,3 млн сом – социалдык ипотека<br>• Жетүү кыйын болгон аймактарда 41ден ашык аманат кассасы<br>• айыл жерлери үчүн 32 көчмө касса |

## Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүдө Элдик Банктын салымы

| ТӨМ | Максаттын аталышы | Банктын ишинин салымы | 2024-ж. негизги көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|
| ТӨМ 11 | Туруктуу шаарлар жана калктуу конуштар | Энергиялык майнаптуу турак жайды жана шаардык инфраструктураны каржылоо, жеткиликтүү турак жайды өнүктүрүү. | • МИК жана KfW менен биргелешкен долбоор – 360,3 млн. сом.<br>• Энергиялык майнаптуу курулуш<br>• 500дөн ашык үй-бүлө турак жай шарттарын жакшыртышты |
| ТӨМ 12 | Жоопкерчиликтүү керектөө жана өндүрүү | Экологиялык таза өндүрүштү каржылоо, калдыктарды кайра иштетүү жана ресурсту үнөмдөө боюнча долбоорлорду колдоо. | • 17 850 кг кайра иштетилген макулатура<br>• Ресурсту үнөмдөөчү технологияларды киргизген ишканаларды кол-доо |
| ТӨМ 13 | Климаттын өзгөрүшү менен күрөшүү | Көмүртек изин азайтуу жана климаттык туруктуу каржылоону өнүктүрүү. | • 103 508 т$CO_2$ – бааланган каржылануучу чыгындылар<br>• 69 178 т$CO_2$ ЭЖБ долбоорлорунун жашоо циклинде кыскартылган<br>• Климаттык инвестициялар үчүн ESG-облигациялар – 200 млн сом |
| ТӨМ 16 | Тынчтык, адилеттүүлүк жана натыйжалуу институттар | • Өнүккөн корпоративдик башкаруу системасы, комплаенс-көзөмөлдөө жана коррупцияга каршы саясат аркылуу ачык-айкындуулук, отчеттуулук жана этикалык жүрүм-турум принциптерин бекемдөө.<br>• Кардарлардын укуктарын жана жеке маалыматтарын коргоо: киберкоопсуздукту жана эл аралык стандарттарга (ISO/IEC 27001) шайкештикти күчөтүү.<br>• Сапат стандарттары, даттанууларды кароо системасы жана кайтарым байланыш механизмдери аркылуу калыс жана адилеттүү тейлөөнү камсыздоо.<br>• Эл аралык стандарттарга ылайык финансылык жана финансылык эмес маалыматтарды ачыктоо. | • S&P CSA эл аралык ESG рейтинги боюнча 45 упайга 67-процентильге ээ болгон.<br>• Кызматкерлердин 100% коррупцияга каршы саясат жана этикалык жүрүм-турум боюнча окуудан өтүшкөн.<br>• Киберкоопсуздук күчөтүлдү: маалыматтарды коргоонун көп деңгээлдүү системасы жана 2025-жылы ISO/IEC 27001 сертификациясына даярдыктар көрүлүүдө.<br>• Директорлор кеңешине караштуу туруктуу өнүгүү боюнча көз карандысыз директорлор, ички аудит жана комитет иштеп жатат.<br>• GRI жана IFRS S1/S2 стандарттарына ылайык финансылык эмес отчеттуулукту толук ачыктоо. |
| ТӨМ 17 | Туруктуу өнүгүү кызыкчылыгындагы өнөктөштүк | Эл аралык уюмдар, инвесторлор, донорлор жана мамлекеттик түзүмдөр менен кызматтатык. | • KfW, IFC, КР СФ менен биргелешкен долбоор-лор<br>• Туруктуу каржылоо программаларына катышуу<br>• S&P CSA ESG-рейтингин алуу – 45 балл |



# ЭКОЛОГИЯ

03


Парник газдарынын чыгындыларын эсепке алуу 28

Энергия керектөөнү башкаруу 36

Калдыктарды жана сууну керектөөнү башкаруу 37

Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу 39

# Парник газдарынын чыгындыларын эсепке алуу

**Инвентаризациялоо жүргүзүү методологиясы**

2024-жылы Элдик Банк парник газдарынын чыгындыларын комплекстүү инвентаризациялоону жүргүзгөн. Инвентаризациялоо банктын операциялык эмиссиялары үчүн **GHG Protocol** эл аралык стандарттарына жана Банк каржылаган эмиссиялар үчүн **PCAF** (Partnership for Carbon Accounting Financials) методологиясына, **GRI 305** жана **IFRS S2** талаптарына ылайык өткөрүлгөн. Ошондой эле эсептөө методологиясы "Парник газдарын улуттук инвентаризациялоо боюнча 2006-жылдагы **КӨМЭТ** жетектөөчү көрсөтмөлөрүнө" жана "2019-жылдагы тактоолорго" таянат. Мындан тышкары инвентаризациялоо чыгындылар жана сиңирүүлөр жөнүндө сандык аныктоо жана отчеттуулук боюнча уюмдун деңгээлинде талаптарды койгон жана колдонмону берген **ISO 14064-1:2018** "Парник газдары" стандартынын принциптерине ылайык келет.

Эсептөөлөр операциялык контролдоо принцибине негизделген. Бул ыкманын алкагында Элдик Банк ага карата операциялык саясатты киргизүү жана ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктарга ээ болгон операциялардан ПГ чыгындыларынын 100%ын эсепке алат. Бул корпоративдик отчеттуулук үчүн кеңири таралган ыкма жана ал 2023-жылы жүргүзүлгөн инвентаризациялоого ылайык келет.

Үч камтуу боюнча классификацияланган түз жана кыйыр чыгындыларды баалоо **GHG Protocol** аныктамаларына ылайык Элдик Банктын бүтүндөй наркты түзүү чынжырчасы боюнча жүргүзүлгөн. Түз чыгындылар менчикте турган же Банктын көзөмөлүндө турган булактардан чыгат, ал эми кыйыр чыгындылар Банктын ишинин кесепети болуп саналат, бирок башка уюмдарга таандык болгон же алар тарабынан контролдонгон объекттерде пайда болот.

- 1-камтуу: Элдик Банктын менчигинде же көзөмөлүндө турган булактардан чыккан түз ПГ чыгындылары. Бул жерге жылытуу системалары жана банктын бөлүмдөрү үчүн резервдик электр менен жабдуу булактары  сыяктуу, стационардык булактарда, кызматтык транспортто отунду күйгүзүү, ошондой эле банктын бөлүмдөрүндө орнотулган климаттык жабдуулардан хладагенттердин агып чыгышы (атайын иштелбеген чыгындылар).
- 2-камтуу: Элдик Банктын бөлүмдөрүндө жана банкоматтарында керектелген, сатып алган электр энергиясын же жылуулукту өндүрүүдөн кыйыр ПГ чыгындылары. Физикалык бул чыгындылар электр энергиясын жана/же жылуулукту өндүргөн, электр станцияларында, жылуулук борборлорунан жана буу казандардан чыгат.
- 3-камтуу: Элдик Банктын наркын түзүү чынжырынын алкагында бардык башка кыйыр ПГ чыгындылары. Финансы мекемеси үчүн бул көтөрүлүүчү жана төмөндөөчү чынжырча боюнча эмиссияларга ылап келген, иштин кеңири спектрин камтыйт. Көтөрүлүүчү чыгындылар өзүнө сатып алган товарлардан жана кызматтардан чыгындыларды (1-категория), капиталдык чыгымдарды (2-категория), 1 жана 2-камтууга киргизилбеген, керектелген отундун жана энергиянын өндүрүштүк жана сатуу чынжырчаларынан чыгындыларды (3-категория), калдыктарды (5-категория), иш сапарларды (6-категория) жана кызматкерлердин жумушка сапарын (7-категория) камтыйт. Төмөндөөчү чыгындыоар негизинен банктын кредиттик жана инвестициялык ишинин жыйынтыгында пайда болуучу "каржылануучу чыгындыларды" (15-категория) камтыйт.

Инвентаризациялоодо беш парник газы же алардын топтору эсептелген: көмүртек диоксиди ($CO_2$), метан ($CH_4$), азот кычкылы ($N_2O$) жана гидрофторуглероддор (ГФУ). Бардык чыгындылар бирдиктүү, салыштырмадуу өлчөө бирдиктерин камсыз кылуу үчүн $CO_2$ (т$CO_2$-экв) эквивалентинин метрикалык тоннасы менен берилген.

Чыгындылардын бардык булактары үчүн **GHG Protocol** эсептөөнүн бирдей жалпы жол-жобосун сунуштайт. ПГ чыгындылары ар дайым ишмердик жөнүндө маалыматтарды тиешелүү чыгындылардын коэффициентине көбөйтүү аркылуу эсептелет:

ПГ чыгындылары (т$CO_2$-экв) = Ишмердик жөнүндө маалымат (өл.бирд.) × Чыгындылардын коэффициенти (т$CO_2$-экв/өл.бирд.)

3-камтуунун 15-категориясы үчүн **PCAF** стандарты менен такталган формула колдонулган:

Каржылануучу ПГ чыгындылары (т$CO_2$-экв) = Атрибуция коэффициенти × Карыз алуучунун же инвестиция объектинин чыгындылары (т$CO_2$-экв),

мында атрибуция коэффициенти – бул зайымдын же инвестициянын калдык наркынын өлкөнүн же карыз алуучунун компаниясынын же инвестиция объектинин наркына карата катышы

Ишмердик жөнүндө маалымат – бул ПГ чыгындыларына алып келүүчү иштин сандык көрсөткүчү. Инвентаризациялоодо мүмкүн болгон жерде баштапкы физикалык маалыматтарды пайдаланууга (мисалы, бир литр май, кВт·ч электр энергиясы ж.б.) артыкчылык берилген, анткени бул кыйла так жыйынтыктарды берет. Мындай ыкма 1-камтууга, 2-камтууга жана 3-камтуунун 3, 5, 6 жана 7-категорияларына колдонулган. Ишмердик жөнүндө физикалык маалыматтар банктын кеңселеринде жана филиалдарында жүргүзүлгөн, ошондой эле банктын кызматкерлерин сурамжылоо менен чогултулган. Ишмердик жөнүндө физикалык маалыматтар үчүн чыгындылардын коэффициенттери биринчи кезекте Кыргыз Республикасынын расмий булактарынан жана адабиятынан бааланган. Эгерде мындайлар жетиштүү болбосо, аймактык жана андан кийин эл аралык булактардан бааланган.

Физикалык маалыматтар жеткиликтүү болбогон учурларда прокси-көрсөткүч (болжолдуу баалоо) катары экономикалык иш жөнүндө маалыматтар (мисалы, сатып алган товарлардын сом менен акчалай наркы) колдонулган. Бул ыкма 3-камтуунун 1 жана 2-категорияларына карата колдонулган. Иш жөнүндө экономикалык маалыматтар бухгалтерия бөлүмүнөн алынган. Экономикалык маалыматтар үчүн чыгындылардын коэффициенттери эл аралык булактардын негизинде алынган, анткени жергиликтүү жана аймактык булактар жок болчу.

15-категория үчүн атрибуцияны эсептөө үчүн Банктын инвестициялык жана кредиттик портфелинин маалыматтары алынган. Активдердин класстары үчүн чыгындылардын коэффициенттери Кыргыз Республикасынын статистикасынын негизинде эсептелген.

**Инвентаризациялоонун жыйынтыктары**

2024-жылы **Элдик Банктын парник газдарынын чыгындыларынын көлөмү 130 326 т$CO_2$-экв түзгөн.**

[1] Банктын бөлүмдөрү кеңселерди, филиалдарды, аманат кассаларын жана көчмө кассаларды камтыйт

## Элдик Банктын ПГ инвентаризациялоонун жыйынтыктары

| Чыгындылардын булактары | 2023 эмиссиялар (Корректировка) [1] | 2024 эмиссиялар | | |
|---|---|---|---|---|
| | $тCO_2$ -экв. | $тCO_2$ -экв. | | % Көлөм [2] |
| **Бардыгы (1 + 2 камтуулар)** | **1 974** | **2 356** | | |
| **Бардыгы (1 + 2 + 3 камтуулар, каржылануучу эмиссиялардан тышкары)** | **2 431** | **26 818** | | |
| **Бардыгы (1 + 2 + 3 камтуулар, каржылануучу эмиссияларды кошо алганда)** | **-** | **130 326** | | |
| **1-камтуу** | **1 473** | **1 411** | | **100%** |
| Стационардык булактар | 816 | 706 | | 50% |
| Мобилдик булактар | 615 | 680 | | 48% |
| Хладагенттердин агып чыгышы | 42 | 25 | | 1.8% |
| **2-камтуу [3]** | **502** | **945** | | **100%** |
| Электр | 315 | 520 | | 55% |
| Борбордук жылуулук менен камсыздоо | 186 | 425 | | 45% |
| **3-камтуу (каржылануучу эмиссиялардан тышкары)** | **456** | **24 463** | **100%** | |
| **3-камтуу (каржылануучу эмиссияларды кошо алганда)** | **-** | **127 971** | | **100%** |
| 1-категория: Сатып алган товарлар жана кызматтар[4] | 91 | 20 457 | 84% | 16% |
| 2-категория: Капиталдык товарлар[5] | - | 3 152 | 13% | 2,46% |
| 3-категория: Отунга жана энергетикага байланыштуу иш[5] | - | 417 | 1,7% | 0,33% |
| 5-категория: Калдыктардын пайда болушу | 13 | 149 | 0,61% | 0,12% |
| 6-категория: Иш сапарлары | 86 | 89 | 0,37% | 0,07% |
| 7-категория: Кызматкерлердин жумушка жана үйгө сапары | 266 | 198 | 0,81% | 0,15% |
| 15-категория: Инвестициялар[5] | - | 103 508 | | 81% |

[1] 2023-жылдагы парник газдарынын чыгындыларын корректировкалоо 1-камтуунун “Абаны кондициялоо системаларынан газ түрүндөгү хладагенттердин агып чыгышы” категориясын кайра эсептөө менен шартталган. Эмиссияны кайра эсептөө жана корректировкалоо Элдик Банктын тактыктын жана ишенимдүүлүктүн деңгээлин жогорулатууга жактоочулугун чагылдырат.

[2] ПГ эмиссияларынын жалпы көлөмүнөн 98%дан ашыгын 3-камтуу түзгөн, 1-камтуунун жана 2-камтуунун үлүшүнө тиешелүү түрдө 1,1% жана 0,7% туура келген. 3-камтуунун15-категориясынан тышкары (каржылануучу эмиссиялар), чыгындылардын көлөмү 26 818 $тCO_2$-экв түзгөн. Алардын ичинен 91%дан ашыгын 3-камтуу түзгөн, ал эми 1-камтуунун жана 2-камтуунун үлүштөрү 5,3% жана 3,5%ды түзгөн.


[3] 2-камтуунун эмиссиялары географиялык ыкма жана рыноктук ыкма боюнча бирдей болгон.

[4] 3-камтуунун 1-категориясын инвентаризациялоо 2023-жылы кеңсе кагазын жана бөтөлкөдөгү сууну гана камтыган,ад эми 2024-жылы - Банктын бардык сатып алган товарларын жана кызматтарын камтыган.


[5] 3-камтуунун 2, 3 жана 15-категорияларын инвентаризациялоо 2023-жылы жүргүзүлгөн эмес.

## Камтуулар боюнча Элдик Банктын ПГ эмиссиялары, 3-камтуунун 15-категориясын кошо алганда (солдо) жана андан тышкары (оңдо), 2024-жыл

### Эмиссиялар, 15-категорияны кошо алганда





### Эмиссиялар, 15-категориядан тышкары



**1-камтуунун чыгындылары 1 411 т$CO_2$-экв** түзгөн. Бул чыгындылардын болжол менен 50%ы отунду күйгүзүүнүн стационардык булактарында пайда болгон жана дээрлик бардыгы – көмүрдү жагуудан чыккан. Чыгындылардын болжол менен 48%ы мобилдик булактардын, б.а. компаниянын автопаркынын отунду күйгүзүүсүнө туура келген, мында алардын 80%ын бензинди пайдаланууга байланыштуу чыгындылар түзгөн. 1-камтуунун чыгындыларынын 2,0%ы гана атайын иштелбеген болгон (хладагенттердин агып чыгуулары).





**2-камтуунун чыгындылары 945 т$CO_2$-экв** түзгөн. Бул чыгындылардын болжол менен 55%ы сатып алган электр энергиясын керектөөгө, ал эми калганы – сатып алган жылуулукту керектөөгө байланыштуу болгон. Мында рыноктук да, географиялык да ыкма менен эсептелген чыгындылар идентүү болушкан.




1-камтуунун (солдо) жана 2-камтуунун (оңдо) эмиссиялары категориялар боюнча, 2024-жыл

## 3-камтуунун эмиссиялары, 15-категорияны кошо алганда (жогоруда) жана андан тышкары (төмөндө) категориялар боюнча, ошондой эле 1 жана 2-категориялардын эмиссияларын деталдаштыруу, 2024-жыл


### 3-камтуунун эмиссиялар, 15-категориядан тышкары



- 1-категория: Сатылып алынган товарлар жана кызматтар – 84%
- 2-категория: Капиталдык сатып алуулар – 13%
- 3-категория: Отун жана энергияга байланыштуу иш-аракеттер (1- жана 2- камтууга кирбейт) – 1,7%
- 4-категория: Компаниянын иш-аракеттеринен пайда болгон таштандылар – 0,61%
- 5-категория: Кызматкерлердин иш сапарлары – 0,37%
- 6-категория: Кызматкерлердин жумушка баруусу – 0,81%

**3-камтуунун чыгындылары,** бардык категорияларды кошо алганда, **127 971 т$CO_2$-экв** түздү. 3-камтуунун бул чыгындыларынын дээрлик 81%ы **15-категория "Каржылануучу эмиссиялар"** менен шартталган, андан кийин "Сатып алган товарлар жана кызматтар" (16%) жана "Капиталдык чыгымдар" (2,5%) турат. (3-сүрөт, үстүңкү график)


**15-категориядан тышкары, 3-камтуунун чыгындылары 24 463 т$CO_2$-экв** түздү. Бул чыгындылардын дээрлик 84%ы 1-категория "Сатып алган товарлар жана кызматтар" менен шартталган, андан кийин "Капиталдык чыгымдар" турат (13%). (3-сүрөт). 3-сүрөттө (төмөнку график) 1 жана 2-категорияларды талдоо берилген, башкача айтканда, 15-категориядан кийин, 3-камтууда эң көп көлөмдө чыгындыларга ээ болгондор берилген. 1-категория үчүн "Компьютердик, электрондук жана оптикалык өндүрүм", ошондой эле "Компьютердик программалоо жана коштоочу кызматтар" (жалпысынан 79%) подкатегориялары олуттуу салым кошушкан. 2-категория үчүн "Курулуш иштери" жана "Транспорт каражаттары" подкатегориялары эң көп салым кошушкан (жалпысынан 94%).






## Элдик Банктын көмүртек сыйымдуулугунун көрсөткүчтөрү (3-камтуунун 15-категориясынан тышкары), 2024-жыл

| Камтуулар | Бир кызматкерге карата көмүртек сыйымдуулугу (т $CO_2$-экв./кызм.) | Орун жайдын аянтына карата көмүртек сыйымду-улук1 (т $CO_2$-экв./м2.) | 1 млн сом түшкөн каажатка карата көмүртек сыйымду-улук (т $CO_2$-экв./млн сом) |
|---|---|---|---|
| 1+2 камтуулар | 1,04 | 0,08 | 0,40 |
| 1+2+3 камтуулар (15-кат. тышкары) | 11,84 | 0,87 | 4,54 |





## Активдердин класстары боюнча, 3-камтуунун 15-категориянын эмиссиялары, 2024-жыл

- Мамлекеттик карыздар — 55 002 (53%)
- Ипотекалык кредиттер — 24 927 (24%)
- Биржадан тышкаркы компанияларга бизнес кредиттер — 21 339 (21%)
- Транспорт каражаттарына кредиттер — 2 240 (2%)


2024-жылы 1 жана 2-камтуулардын эмиссияларын эске алган, түшкөн каражаттын, персоналдын жана орун жайлардын аянтынын көмүртек сыйымдуулугунун көрсөткүчтөрү 0,40 т$CO_2$-экв/млн сом, 1,04 т$CO_2$-экв/кызматкер жана 0,08 т$CO_2$-экв/$м^2$ түзгөн. Бул 1, 2 жана 3-камтуулардын эмиссияларын эске алган көрсөткүчтөр (15-категориясыз) 4,54 т$CO_2$-экв/млн сом, 11,84 т$CO_2$-экв/кызматкер жана 0,87 т$CO_2$-экв/$м^2$ түзгөн

**3-камтуунун 15-категориясынын чыгындылары 103 508 т$CO_2$-экв** түзгөн. Баалоо төмөнкү активдер класстарын камтыган: мамлекеттик карыздар (мамлекеттик облигацияларды камтыган), корпоративдик кредиттер (ири корпоративдик кредиттерди жана ЧОБ кредиттерин камтыган), ипотекалык кредиттер жана автокредиттер (транспорт каражаттарын сатып алууга жана атайын жабдуунун лизингин каржылоого кредиттерди камтыган).



## Элдик Банктын эсептешүүлөр менен жабылган активдеринин көлөмүнүн үлүшү

Белгилей кетсек, портфелдин бир бөлүгү үчүн гана эсептөөлөрдү жүргүзүүгө мүмкүн болгон – биржалык эмес компанияларга бизнес кредиттердин көлөмүнүн 5,8%дан баштап мамлекеттик карыздарга инвестициялардын 100%ына чейин – жалпысынан банктын 49% активдери үчүн.




## Активдердин классы боюнча Элдик Банк тарабынан каржылануучу эмиссияларды эсептөө методологиясы, 2024-жыл

Киришүү жана божомолдорду моделдөө көпчүлүк активдер класстары боюнча каржыланган эмиссияны эң аз так-тык менен баалоого мүмкүндүк берди. Келечекте Банк активдерди камтууну кеңейтүүнү, карыз алуучулардан маалымат чогултууну күчөтүүнү жана эсептешүүлөрдүн тактыгын жогорулатууну пландаштырууда.

| Активдердин классы | PCAF методологиясы | Маалыматтардын саны (бал) | ПГ | Камтуу |
|---|---|---|---|---|
| Транспорт каражаттарына кредиттер | 3b опциясы, өзгөчө эмес транспорттук каражаттардын негизиндеги эмиссия | 5 | $CO_2$ | 1 жана 2-камтуу |
| Ипотекалык кредиттер | 3-опциясы: объекттердин санынын негизинде эмиссияларды баалоо | 5 | $CO_2$-экв. (1-камтуу) жана $CO_2$ (2-камтуу) | 1 жана 2-камтуу |
| Биржалык эмес компанияларга бизнес кредиттер | 3c опциясы, экономикалык иштин негизиндеги эмиссиялар) | 4 | $CO_2$-экв. | 1-камтуу |
| Мамлекеттик карыздар | 1b опциясы: Жарыяланган эмиссиялар (верификацияланбаган) | 2 | $CO_2$-экв.(керектөөнүн негизинде)* | 1, 2 жана 3-камтуу |
| Мамлекеттик карыздар | 1b опциясы: Жарыяланган эмиссиялар (верификацияланбаган) | 2 | $CO_2$-экв. (өндүрүштүн негизинде, ЗИЗЛХ тышкары) | 1-камтуу |
| Мамлекеттик карыздар | 1b опциясы: Жарыяланган эмиссиялар (верификацияланбаган) | 2 | $CO_2$-экв. (өндүрүштүн негизинде, ЗИЗЛХ тышкары) | 1-камтуу |

* PCAF боюнча алгылыктуу ыкма, ошол эле учурда төмөндө бааланган мам.карыздарды баалоо үчүн башка эки ыкма көп алгылыктуу эмес, бирок салыштыруу үчүн сунушталат

** ЖПӨТЧ - жерди пайдалануудан, жерди пайдаланyудагы өзгөрүүлөрдөн жана токой чарбасынан чыккан чыгындылар

## Активдердин класстары боюнча Элдик Банктын инвестициялык жана кредиттик портфелинин көмүртек сыйымдуулук көрсөткүчтөрү, 2024-жыл

2024-жылы Элдик Банктын инвестициялык жана кредиттик портфелинин көмүртек сыйымдуулугу кредиттердин жана инвестициялардын калдык наркына карата 4,3 гCO2-экв. түзгөн. Активдердин класстарынын арасында эң жогорку көмүртек сыйымдуулук мамлекеттик облигацияларга жана эң төмөнкү сыйымдуулук автокредиттерде.


| Активдердин класстары | Кредиттердин жана инвестициялардын көмүртек сыйымдуулугу (гCO2-экв./ сом кредиттердин жана инвестициялардын калдык наркы) |
|---|---|
| **Автотранспорт каражаттарын сатып алууга кредиттер** | 0,9 |
| **Ипотекалык кредиттер** | 4,4 |
| **Биржалык эмес компанияларга бизнес кредиттер** | 14,5 |
| **Мамлекеттик карыздар*** | 3,8 |
| **Орточо портфель үчүн** | 4,3 |

* керектөөнүн негизинде

Чектөөлөргө карабастан, алдын ала талдоо көрсөткөндөй, 15-категория Банктын жалпы көмүртек изине олуттуу салым кошот, бул кредиттик портфелди декарбонизациялоонун жана карыз алуучулардын активдүү климаттык трансформациясынын маанилүүлүгүн баса белгилейт. Бул маалыматтар жашыл кредиттөөнү өнүктүрүү, кредиттерди баалоо жана жактыруу процесстерине климаттык талаптарды киргизүү, ошондой эле туруктуу каржылоо боюнча эл аралык демилгелерге катышуу аркылуу каржыланган чыгындыларды азайтуу боюнча стратегияны түзүү үчүн негиз катары кызмат кылат.

Инвентаризациялоонун жыйынтыктары Элдик Банктын климаттык стратегиясынын алкагында сандык максаттарды коюу жана прогрессти баалоо үчүн колдонулат. Чыгындылар жөнүндө маалымат климаттык тобокелдиктерди Банктын башкаруу жана стратегиялык пландаштыруу процесстерине интеграциялоо үчүн негиз болот.

2024-жылдагы парник газдарынын чыгындыларын инвентаризациялоо жөнүндө маалыматтар аккредиттелген үчүнчү тарап тарабынан аткарылган көз карандысыз тышкы верификациядан өттү. Верификация чыгындыларды сандык аныктоо жана верификациялоо боюнча эл аралык стандарттарга (ISO 14064-3) ылайык жүргүзүлгөн. Корутунду ачыкка чыгарылган маалыматтын ишенимдүү, толук экендигин жана колдонулуп жаткан эсепке алуу методологиясына ылайык келе турганын тастыктайт.



# Энергия керектөөнү башкаруу

Элдик Банкта энергетикалык ресурстарды керектөөнү эсепке алуу жана мониторинг жүргүзүү филиалдардын ишин координациялоочу бөлүм жана Административдик-чарбалык башкармалык тарабынан жүзөгө ашырылат. Туруктуу өнүгүү боюнча департамент (ESG) ресурстарды натыйжалуу керектөө жана пайдалануу жаатындагы чараларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга тартылган.

2024-жылы Банктын жалпы энергия керектөөсү электр жана жылуулук энергиясын, автотранспорт үчүн майды, ошондой эле катуу отунду жана газды камтыган. Төмөндө керектелген энергиянын түрлөрү боюнча жыйынды таблица берилген:

| Энергиянын түрү | Ченөө бирдиги | 2024-жылы керектөө көлөмү |
|---|---|---|
| **Электр энергиясы** | кВт·с | 3 176 176 |
| **Жылуулук энергиясы** | Гкал | 878 |
| **Бензин (автопарк)** | литр | 226 660 |
| **Дизель отуну (автопарк)** | литр | 57 035 |
| **Көмүр** | тонна | 332 |
| **Бензин (стационардык керектөө)** | литр | 12 324 |
| **Дизель отуну (стационардык)** | литр | 8 839 |
| **Жаратылыш газы** | $м^3$ | 2 157 |

В 2024 году совокупное конечное энергопотребление Элдик Банк составило 8 951,59 МВт·ч. В эту сумму входят 4 754,62 МВт·ч от потребления топлива (автопарк и стационарное сжигание) и 4 196,97 МВт·ч от теплового и электрического энергопотребления.

Отчеттук мезгилде кайра жаралуучу булактардан электр жана жылуулук энергиясын документ түрүндө ырасталган керектөө ишке ашырылган эмес.

Бирок Элдик Банк энергияны үнөмдөө маданиятын өнүктүрүү жана жалпы корпоративдик энергобаланста аз көмүртектүү жана кайра жаралуучу энергияны пайдалануу үлүшүн көбөйтүү мүмкүнчүлүктөрүн издөө ниетин билдирет. Бул энергиялык майнаптуулук, энергия чыгымдарына мониторинг жана операцияларды оптималдаштыруу боюнча программаларды ишке ашыруу аркылуу жүргүзүлөт.



# Калдыктарды жана сууну керектөөнү башкаруу

2023-жылы Элдик Банк кагазды, пластикти жана металл идиштерди, пластик карталарды жана пломбаларды камтыган, ички **Калдыктарды утилдештирүү боюнча методиканы** бекитүү менен, калдыктарды урунуунун туруктуу практикасын киргизүү боюнча системалуу кадамдарды жасады. Бул демилге 2023-жылдын жаз-жай айларында жүргүзүлгөн ESG-талдоонун логикалык уландысы болуп калды жана Банктын ишинин экологиялык изин азайтууга багытталган.

**Калдыктарды башкарууга мамиле** бир нече негизги документтерге негизделет: Калдыктарды утилдештирүү методикасы, Туруктуу өнүгүү саясаты, ошондой эле Банктын Экологиялык жана социалдык саясат. Калдыктарды урунуу боюнча бардык процесстер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине ылайык келет.

Башкы кеңседе жана көпчүлүк филиалдарда **калдыктарды өзүнчө чогултуу** уюштурулган. Азыркы учурда ылгоо төмөнкү категориялар боюнча жүргүзүлөт: кагаз жана картон, пластик, аралаш калдыктар. Өзүнчө чогултуу үчүн контейнерлер Банктын кеңселеринде орнотулган. 2024-жылы Банк ылгоочу урналарды даярдоого жана жеткирүүгө келишим түзгөн, бул ылгоо инфраструктурасын калган филиалдарга кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

Отчеттук жылда банк күндөлүк операциялык иштин натыйжасында пайда болгон үчүнчү категориядагы калдыктарды ташып чыгарууну жана утилдештирүүнү камсыз кылды. Таштанды төгүүчү жерге жөнөтүлгөн катуу тиричилик калдыктарынын жалпы көлөмү көмүр жагуудан чыккан күлдү кошпогондо болжол менен 250,4 тоннаны, же күлдү кошкондо 305,2 тоннаны түзгөн. Бардык таштандылар полигондорго көмүү үчүн атайын уюмга берилген. Эсептен чыгарылган эмеректерди, компьютердик техниканы, авто тетиктерди жана шиналарды Кант шинасын кайра иштетүүчү завод аркылуу (бардыгы 2594,5 тонна) пиролиз ыкмасы менен акысыз негизде утилдештирүү уюштурулган, бул полигондорго жөнөтүлгөн калдыктардын көлөмүн азайтууга мүмкүндүк берди жана ресурстарды кайра иштетүүгө өбөлгө түздү. Ошондой эле 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча кайра иштетүүгө 24,0 тонна макулатура жана 1,0 тонна электрондук калдыктар жөнөтүлгөн.

Банктын иш процессинде пайда болгон бардык калдыктар 3-категориядагы кооптуу калдыктар катары классификацияланат. Калдыктарды эсепке алуу жоопкерчилиги административдик-чарбалык камсыздоо кызматкерлерине жүктөлгөн. Алар эсепке алуу журналдарын жүргүзүшөт, кабыл алуу актыларын тариздешет жана үзгүлтүксүз электрондук эсепке алуу системасына маалыматтарды жүктөшөт.

2025-жылы Банк калдыктарды өзүнчө чогултуу практикасын бардык филиалдарга кеңейтүүнү, калдыктардын бардык түрлөрү боюнча электрондук эсепке алууну киргизүүнү, ошондой эле кошумча категорияларды – айнекти, батареяларды жана электрондук түзүлүштөрдү кайра иштетүүгө макулдашууларды түзүүнү пландап жатат.

Элдик Банк таштандыларды туруктуу башкарууну корпоративдик жоопкерчиликтин ажырагыс бөлүгү катары карайт жана айлана-чөйрөгө терс таасирин минималдаштыруу, кардарлардын жана өнөктөштөрдүн ишенимин бекемдөө менен циклдик экономиканын принциптерине өтүүгө умтулат. 2025-жылы кайра иштетилген пластиктен төлөм карталарын колдонууга өтүү пландаштырылууда.

Кызматкерлердин экологиялык маалымдуулугун жогорулатуунун алкагында "Калдыктарды башкаруу системасы" темасында окутуу тренингдери өткөрүлдү. Персоналдын кызыккандыгын баалоо үчүн банк кызматкерлердин экологиялык издерди азайтууга кошкон салымын көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берген, тапшырылган кайра иштетилүүчү чийки затты (кагаз, пластик, батареялар ж.б.) эсепке алуу журналын жүргүзөт. Ошондой эле туруктуу жүрүм-турум практикасында лидерликти көрсөткөн эң активдүү кызматкерлерди жана филиалдарды материалдык эмес сыйлоо мүмкүнчүлүктөрү каралат.

**2023-2024-жылдары кагазды жана пластикти керектөө**

| Материал | 2023 | 2024 | Өзгөрүү, тонна | Өзгөрүү, % |
|---|---|---|---|---|
| Кагаз (кеңселик) | 58,0 т | 65,0 т | +7,0 | +12,1% |
| Пластик (банктык карта) | 1,1 т | 1,3 т | +0,2 | +18,2% |
| Бардыгы | 59,1 т | 66,3 т | +7,2 | +12,2% |

2024-жылы Элдик Банкта кагазды керектөө 65 тоннаны, пластик (банктык карталарды даярдоо) – 1,3 тоннаны түздү.

## Суу ресурстарын башкаруу

Элдик Банк өзүнүн операциялык ишине ESG-принциптерин интеграциялоонун алкагында суу ресурстарын туруктуу башкарууга умтулат. Банк суу ресурстарын сактоого багытталган максаттарды жана ыкмаларды өзүнүн узак мөөнөттүү стратегиясынын бир бөлүгү катары киргизет жана БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттарына, өзгөчө ТӨМ 6 – "Таза суу жана санитария" жана ТӨМ 12 – "Жоопкерчиликтүү керектөө жана өндүрүү" максатына шайкештикти камсыз кылат.

### Стратегиялык мамиле жана демилгелер

- Банк финансылык эмес отчетторду жарыялоону кошо алганда, бардык бизнес-процесстерге ESG системасын киргизет.
- 2025-жылдан тартып сарамжалдуу суу пайдаланууну караган, "жашыл курулуш" принциптерин (LEED, BREEAM, OMIR) колдонуу пландалган.
- Сууну тазалоо жана туруктуу сууну пайдалануу боюнча долбоорлор, анын ичинде "жашыл" кредиттер аркылуу колдоого алынат.

### Сууну керектөө көлөмү

Өзүнүн ишинин өзгөчөлүгүн эске алуу менен Элдик Банк суу ресурстарына олуттуу таасир тийгизбейт. 2024-жылы ысык жана муздак сууну кошо алганда, суу алуу 65,300 млн литр сууну түзгөн. Банктын объекттери үчүн негизги сууну жеткирип берүүчүлөр борборлоштурулган суу менен камсыздоо системалары болуп саналат. Тузсуз суу гана алынат. Саркынды сууларды тазалоо өз алдынча жүргүзүлбөйт – чыгырылган саркынды суу тиешелүү келишим түзүлгөн адистештирилген уюмдарга жиберилет. Элдик Банк туюк суу айлантуу системаларында сууну кайра пайдаланууну колдонбойт, анткени бул практика финансы уюмдарынын иши үчүн релеванттуу эмес.

Сууну керектөөнүн көлөмү суу алуу көлөмүнө (сатып алынуучу ичүүчү жана чарбалык суунун көлөмүнө) барабар. Буга кошумча отчеттук мезгилде Башкы кеңседе жана филиалдарда бөтөлкөгө куюлган сууну керектөө 188 миң литрди түздү.

| Жыл | Сууну керектөө көлөмү (м³) |
|---|---|
| 2024 | 65 300 |

Керектөөнүн жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрү бардык объекттер: Башкы кеңсе, филиалдар жана кошумча кеңселер боюнча маалыматтарды камтыйт. Сууну керектөөнү эсепке алуу орнотулган суу ченегичтердин жардамында ишке ашырылат.

### Максат жана мониторинг

Сууну пайдаланууну кыскартуу боюнча конкреттүү сандык максаттар азырынча белгилене элек болсо дагы, банк 2025-2026-жылдарга карата сууну үнөмдөөнү артыкчылык катары карайт. Сууну пайдаланууну контролдоо банктын бардык инфраструктурасын камтыган эсептегичтер системасы аркылуу ишке ашырылат.



# Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу

### Директорлор кеңешинин көзөмөлү

Элдик Банктын Директорлор кеңеши корпоративдик башкаруу системасынын алкагында климаттык тобокелдиктерге жана мүмкүнчүлүктөргө стратегиялык көзөмөл жүргүзөт. Туруктуу өнүгүүгө, анын ичинде климаттык күн тартибине байланыштуу маселелерди кароо Туруктуу өнүгүү боюнча комитеттин компетенциясына кирет, ал Директорлор кеңешине үзгүлтүксүз отчет берет. Бекитилген ESG-стратегиясынын алкагында Банк климаттык тобокелдиктерди баалоону жыл сайын кайра карап чыгууга жана жаңылап турууга милдеттенет.

### Менеджменттин ролу

“Элдик Банк” ААК Башкармасынын Төрагасы Банктын ишинде климаттык күн тартибинин ишке ашырылышын тескейт. Климаттык маселелерди операциялык координациялоо, анын ичинде климаттык отчеттуулукту даярдоо Туруктуу өнүгүү боюнча департамент (ESG) тарабынан Банктын түзүмдүк бөлүмдөрү менен биргеликте ишке ашырылат.

### Идентификацияланган климаттык тобокелдиктер жана мүмкүнчүлүктөр (убакыт горизонттору боюнча)

Климаттык тобокелдиктер определяются Банком по следующим временным горизонтам:

- **Кыска мөөнөттүү (0–3 жыл):** энергоресурстарга баалардын жогорулашы, ченемдик өзгөрүүлөр;
- **Орто мөөнөттүү (3–10 жыл):** экологиялык стандарттарды күчөтүү, агросектордо субсидиялардын түзүмүн өзгөртүү;
- **Узак мөөнөттүү (10–30 жыл):** климаттын өзгөрүшү, кургакчылыктын жыштыгынын өсүшү, суу ресурстарынын азайышы, кредиттөөнүн негизги аймактарында түшүмдүүлүктүн төмөндөшү.

Негизгимүмкүнчүлүктөр жашыл кредиттөөнү, санариптештирүүнү жана энергиялык майнаптуу кызматтарды өнүктүрүүнү, ошондой эле ESG-инвесторлор арасында имиджди жакшыртууну камтыйт.

### Бизнеске, стратегияга жана финансылык пландоого таасири

“Климаттык тобокелдиктер” бөлүмүндө берилген баалоого ылайык, кредиттик портфелдин болжол менен 25%ын түзгөн агрардык сектордогу климаттын өзгөрүшү Банкка көбүрөөк таасир тийгизиши мүмкүн. Түшүмдүүлүктүн потенциалдуу төмөндөшү, мезгилдүүлүктүн өзгөрүшү жана кургакчылык карыз алуучулардын төлөө жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизип, кредиттик тобокелдиктерди жогорулатат. Бул стратегиялык пландаштырууда, тобокелдиктерди тескөөдө жана продукт саясатында климаттык факторлорду эске алууну талап кылат.

### Банктын стратегиясынын туруктуулугун баалоо

Банк **SSP1–2.6** (жылуу болууну 1.5°C чейин чектөө менен туруктуу жол), **SSP2–4.5** (2–2.7°C глобалдык жылуу болууда өнүгүүнүн туруктуу жолу), а также **SSP5–8.5** (чыгындылардын өсүшү жана 4°Стан жогору жылуу болуу менен интенсивдүү жол) кошо алганда, климаттык өнүгүү сценарийлерин эске алуу менен туруктуу стратегияны базалык текшерүүнү ишке ашырат. Баалоонун жыйынтыктары боюнча, портфелди диверсиикациялоонун азыркы деңгээлинде жана резервдер менен жабуу деңгээлинде климаттык тобокелдиктер опурталдуу эмес, бирок үзгүлтүксүз мониторингди жана жоопкылуу механизмдерин күчөтүүнү талап кылат. Кардарларды баалоого, өзгөчө агросектордо климаттык критерийлерди интеграциялоо пландалган.

### Климаттык тобокелдиктерди идентификациялоо жана баалоо процесстери

Банк тобокелдиктерди аныктоого интеграцияланган мамилени колдонот, анын ичинде:

- тобокелдиктердин олуттуулугун ар жылдык баалоо;
- кредиттик портфелди тармактык жана географиялык бөлүштүрүүнү талдоо;
- №4 Улуттук билдирүү жана КР NDC боюнча сценарийлерди талдоо;
- улуттук деңгээлде климаттык жана саясый өзгөрүүлөргө мониторинг.

### Климаттык тобокелдиктерди тескөө процесстери

Тескөө төмөнкүлөр аркылуу ишке ашырылат:

- карыз алуучуларды баалоо процессине климаттык аспекттерди киргизүү;
- жашыл продукт катарын өнүктүрүү;
- климаттык сценарийлер боюнча стресс-тесттерди өткөрүү;
- климаттык факторлорду эске алуу менен ички тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн тууралоо.

### Климаттык тобокелдиктерди тобокелдиктерди тескөөнүн жалпы системасына интеграциялоо

Климаттык тобокелдиктерди баалоо жана тескөө процесстери Банктын жалпы тобокелдиктерди тескөө системасына интеграцияланган. ESG-тобокелдиктерди тескөө кредиттик, рыноктук жана операциялык тобокелдик боюнча бөлүмдөр менен координацияланат, бул чечимдерди кабыл алуунун бардык этаптарында климаттык тобокелдиктерди эске алууга мүмкүндүк берет.

### Метрикалар

Банк төмөнкү көрсөткүчтөрдү пайдаланат:

**1. Өткөөл климаттык тобокелдиктерди тескөө индикаторлору**

- **Банктын көмүртек изи** – парник газдарынын чыгындыларынын көлөмү Scope 1, 2 жана келечекте Scope 3.
- **Көмүртек сыйымдуу тармактарды кредиттөө көлөмү** – абсолюттук маанилеринде жана жалпы портфелден үлүш катары.
- **Жашыл долбоорлорду каржылоо көлөмү** – ички критерийлер боюнча жана Кыргыз Республикасынын Жашыл таксономия долбооруна ылайык.
- **“Жашыл” кредиттөөнүн салыштырмалуу үлүшү –** кредиттөөнүн жалпы көлөмүнөн %.

**2. Физикалык климаттык тобокелдиктерди тескөө индикаторлору**

- **Физикалык климаттык тобокелдиктерге дуушар болгон портфелдин үлүшү** – тармактык жана аймактык көрсөткүчтөр боюнча баалоо (мисалы, айыл чарбасындагы насыялар).

### Максаттар

- Жашыл кредиттөөнүн үлүшүн көбөйтүү боюнча максат: 2027-жылга карата жалпы кредиттик портфелдин 10%ынан кем эмес;
- Энергия керектөөнү азайтуу боюнча максат: 2026-жылга карата кеңсе жайларынын чарчы метрине эсептөөдө -5%;
- Толук көмүртек изин эсептөө боюнча максат (3-камтууну, 15-категорияны кошо алганда): 2025-жыл;
- Агрардык портфель үчүн стресс-тест жүргүзүү боюнча максат: 2026-жыл

Жүргүзүлгөн талдоонун жана олуттуулугун баалоонун жыйынтыктары боюнча **кыска мөөнөттүү келечекте (жакынкы 3 жылда) өткөөл** климаттык тобокелдиктер Элдик Банктын иши үчүн олуттуу деп эсептелбейт жана азыркы учурда колдонуудагы тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө киргизилген эмес. 2023-жылы жүргүзүлгөн климаттык тобокелдиктерди баалоонун алкагында, чараларды көргөнгө чейин тобокелдиктердин потенциалдуу финансылык кесепеттери болжол менен **100 млн сом,** ал эми **бул тобокелдиктерди тескөө боюнча иш-чаралардын наркы** болжол менен **10 млн сом** деп бааланган.

**Ошол эле учурда физикалык климаттык тобокелдиктер Банк үчүн орточо деңгээлдеги маанилүүлүк катары бааланат.** Бул **кредиттик портфелдин эң чоң үлүшү (болжол менен 25%) айыл чарба секторуна туура келгендиги** менен шартталган, ал **Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерине кыйла аялуу** (анын ичинде кургакчылык, түшүмдүүлүктүн төмөндөшү, мезгилдүүлүктүн өзгөрүшү жана башка климаттык шоктор) секторлордун бири болуп саналат. Бул климаттык көрүнүштөр түшүмдүүлүккө жана айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн кирешелеринин туруктуулугуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн, бул өз кезегинде кардарлардын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн начарлоо тобокелдигин жогорулатат жана банк үчүн кредит жана операция тобокелдиктерин жогорулатат.

### Физикалык климаттык тобокелдиктер

**Физикалык тобокелдиктер** — бул климаттын өзгөрүшү менен байланыштуу табигый процесстердин жана кубулуштардын түз же кыйыр таасиринен келип чыккан зыяндардын, иштеги үзгүлтүктөрдүн же башка терс кесепеттердин ыктымалдуулугу. Бул тобокелдиктер **курч** (экстремалдуу аба ырайы: суу ташкыны, кургакчылык, катуу суук, деңиздеги катуу шамал ж.б.) дагы, **өнөкөт дагы** (климаттын узак мөөнөттүү өзгөрүшү: орточо температуранын өсүшү, жаан-чачындын өзгөрүшү, чөлгө айлануу, мөңгүлөрдүн эриши ж.б.) түрдө байкалышы мүмкүн.

**Таасирди баалоо шкаласы:**

| Баалоо | Таасирдин классификациясы |
|---|---|
| 1 | Таасир этпейт же минималдуу эпизоддук таасир. |
| 2 | Олуттуу эмес – финансылык көрсөткүчтөр үчүн кыска мөөнөттүү жана кайра калы-бына келүүчү кесепеттер. |
| 3 | Орточо – негизинен кыска мөөнөттүү мүнөздөгү кайра калыбына келүүчү системдүү кесепеттер. |
| 4 | Олуттуу – орточо/узак узактыктагы кайра калыбына келүүчү кесепеттер, кесепеттерди жоюу үчүн олуттуу ресурстарды талап кылат. |
| 5 | Опурталдуу – ченемдик талаптарды бузуу жана оордотуучу факторлордун пайда болушу менен (лицензияны артка чакыртып алууга чейин), финансылык туруктуулукка коркунуч жаратуучу кайра калыбына келбес кесепеттер. |

### Элдик Банк үчүн физикалык климаттык тобокелдиктерди баалоо

Маалыматты туруктуу ачыкка чыгаруунун эл аралык стандарттарына шайкеш келүү (атап айтканда, TCFD) жана климаттык туруктуулукту жогорулатуу максатында Элдик Банк түрлөрү боюнча (курч жана өнөкөт), ошондой эле убакыт горизонттору боюнча бөлүү менен физикалык климаттык тобокелдиктерге алдын ала баалоо жүргүзгөн:

- **Кыска мөөнөттүү горизонт** – 3 жылга чейин
- **Орто мөөнөттүү горизонт** – 3 жылдан 10 жылга чейин
- **Узак мөөнөттүү горизонт** – 10дон 30 жылга чейин

Баалоо агрессивдүү климаттык саясат жок болгондо социалдык-экономикалык өнүгүүнүн реалдуу траекториясын чагылдырган **SSP2–4.5** сценарийин пайдалануу менен **Климаттын өзгөрүшү жөнүндө БУУнун Алкактык конвенциясы боюнча Кыргыз Республикасынын төртүнчү улуттук билдирүүсүнүн** маалыматтарына негизделген. Кошумча төмөнкүлөр пайдаланылган:

- Кыргызгидрометтин метеорологиялык жана климаттык байкоолору
- Тармактар боюнча Банктын кредиттик портфелинин финансылык маалыматтары
- Тобокелдиктерди ички баалоо жана ESG-аналитика



Төмөнкү таблица убакыт горизонтторунун ар бири үчүн курч жана өнөкөт климаттык тобокелдиктердин мүмкүн болуучу таасирин баллдык баалоону (1ден 5ке чейинки шкала боюнча) камтыйт.

| Тобокелдиктин түрү | Убакыт горизонту | Баа | Негиздеме |
|---|---|---|---|
| Курч тобокелдиктер | Кыска мөөнөттүү (0–3 жыл) | 2 | Экстремалдуу аба ырайынын көрүнүштөрү (суу ташкыны, кургакчылык, сел агымдар) белгиленген, бирок алардын масштабы азырынча чектелүү жана көбүнчө локалдуу болот. |
| | Орто мөөнөттүү (3–10 жыл) | 3 | Экстремалдуу окуялардын жыштыгынын жана күчүнүн жогорулашы божомолдонот, бул иште үзгүлтүктөргө жана агрардык карыз алуучулар үчүн тобокелдиктерге алып келиши мүмкүн. |
| | Узак мөөнөттүү (10–30 жыл) | 4 | Климаттын экстремалдуулугунун туруктуу жогорулашы күтүлөт, бул инфраструктурага жана айыл чарбасына олуттуу зыян менен коркунуч келтирет. |
| Өнөкөт тобокелдиктер | Кыска мөөнөттүү (0–3 жыл) | 1 | Климаттын кыска мөөнөттүү өзгөрүүлөрү (температура, жаан-чачын) азырынча системдүү таасир тийгизбейт. |
| | Орто мөөнөттүү (3–10 жыл) | 3 | Температура режиминин жана жаан-чачындын өзгөрүшү агрардык өндүрүмдүүлүккө жана суу ресурстарынын туруктуулугуна таасирин тийгизип баштайт. |
| | Узак мөөнөттүү (10–30 жыл) | 5 | SSP2 4.5 сценарийиндеги божомол-дорго ылайык, климаттык өзгөрүүлөр (температуранын өсүшү, суу ресурстарынын жана мөңгүлөрдүн деградациясы, чөлгө айлануу) агросекторго жана азык-түлүк коопсуздугуна опурталдуу коркунуч жаратат. |

Кыргыз Республикасында климаттык таасирлерге өтө аялуу болгон айыл чарба секторундагы кредиттик портфелдин жогорку үлүшүн эске алуу менен, физикалык тобокелдиктер – өнөкөт да, курч да тобокелдиктер Банк үчүн олуттуу болуп саналат.

Төмөндөгү таблицада бул тобокелдиктердин Банк ишинин ар кандай аспекттери, анын ичинде кредиттөө, операциялык туруктуулук, стратегиялык пландаштыруу жана ликвиддүүлүктү башкаруу үчүн мүмкүн болуучу негизги кесепеттери берилген.

## Климаттык тобокелдиктердин потенциалдуу таасири

| Банктын иш чөйрөсү | Потенциалдуу таасир |
|---|---|
| **Кредиттик портфель** | Түшүмдүүлүктүн төмөндөшүнөн, чөлгө айлануудан, кыртыштын деградациясынан жана суунун тартыштыгынан улам карыз алуучуларды, өзгөчө айыл чарбасында жана чакан жана орто ишканаларда төлөө жөндөмдүүлүгүнүн акырындык менен төмөндөшү. Мөөнөтүн кечиктирүүлөрдүн өсүшүнө жана чыгашалар боюнча резервдердин көбөйүшүнө алып келиши мүмкүн. |
| **Аброй тобокелдиги** | Күчөгөн климаттык өзгөрүүлөр шартында адаптациялоо чараларынын жана туруктуу каржылоо инструменттеринин жоктугу эл аралык өнөктөштөрдүн жана инвесторлордун ишенимине таасир этиши мүмкүн. |
| **Операциялык чыгымдар** | Туруктуу инфраструктураны камсыз кылууга чыгымдардын көбөйүшү (мисалы, бөлмөлөрдөгү климат-контроль, МТ инфраструктурасын ысып кетүүдөн коргоо), өзгөчө орточо жылдык температура жогорулап жаткан аймактарда. |
| **Стратегиялык пландоо** | Каржылоо стратегиясын кайра карап чыгуу, географиялык белгилери боюнча тобо-келдиктерди баалоону кеңейтүү жана "жашыл" продукттар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшүн жогорулатуу зарылдыгы. |
| **Жою тобокелдиги** | Агрардык жана сууга көз каранды секторлордогу шарттар начарлаганда депозиттердин толкун сымал агып чыгышы же карыздарды реструктуризациялоого суроо-талаптын өсүшү байкалышы мүмкүн. |

**Физикалык тобокелдиктерди тескөө жана өз убагында жооп кылууну камсыз кылуу максатында Элдик Банк төмөнкү кадамдарды көрүүнү пландайт:**

- **Климаттык тобокелдиктерди ар жылдык кайра баалоону** жүргүзүү, анын ичинде алардын тизмесин жана пландоо горизонторун жаңыртуу;
- Агрардык кредиттик портфель үчүн **өткөөл тобокелдиктерди стресс-тестирлөө инструменттерин** иштеп чыгуу;
- Климаттык жана жөнгө салуучу өзгөрүүлөргө карата **айыл чарба секторундагы карыз алуучулардын аялуулугун талдоону** киргизүү;
- **Кредиттик андеррайтинг системасына климаттык аспекттерди интеграциялоо мүмкүнчүлүгүн** изилдөө.

### Өткөөл тобокелдиктер

**Өткөөл тобокелдиктер** – бул аз көмүртектүү жана туруктуу экономикага өтүү процессинде пайда болуучу тобокелдиктер. Бул тобокелдиктер компаниялардын ишине, активдердин түзүмүнө, күрөөлөрдүн наркына, продукттарга суроо-талаптын деңгээлине жана карыз алуучулардын финансылык туруктуулугуна таасир этүүчү ченемдик укуктук базадагы, мамлекеттик саясаттагы, рыноктук артыкчылыктардагы, технологиялардагы жана коомдук кабылдоодогу өзгөрүүлөр түрүндө байкалышы мүмкүн.

Банк сектору үчүн өткөөл тобокелдиктер төмөнкүлөргө алып келиши мүмкүн:

- кардарлардын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшү, өзгөчө көмүртек сыйымдуу тармактарда (мисалы, транспорт, курулуш, өнөр жай);
- күрөөгө коюлган мүлктүн наркынын жана тобокелдигинин өзгөрүшү;
- кызыкдар тараптардын күтүүлөрүнө шайкеш келбегестиктен улам операция жана аброй тобокелдиктеринин өсүшү;
- жөнгө салуучулар жана инвесторлор тарабынан талаптардын күчөшү.

ESG-отчётто Элдик Банк өткөөл тобокелдиктерди климаттык тобокелдиктер менен катар кредиттик портфелдин климаттык аялуулугунун ажырагыс бөлүгү катары карайт.

### Өткөөл климаттык тобокелдиктерди баалоо

Климаттын өзгөрүшүнүн орточо траекториясын жана тиешелүү мамлекеттик чараларды чагылдырган, **SSP2 4.5** сунушталган сценарийине ылайык, Элдик Банк кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү перспективада мүмкүн болуучу өткөөл тобокелдиктерди баалады. Мында төмөнкү негизги булактар колдонулду:

- **Климаттын өзгөрүшү жөнүндө БУУнун Алкактык конвенциясы боюнча Кыргыз Республикасынын төртүнчү Улуттук билдирүүсү (2023-жыл)**
- **Жаңыланган Кыргыз Республикасынын улуттук аныкталган салымы (2021-жыл)**

| Өткөөл тобокелдиктин түрү | Тобокелдиктин баяндалышы | Кыска мөөнөттүү (0–3 жыл) | Орто мөөнөттүү (3–10 жыл) | Узак мөөнөттүү (10–30 жыл) | Баалоону негиздөө |
|---|---|---|---|---|---|
| **Ченемдик-укуктук тобокелдик** | Жөнгө салуунун күчөө, көмүртектик салык салууну, тармактарды декарбонизациялоо боюнча талаптарды киргизүү тобокелдиги | 2 – | 3 – | 3 – | NDC максаттуу көрсөткүчтөрү, пландалган чыгындыларды азайтуу жөнгө салуунун күчөшүн ырастайт |
| **Технологиялык тобокелдик** | Туруктуу технологияларга өтүүдөн улам, активдердин, өзгөчө көмүртек сыйымдуу секторлордо активдердин эскириши | 1 | 3 | 3 – | Жаңылоого жана “жашыл” энергетикага өтүүгө чыгымдардын өсүшү, жаңы технологияларды киргизүү зарылчылыгы |
| **Рыноктук/ атаандаштык тобокелдик** | Экологиялык продукттардын жана кызматтардын пайдасына кардарлардын жана инвесторлордун каалоосундагы жылыш | 2 | 3 | 4 | Эл аралык өнөктөштөрдүн талаптары Жашыл каржылоого кызыгуунун жогору-лашы |
| **Аброй тобокелдиги** | Кардарлардын күтүүлөрүнө жана эл аралык стандарттарга шайкеш келбегендикте банктын аброюнун начарлашы | 2 | 3 | 4 | Климат-финансыларга эл аралык көңүл буруу; банктар, анын ичинде Элдик Банк үчүн тренингдер |
| **Финансы тобокелдиги (кредиттик портфель)** | Климаттык саясатка жооп катары көмүртек сыйымдуу секторлордогу карыз алуучулардын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн потенциалдуу төмөндөшү | 2 | 3 | 4 | Агросектор климатка карата өтө аялуу; NDC жана NC4 кредиттик саясатты адапта-циялоо зарылчылыгын көрсөтөт |



**Баалоонун жыйынтыктарына түшүндүрмө кошумча:**

- **Кыска мөөнөттүү перспектива (0–3 жыл):** Тобокелдиктер орточо жана системалуу мааниге ээ эмес бойдон калууда, анткени чыгынды деңгээли аз экономикага өтүү дагы эле баштапкы фазада турат.
- **Орто мөөнөттүү перспектива (3–10 жыл):** Жөнгө салуучу жана рыноктук өзгөрүүлөрдүн ыктымалдуулугу жогорулайт – өткөөл тобокелдиктер байкала баштайт.
- **Узак мөөнөттүү перспектива (10–30 жыл):** Уланган климаттык милдеттенмелер жана эл аралык тренддер менен өткөөл тобокелдиктер активдүү тескөөнү талап кылган олуттуу деңгээлге жетет.

Элдик Банктын кызматкерлери тобокелдиктерди, анын ичинде климаттык жана өткөөл тобокелдиктерди тескөө маселелери боюнча окуудан өтүшөт.

Атап айтканда:

- **Кредит департаментинин жана Тобокелдик-менеджменти департаментинин кызматкерлери** 2024-жылдын октябрынан 2025-жылдын февралына чейинки мезгилде климаттык тобокелдиктерди тескөө жана өтүүнү пландаштыруу боюнча төртүнчү мастер-классты кошо алганда, ЕРӨБ менен биргеликте Улуттук банктын Көзөмөл методологиясы башкармалыгы тарабынан уюштурган мастер-класстардын сериясына катышышты (2025-ж. 14-январы, Бишкек ш.);
- **Кредит департаментинин, Тобокелдик-менеджмент департаментинин жана Туруктуу өнүктүрүү боюнча департаменттин (ТӨБД) кызматкерлери,** ошондой эле **Банктын Директорлор кеңешинин жана Башкармасынын мүчөлөрү** "Финансы секторундагы климаттык күн тартип" темасы боюнча адистештирилген окутуу иш-чараларына катышышты.

Ошентип, климаттык туруктуулук жана ESG-талаптары маселелери боюнча Банктын персоналын окутуу туруктуу негизде жүргүзүлөт жана негизги бөлүмдөрдүн да, жетектөөчү органдардын жа кызматкерлеринин катышуусун камтыйт.

Өткөөл тобокелдиктерди тескөөнү күчөтүү үчүн төмөнкү чараларды ишке ашыруу пландалган:

- **Жөнгө салуучу демилгелерди талдоо:** туруктуу өнүктүрүү жаатындагы жаңы жана пландаштырылган улуттук жана эл аралык жөнгө салуучу талаптарга, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Жашыл таксономиясына, NDC жана көмүртек нейтралдуулугу стратегиясы боюнча милдеттенмелерге туруктуу мониторинг жүргүзүү жана талдоо.
- **Өткөөл тобокелдиктердин сценарийлерин иштеп чыгуу:** климаттык саясаттын ар кандай траекторияларын (анын ичинде <2°C сценарийи) эске алуу менен кредит портфелинин, өзгөчө көмүртек сыйымдуу секторлордун кирешелүүлүгүнө жана туруктуулугуна потенциалдуу таасирин баалоого мүмкүндүк берген сценарийлерди түзүү.
- **Кредиттик талдоо процессине ESG-факторлорду киргизүү:** ESG-анкетаны иштеп чыгуу жана өзгөчө сооданы, курулушту жана кайра иштетүүнү кошо алганда, аялуу тармактарда карыз алуучулардын кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүн баалоо жол-жоболоруна туруктуулук критерийлерин киргизүү пландалган.
- **Карыз алуучулардын маалымдуулугун жогорулатуу:** Туруктуу өнүгүү, климаттык талаптар, энергиялык майнаптуу жана "жашыл" технологияларды киргизүү маселелери боюнча карыз алуучуларга консультация берүү жана маалыматтык колдоо.
- **"Жашыл" финансылык продукттарды кеңейтүү:** туруктуу критерийлерге жооп берген долбоорлорду каржылоонун атайын шарттарын кошо алганда, өт-

**Өткөөл тобокелдиктердин таасир этүү потенциалы**

| Өткөөл тобокелдиктин түрү | Кардарларга потенциалдуу таасир | Кредиттик портфелге потенциалдуу таасир | Операциялык процесстерге жана абройго потенциалдуу таасир |
|---|---|---|---|
| **Экологиялык жөнгө салууларды күчөтүү** | Чакан жана орто бизнеске жана агробизнеске талаптардын жогорулашы чыгымдардын өсүшүнө, туруктуу технологияларга инвестициялардын зарылдыгына алып келиши мүмкүн | Адаптацияга даяр эмес кардарлардын арасында дефолт тобокелдигинин жогорулашы. Аялуу тармактарда көйгөйлүү кредиттердин үлүшү өсүшү мүмкүн | Ички саясатты жана жолжоболорду адаптациялоо зарылдыгы; кардарларды коштоп жүрүүгө чыгымдардын өсүшү; адаптациялоо кечиккенде мүмкүн болуучу имидж тобокелдиги |
| **Мамколдоодогу өзгөрүүлөр (субсидиялар, жеңилдиктер)** | Субсидиялардын азайышы же кайра бөлүштүрүү кардарлардын финансылык туруктуулугуна, өзгөчө айыл чарбасында таасирин тийгизиши мүмкүн | КММга, жер семирткичке, камсыздандырууга ж.б. субсидиялар жокко чыгарылган учурда кредиттик портфелдин сапатынын начарлоо ыктымалдуулугунун өсүшү | Жабыркаган сегменттерде тобокелдик моделдерин жана кредиттөө стратегияларын кайра кароо талап кылынат |
| **Маалыматты ачыктоого карата талаптарды күчөтүү (ESG)** | Чакан жана орто ишкерлер жана корпоративдик кардарлар ESG-отчетту даярдоодо жана жаңы талаптарга шайкеш келүүдө кыйынчылыктарга кабылышы мүмкүн | Эл аралык каржылоого жетүүдөгү потенциалдуу чектөөлөр, кардарларда рейтингдин төмөндөшү, бул төлөө жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизет | Кардарлардын ESG-профилин баалоо методологиясын түзүү зарылчылыгы, персоналды окутуу, шайкештиктин төмөнкү деңгээлинде абройлук тобокелдиктердин жогорулашы |
| **Инвесторлордун жана эл аралык өнөктөштөрдүн күтүүлөрүнүн өсүшү** | Процесстерди модернизациялоо, тастыктамалоо, өзгөртүү зарылчылыгы жаралат – / өзгөчө экспортко багытталган кардарлар үчүн | ESG-программалар жок болгондо кардарлар тышкы рыноктору жоготушу мүмкүн, бул кредит тобокелдигин жогорулатат | ESG-скринингди күчөтүү, "жашыл" андеррайтинг практикасын киргизүү, жаңы продукттарды өнүктүрүү талап кылынат |
| **Технологиялык өзгөрүүлөр** | Санариптештирүүгө, энергияны үнөмдөөсү жана туруктуу технологияларга инвестиция салуу муктаждыгы | Жаңы технологияларга инвестиция салууга жөндөмсүз болгон кардарлардын атаандашуу жөндөмдүүлүгү азыраак, бул мөөнөтүн кечиктирүү тобокелдигин жогорулатат | Банктын МТ-инфраструктурасын трансформа-циялоо зарылчы-лыгы; модернизациялоого ички чыгымдардын өсүшү |

көөл тобокелдиктерди жеңилдетүүгө түрткү берүүчү кредиттик продукттарды кеңейтүү.

- **Өнөктөштөр менен кызматташуу:** Туруктуу ишкердикти колдоо жана бизнести декарбонизациялоо боюнча улуттук жана эл аралык программаларга катышуу.

### Көмүртектин ички баасы

Климатка байланыштуу чечим кабыл алуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн Банк көмүртектин ички баасын эске алууга умтулат. Көмүртектин ички баасы – бул парник газдарынын чыгындысынын потенциалдуу акчалай наркын аныктоо жана климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерине, тобокелдиктерине жана мүмкүнчүлүктөрүнө тиешелүү чечим кабыл алуу процессин башкаруу үчүн корпоративдик деңгээлде колдонулган ички инструмент. Көмүртектин ички баасынын себептери Банктын парник газдарынын чыгындысына байланыштуу потенциалдуу финансылык чыгымдарын так түшүнүү, көмүртектин чыгындыларын так жөнгө салууга даярдануу, климаттык тобокелдиктерди тескөөнү биринчи кезекте өткөөл мезгилдин контекстинде өркүндөтүү, корпоративдик ESG-трансформациянын алкагында Банктын ички маданиятын өзгөртүү, ошондой эле кызыкдар тараптардын, анын ичинде инвесторлордун жана эл аралык финансы институттарынын күтүүлөрүн эске алуу зарылдыгын камтыйт. Банктын артыкчылыгы көмүртектин көмүскө баасы болуп саналат. Көмүртектин көмүскө баасы парник газдарынын чыгындыларынын теориялык наркын билдирет жана Банктын келечектеги мүмкүн болуучу көмүртекке баа түзүүгө жана чыгындылардын гипотетикалык наркынын Банкка жана анын финансылык көрсөткүчтөрүнө тийгизген таасирин баалоо үчүн ыктыярдуу түрдө колдонулат. Бааны алдын ала аныктоо талап кылынса да, иш жүзүндө акчалай транзакциялар болбойт. Көмүртектин ички максаттуу баасы бир тонна CO2-эквивалент үчүн 25 АКШ долларын (же 2,186 сомду) түзөт, бул Эл аралык валюта фондунун 2030-жылга карата киреше сиз төмөн өлкөлөрдө көмүртектин чыгындыларына салыкты киргизүү боюнча максаттуу көрсөткүчүнө туура келет. Көмүртектин көмүскө баасы 1 жана 2-категориядагы парник газдарынын чыгындыларын камтыйт.

### Климаттык мүмкүнчүлүктөр

Жүргүзүлгөн талдоонун алкагында Элдик Банк бир катар артыкчылыктуу климаттык мүмкүнчүлүктөрдү белгиледи, аларды ишке ашыруу анын рыноктук позицияларын бекемдөөгө, каржылоого жетүү мүмкүндүгүн жакшыртууга жана кызыкдар тараптардын ишенимин жогорулатууга түрткү бериши мүмкүн. Бул мүмкүнчүлүктөр Банктын финансылык көрсөткүчтөрүнө, ошондой эле жалпысынан Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизүү потенциалына ээ.

### 1. Жашыл кредиттөөнү кеңейтүү

Декарбонизациянын жана экономиканын туруктуулугун жогорулатуунун глобалдык жана улуттук трендин эске алуу менен, экологиялык туруктуу долбоорлорду колдогон финансылык продукттарга суроо-талаптын өсүшү күтүлүүдө. Элдик Банк жашыл кредиттерди берүү көлөмдөрүн кеңейтүүнү, анын ичинде Улуттук банктын жана эл аралык өнөктөштөрдүн колдоосу менен иштелип жаткан улуттук Жашыл таксономияга ылайык өз ишинин негизги багыттарынын бири катары карайт.

### 2. Аз көмүртектүү экономикага өтүүнү каржылоо жана эл аралык климаттык фонддорго жетүү мүмкүндүгү

Банк аз көмүртектүү экономикага өтүүнү каржылоо боюнча долбоорлорго активдүү катышууга умтулат. Бул төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Эл аралык климаттык капиталды бөлүштүрүүдө, анын ичинде **Жашыл климаттык фонддун (Green Climate Fund, GCF), Глобалдык экологиялык фонддун (GEF)** жана башка демилгелердин каражаттарына жетүүдө Банкты финансылык ортомчу катары позициялоо;
- Каржылоонун жеңилдетилген жана аралаш түрлөрүн кошо алганда, эл аралык финансы институттары (IFIs) менен биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга катышуу;
- Туруктуу инвестицияларды колдоо үчүн мамлекеттик жана жеке жактар менен кызматташтыкты бекемдөө.

### 3. Туруктуу облигацияларды иштеп чыгуу жана чыгаруу

Элдик Банк төмөнкү максаттарда “жашыл” жана туруктуу облигациялардын башка түрлөрүн чыгаруу мүмкүнчүлүгүн карайт:

- Жеке декарбонизациялоо жана ресурстардын натыйжалуулугун жогорулатуу программасын каржылоо;
- Кардарларды, өзгөчө айыл чарбада, энергетикада жана инфраструктурада туруктуу кредитөө портфелин кеңейтүү үчүн каражаттарды мобилизациялоо.

### 4. Кардарларга консультация берүү жана коштоо

Банк туруктуу өнүгүү жана жашыл каржылоо жаатында консалтингдик кызматтарды өнүктүрүүнү пландайт, анын ичинде:

- Жашыл каржылоо критерийлерине жооп берген долбоорлорду иштеп чыгууда кардарларды колдоо;
- Тышкы туруктуу каржылоону алуу үчүн ESG-тобокелдиктерди баалоого жана документтерди даярдоого жардам берүү.

### 5. Эл аралык климаттык демилгелерге катышуу


Климатка багытталган ассоциацияларга жана өнөктөштүктөргө мүчөлүк Банкка мүмкүндүк берет:

- Климаттык финансы жаатында кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу;
- Мыкты тажрыйбаларга, баалоо жана тобокелдиктерди тескөө куралдарына жетүү мүмкүндүгүн алуу;
- Социалдык жана экологиялык жоопту институт катары өзүнүн аброюн бекемдөө.

### 6. Кызыкдар тараптардын ишенимин жана берилгендигин жогорулатуу жогорулатуу

Климаттык демилгелерди активдүү ишке ашыруу төмөнкүлөргө түрткү берет:

- Банктын абройлук туруктуулугун жогорулатуу;
- Кардарлардын жана өнөктөштөрдүн жаңы категорияларын тартуу;
- Акционерлердин, жөнгө салуучулардын жана эл аралык байкоочулардын туруктуу өнүгүүгө көмөктөшүү боюнча Банктын аракеттерине канааттангандыгын жогорулатуу



# СОЦИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИК

04


Кызматкерлердин жумушчу күчүнүн жана профилинин сереби 46

Кызматкерлерге камкордук: мотивация жана өнүктүрүү 48

Персоналды кесипкөй өнүктүрүү жана окутуу 52

Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу 54

Адам укуктары 57

Кардарлардын алдындагы жоопкерчилик 59

# Кызматкерлердин жумушчу күчүнүн жана профилинин сереби

2024-жылдын аягына карата абал боюнча Элдик Банктын кызматкерлеринин жалпы тизмелик саны 2 266 адамды түзгөн. Бардык кызматкерлер туруктуу негизде иштешкен. Кошумча кызмат көрсөтүү келишимдери боюнча 102 адам иштеген. 2024-жылы толук эмес иштеген кызматкерлер болгон эмес.

### Кызматкерлерди жынысы боюнча бөлүштүрүү

Отчеттук мезгилдин аягына карата абал боюнча Банкта 2 266 кызматкер иштеген, алардын ичинде 1 348 аял – кызматкерлердин жалпы санынан 59%.

Аялдардын үлүшү:

- бардык жетектөөчү кызматтарда, анын ичинде кенже, орто жана жогорку жетектөөчү деңгээлдерде – жалпы жетектөөчү кызматтардын жалпы санынан 44%;
- жогорку жетектөөчү кызматтарда (Башкарманын Төрагасынан төмөн максимум эки деңгээл) – жогорку жетектөөчү кызматтардын жалпы санынан 29 %;
- киреше алып келүүчү функцияларды аркалаган жетектөөчү кызматтарда (мисалы, сатуу) - мындай жетекчилердин жалпы санынын 44 %ы (б. а. HR, IT, юридика бөлүмү ж.б. сыяктуу көмөкчү функцияларды эске албаганда)
- кенже жетектөөчү кызматтарда – жалпы кенже жетектөөчү кызматтардын 61%ы
- STEM (маалыматтык технологиялар, аналитика, тобокелдиктердерди тескөө, санарип сервистер) категориясына кирген кызмат орундарында - көрсөтүлгөн кызмат орундарынын жалпы санынын 41%ы.

| Жынысы | Саны | Жалпы санынан үлүш |
|---|---|---|
| Аялдар | 1 348 | 59 % |
| Эркектер | 918 | 41 % |

### Персоналдын курактык-кызматтык профили

| Кызматтын категориясы | 30 жашка чейин | 30–50 жаш | 50 жаштан улуу | Баары |
|---|---|---|---|---|
| Жетекчилер | 13 | 159 | 30 | 202 |
| Адистер | 774 | 1 040 | 118 | 1 932 |
| Административдик-чарбалык пер-сонал | 11 | 43 | 78 | 132 |
| Бардыгы | 798 | 1 242 | 226 | 2 266 |

### Персоналдын курактык-гендердик профили

| Кызматтын категориясы | 30 жашка чейин | 30–50 жаш | 50 жаштан улуу | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| Аялдар | 478 | 734 | 136 | 1348 |
| Эркектер | 320 | 508 | 90 | 918 |
| Бардыгы | 798 | 1 242 | 226 | 2 266 |

## Этностук профили

Элдик Банк өз кызматкерлеринин арасында этностук ар түрдүүлүктүн жогорку деңгээлин көрсөтөт. Отчеттук мезгилдин акырына карата Банкта 15тен ашык ар кандай этностук топтордун өкүлдөрүнөн турган, 2 266 кызматкер иштеген.

Эң көп үлүштү кыргыз улутунун өкүлдөрү түзөт – 2 184 адам, бул кызматкерлердин жалпы санынын 96,38%ын түзөт. Ошондой эле жамааттын курамында орустар (1,46%), өзбектер (0,71%), ошондой эле казак, татар, немис, уйгур, украин, дунган, түрк, даргин, карачай, корей жана курд улуттарынын өкүлдөрү бар. Бул этностук топтордун ар бири кызматкерлердин санынын 1%дан азын түзөт, бул кыргыздардын басымдуу көпчүлүгүнө карабастан, көп этностук чөйрөнүн бар экендигин баса белгилейт. Кенже, орто жана жогорку звенону кошо алганда, бардык башкаруу кызматтарындагы кыргыз улутундагы өкүлдөрдүн үлүшү 95%га жакынды түзөт, калган 5%ы башка улуттардан турат.

Банк жумушка алууда жана эмгек мамилелеринде теңдик жана басмырлабоо принциптерин сактайт, этностук таандыктыгына карабастан, бардык кызматкерлерге бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат.

**Улуту боюнча бөлүү менен компаниядагы кызматкерлердин түзүмү**

| Этностук профили | адам | % |
|---|---|---|
| Кыргыздар | 2 184 | 96.38 |
| Орустар | 33 | 1.46 |
| Өзбектер | 16 | 0.71 |
| Башкалар | 8 | 0.35 |

| Этностук профили | адам | % |
|---|---|---|
| Казактар | 7 | 0.31 |
| Татарлар | 3 | 0.13 |
| Уйгурлар | 3 | 0.13 |
| Немецтер | 2 | 0.09 |
| Украиндер | 2 | 0.09 |
| Дунгандар | 2 | 0.09 |
| Түрктөр | 2 | 0.09 |
| Даргиндер | 1 | 0.04 |
| Карачайлар | 1 | 0.04 |
| Корейлер | 1 | 0.04 |
| Курддар | 1 | 0.04 |

## Кадрлардын туруксуздугу

2024-жылы иштен бошотуулардын жалпы саны 330 адамды түзгөн, **Жаңы кызматкерлердин жалпы саны – 541**

| Иштен бошотуу түрү | Саны |
|---|---|
| Иш берүүчүнүн демилгеси боюнча | 3 |
| Өз каалоосу боюнча | 327 |

2024-жылы кадрлардын туруксуздугунун жалпы жылдык коэффициенти 14,5%ды түздү, мында ошол эле мезгилде ыктыярдуу туруксуздуктун деңгээли 14,4%ды түзгөн.

**Курактык топтор боюнча кадрлардын туруксуздугу:**

| Курактык категория | Иштен бошотулгандардын саны | Жаңы кызматкерлердин саны |
|---|---|---|
| 30 жашка чейин | 131 | 286 |
| 30–50 жаш | 172 | 237 |
| 50 жаштан улуу | 27 | 18 |

**Жыныс боюнча бөлүү менен кардлардын туруксуздугу:**

| Жынысы | Иштен бошотулгандардын саны | Жаңы кызматкерлердин саны |
|---|---|---|
| Аялдар | 162 | 298 |
| Эркектер | 168 | 243 |

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 86-беренесине ылайык, массалык жумуштан бошотуу жөнүндө чечим кабыл алууда иш берүүчү үч айдан кеч эмес иш менен камсыз кылуу органдарына билдирүүгө жана жумуштан бошотуунун кесепеттерин жеңилдетүү маселелери боюнча кызматкерлердин өкүлдөрү менен консультацияларды баштоого милдеттүү.

## Ички илгерилетүү жана жалдоо наркы

Өзүнүн персоналды өнүктүрүү жана карьералык өсүштү колдоо боюнча саясатынын алкагында Элдик Банк **ички талапкерлердин эсебинен бош орундарды жабууну** активдүү колдонуп келет.

2024-жылы башкы банк боюнча ички талапкерлер ээлеген кызмат орундарынын саны 122 позицияны түздү, бул отчеттук мезгилде жабылган бош орундардын жалпы санынын 30,5%ын түзөт. Бул Банктын кызматкерлерге карьералык өсүш үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана ички кадрдык потенциалды өнүктүрүүгө инвестициялоо аракетин чагылдырат.

Ошондой эле 2024-жылдагы ESG-отчётту даярдоонун алкагында Банк биринчи жолу **бир штаттык бирдикке карата орточо жалдоо наркы (FTE)** жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарат.

2024-жылы средняя стоимость найма одного сотрудника составила **501 сом.**

Элдик Банктын кадрлар түзүмү аялдардын жана 30-50 жаш курактагы адистердин жогорку үлүшү менен айырмаланат. Ыктыярдуу туруксуздуктун деңгээли жол берилген чекте калууда, бул туруктуу кадр саясатын көрсөтүп турат. Ошондой эле Банк баланы багуужана кош бойлуулук боюнча өргүүлөрдү берүү менен ата-энелик укуктарды активдүү колдоп келет.

# Кызматкерлерге камкордук: мотивация жана өнүктүрүү

**Элдик Банк** эмгек акынын атаандашууга жөндөмдүү деңгээлин камсыз кылууга умтулат, бул квалификациялуу кызматкерлерди натыйжалуу тартууга, кармап калууга жана өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Сый акы эмгек акынын бир түрү катары гана эмес, Банктын стратегиялык максаттарына жетүүдөгү персоналдын салымын таануу куралы катары да каралат.

Банкта **Кызматкерлерге эмгек акы жана башка төлөмдөрдү төлөө жөнүндө жобо** иштейт, ал сый акыны түзүүгө жана бөлүштүрүүгө карата мамилени жөнгө салуучу негизги ички документ болуп саналат. Эмгек акы системасы төмөнкүлөрдү камтыйт:

- **Белгилген бөлүк** – базалык эмгек акы;
- **Белгиленбеген бөлүк –** майнаптуулукка жана натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүнө (ННК) жетишүүгө негизделген, сыйлык жана кызыктыруучу төлөмдөр.

Сыйлоо системасы Банктын стратегиялык жана операциялык максаттарын аткарууга, туруктуу финансылык жыйынтыктарга жетишүүгө жана кесиптик стандарттардын сакталышына түздөн-түз байланыштуу. Жеке ННК бөлүмдөрдүн жоопкерчилик зонасына жана кызматкерлердин кызматтык милдеттерине ылайык аныкталат. Кызматкерлердин ишинин жыйынтыктарына жана жылдык негизги көрсөткүчтөрдүн аткарылышына байланыштуу болгон бул сый акыны эсептөө көрсөткүчтөрдү аналитикалык талдоо аркылуу ишке ашырылат.

### Кызыктыруучу төлөмдөрдүн түрлөрү

Корпоративдик мотивация саясаттын алкагында сыйлыктардын төмөнкүдөй түрлөрү каралган:

- материалдык жардам жана бир жолку жөлөк пулдар;
- кызматтык милдеттерин өз убагында жана сапаттуу аткаргандыгы үчүн бир жолку сыйлыктар;
- белгиленген тапшырмаларды жана иш-чараларды ак ниеттүү аткаргандыгы үчүн бир жолку сыйлыктар;
- отчеттук мезгил ичиндеги иштин жыйынтыктары боюнча сыйлыктар;
- бир жылдагы эмгек ишмердигинин жыйынтыктары боюнча сыйлыктар.

Элдик Банкта сыйлык төлөмдөрү ар бир кызматкер үчүн иштеген мезгил, кызматтык милдеттерин аткаруунун сапаты жана бөлүмдүн максаттарына жетүүгө кошкон салым сыяктуу критерийлерди кошо алганда, белгиленген натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнө ылайык жекече негизде жүзөгө ашырылат. Бардык төлөмдөр **жынысынан көз карандысыз,** теңдик жана басмырлоого жол бербөө принциптеринде жүзөгө ашырылат.

Сыйлыктарды төлөө ички контролдоо чөнемдеринин сакталышын, тобокелдиктин деңгээлин, ички документтердин жана жөнгө салуу ченемдеринин талаптарынын аткарылышын эске алуу менен тууралангышы мүмкүн. Бүтүндөй Банк боюнча же иштин конкреттүү багыты боюнча тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн лимиттеринин бузулушу же терс финансылык жыйынтыктар болгон шартта, Банк бонустарды төлөөнү жарым-жартылай же толук жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Сыйлык алуу укугу кызматкер Банкта эки ай иштегенден кийин пайда болот.

### Тобокелдиктерди контролдоо жана тескөө функцияларынын көз карандысыздыгы

Тобокелдик-менеджментти кошо алганда, ички контролдоо функцияларында алектенген кызматкерлер үчүн эмгек акы фондунун өлчөмү алар контроль жүргүзгөн бөлүмдөрдүн финансылык жыйынтыктарынан көз каранды болбойт. Бул корпоративдик башкаруунун ак ниеттүүлүк жана туруктуулук принциптерине шайкеш келген контролдоо чечимдеринин объективдүүлүгүн жана көз карандысыздыгын камсыз кылат.

Ошентип Элдик Банк кызматкерлерди жогорку кесиптик стандарттарга жетишүүсүнө жана Банктын туруктуулугун бекемдөөгө түрткү берүү менен адилеттүү, ачык-айкын жана жыйынтыкка багытталган мотивация системасын түзөт.

### Кызматкерлердин санын жана эмгек акыны гендердик бөлүштүрүү

**2024-жылдын 31-декабрына** карата абал боюнча Банкта 2 266 кызматкер иштеген, алардын ичинде:

| Жынысы | Кызматкерлердин саны | Жалпы санынан үлүш | Жалпы эмгек акы фондундагы үлүш |
|---|---|---|---|
| Аялдар | 1 348 | 59 % | 48,87 % |
| Эркектер | 918 | 41 % | 51,13 % |

Мында эркектердин эмгек акысынын орточо өлчөмү айына 90 877 сомду, ал эми аялдар үчүн айына 67 821сомду түзгөн.

Салыштыруу үчүн, **2020-жылдын 31-декабрына** карата абал боюнча кызматкерлердин саны 1 627 адамды түзгөн:

| Жынысы | Кызматкерлердин саны | Жалпы санынан үлүш | Жалпы эмгек акы фондундагы үлүш |
|---|---|---|---|
| Аялдар | 983 | 60 % | 49,16 % |
| Аялдар | 644 | 40 % | 50,84 % |

2024-жылы Элдик Банк эмгек акыдагы жана сыйлык төлөмдөрүндөгү гердердик ажырымдын денгээлине талдоо жүргүзгөн.

Жыйынтыктар эмгек акыдагы орточо гендердик ажырым 25,4%ды, ал эми медианалык - 14,5%ды түзгөн, бул салыштырылган категорияларда эркектер менен аялдардын кирешелер деңгээлинин ортосундагы айырманы чагылдырат.

Бонустук төлөидөрдү талдоонун жыйынтыктары боюнча, бонустарда орточо гендердик ажырым 14,3%ды, ал эми медианалык-10,8%ды түзгөн.

Маалыматтардан көрүнүп тургандай, Элдик банкта эмгек акыда гендердик ажырым анча олуттуу эмес жана жалпы эмгек акы фондундагы эркектердин үлүшүнүн өсүшүнө карабастан, төмөндөө тенденциясын көрсөтүп турат. Банк гендердик таандыктыгына жана башка басмырлоочу факторлорго карабастан, окшош эмгек үчүн бирдей эмгек акы төлөө принцибин карманyу менен, бирдей кызматтык милдеттерди аткарган жана салыштырмалуу жыйынтыктарга жетишкен эркектер менен аялдар үчүн бирдей эмгек акыны камсыз кылууга умтулат. Орточо эмгек акыдагы гендердик ажырым жалпысынан кыйла жогорку сый акы менен мүнөздөлүүчү, башкаруу кызмат орундарында эркектердин көптүгү менен түшүндүрүлөт.

### Бонустар жана кошумча жеңилдиктер системалары

Кызматкерлерди сыйлоо жана социалдык колдоону бекемдөө үчүн банк төмөнкүдөй бонустарды жана төлөмдөрдү берет:

- Мамлекеттик жана кесиптик майрамдарга бир жолку сыйлыктар.
- Чет өлкө валютасында киреше алуу үчүн бонустар.
- Бардык жылдык өргүү төлөмдөрүн милдеттүү түрдө төлөөдөн тышкары, өргүүгө материалдык жардам
- Банк кызматкерлеринин ортосундагы биринчи никелешүүдө материалдык жардам.
- Жакын тууганы каза болгон учурда материалдык жардам.

### Эмгек акыны индекстөө

2024-жылы **эмгек акыны индекстөө Банктын бардык кызматкерлерине карата** жүргүзүлгөн. Индекстөө инфляциянын жана эмгек рыногун, ошондой эле банктын финансылык көрсөткүчтөрүн талдоонун негизинде жүргүзүлгөн.

| Көрсөткүч | Мааниси |
|---|---|
| **Индекстөө менен камтуу** | 100 % кызматкер |
| **Жогорулатуунун орточо өлчөмү** | 20 % |

## АР ТҮРДҮҮЛҮК, ТЕҢДИК ЖАНА ИНКЛЮЗИВДҮҮЛҮК ПРОГРАММАЛАРЫ

Элдик Банк ченемдик документтерде жана кадрдык практикада тиешелүү принциптерди бекемдөө менен, инклюзивдүүлүк, адилеттүүлүк жана тең мүмкүнчүлүктөр маданиятын ырааттуу өнүктүрүп жатат. Бул чөйрөдө саясатты аныктоочу негизги документтер:

- **Элдик Банк ААКнын кадр саясаты** 2018-жылдан бери колдонулат, персоналды башкарууда жалпы багытты камсыз кылат. 2024-жылы анын жаңы редакциясы бекитилген (24.10.2024-жылдагы N°60-3), ага бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу, басмырлоого жол бербөө, карьералык өнүгүү жана турмуштук оор жагдайга кабылган кызматкерлерди колдоо сыяктуу чөйрөлөрдө Банктын стратегиялык багыттарын аныктоочу негизги өзгөртүүлөр киргизилген. Жаңы редакция Банктын мыкты практикаларга ылайык инклюзивдүү жана адилеттүү корпоративдик маданиятты курууга умтулуусун чагылдырат;
- **Кызматкерлердин корпоративдик этика кодекси** (19.09.2024-жылдагы N°63-11) – айырмачылыктарга урматтоо менен мамиле кылуунун ченемдерин, кызматкерлердин теңдик, ачыктык жана социалдык жоопкерчилик принциптерин сактоо милдетин бекемдейт.

Социалдык аспекттерди кошо алганда, туруктуу өнүгүү боюнча ички компетенциялар борбору катары иштеген Туруктуу өнүгүү боюнча департаменти (ESG) ар түрдүүлүк жана инклюзивдүүлүк боюнча демилгелерди координациялоо үчүн жооптуу болуп саналат.

Этика кодексинин жана кадр саясатынын жоболорунун негизинде Банкта төмөнкү принциптер ишке ашырылат:

- Жынысынан, жашынан, майыптыгынан жана башка мүнөздөмөлөрүнөн көз карандысыз, **жумушка орношуудагы жана карьералык өсүштөгү мүмкүнчүлүктөрдүн теңдик;**
- Кызматкерлерди жалдоодо, окутууда, баалоодо жана илгерилетүүдө **басмырлоого жол бербөө;**
- **Кызматкерлердин жеке өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын урматтоо,** анын ичинде ийкемдүү жумуштуулук форматтары, анын ичинде ата-энелер жана камкордук кылган адамдар үчүн;
- **Гендердик баланс** жана аялдардын башкарууга катышуусун колдоо;
- Жеке реабилитациялоо программаларын эске алуу менен **майыптыгы бар кызматкерлерди** эмгек процесстерине интеграциялоо;
- **Ички урматтоо жана кызматташтык маданиятын өнүктүрүү.**

### Башкаруу органында жынысы боюнча өкүлчүлүк

| Башкаруу органы | Аялдар | Эркектер |
|---|---|---|
| **Башкарма** | 2 | 5 |
| **Директорлор кеңеши** | 1 | 4 |

### Инклюзивдүүлүк жана майыптыгы бар адамдарды ишке орноштуруу

2024-жылы Элдик Банкта **майыптыгы бар үч кызматкер** жумушка алынды. Мындан тышкары **мурдатан иштеген эки кызматкер** бир жыл ичиндк 1 жана 2-топтогу майыптыкты алышты. Реабилитациядан өткөндөн кийин алар жеке калыбына келтирүү программаларына ылайык жана ден соолук үчүн тобокелдиксиз, мурунку шарттарда өз милдеттерин аткарууга киришти.

### Жаш адистерди өнүктүрүү жана такшалмалар программасы

2024-жылы Элдик Банк жаш адистерди тартуу, кадрлар резервин түзүү жана жаштардын эмгек интеграциясын колдоо боюнча саясатты жигердүү ишке ашырууну улантты. Корпоративдик туруктуу өнүгүү стратегиясынын алкагында банк чөйрөсүндө карьерага кызыккан студенттер жана бүтүрүүчүлөр үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү артыкчылыктуу бойдон калды.

### Жаңы кызматкерлерди алуу жана көндүрүү

Отчеттук жыл ичинде такшалмалардын жыйынтыгы боюнча Банкка **160 жаңы кызматкер** кабыл алынган. Ар бир жаңы кызматкерди натыйжалуу көндүрүү максатында Банкта **насаатчылык программасы** иштейт – ар бир стажерго тажрыйбалуу кызматкерлерден насаатчы дайындалат, ал жаңы кызматкерди кызматка кирүү процессинде коштоп жүрөт, ички процесстерди өздөштүрүүгө жана корпоративдик маданиятка ыңгайлашууга жардам берет.

### Такшалмалар программасынын түзүмү

Элдик Банкта такшалма бекитилген **Практикадан жана такшалмадан өтүү тартиби жөнүндө** жобонун негизинде уюштурулат (20.07.2023-жылдагы N°41_4). Программа башкы кеңсе да, филиалдык тармакта да ар кандай түзүмдүк бөлүмдөрдү камтыйт. 2024-жылы **275 адам** такшалмадан өтүп, анын ичинен 160 адам практиканы ийгиликтүү аяктоонун жыйынтыгы боюнча **туруктуу жумушка алынган.**

Стажерлор реалдуу иш процесстерине тартылат, операциялык жана кардарлардын ишине катышышат, ички тренингдерден, анын ичинде тейлөө сапатынын стандарттары жана банктык продуктулар боюнча тренингдерден өтүшөт. Билимди практикалык колдонууга, soft skills өнүктүрүүгө жана кесиптик компетенцияларды калыптандырууга басым жасалат.

### Университеттер менен кызматташуу жана жаштар арасында илгерилетүү

2024-жылы Банк билим берүү мекемелери менен өз ара аракеттенүүнү активдүү кеңейтти:

- Университеттерде **бош орундар жармаңкесине** катышуу;

- Студенттер үчүн **мастер-класстарды жана лекцияларды** өткөрүү;
- Бир катар жогорку окуу жайлары менен **кызматташуу жөнүндө келишимдерге** кол коюу;
- Жаштарды ишке орноштуруу маселелерине арналган **тегерек үстөлдөргө** катышуу;
- **"Жаштар такшалмасы" мамлекеттик программасына** тартуу, бул жаштардын кесиптик тажрыйбага жетүү мүмкүндүгүн кошумча кеңейтүүгө мүмкүндүк берди;
- Жумушка жалдоо географиясын кеңейтүү үчүн **аймактарда иш-чараларды** уюштуруу.

## Кызматкерлердин кызыккандыгы жана кайтарым байланыш

2024-жылы Элдик Банк кызматкерлердин кызыккандыгын күчөтүү жана кызматкерлерден кайтарым байланышты алуу жана талдоо үчүн натыйжалуу каналдарды түзүү боюнча системалуу ишти улантты. Бул багыт HR-департаменти тарабынан тескелет, ачык жана кайрымдуу корпоративдик маданиятты калыптандыруу боюнча демилгенин алкагында ишке ашырылат.

### Кайтарым байланышты топтоо жана талдоо

Масштабдуу жана ар жылдык сурамжылоолор үчүн 2024-жылы **Survio** санарип платформасы, ошондой эле **@eldik_space ички Instagram-баракчасында** сторич форматында чакан сурамжылоо колдонулган, бул персонал менен коммуникациянын ыкчам жана жеткиликтүү формасын камсыз кылды.

Кызматкерлердин Survio платформасында сурамжылоолорго катышуу деңгээли бүтүндөй Банк боюнча **65%дан ашыкты** түзгөн, бул персоналдын жогорку кызыккандыгын жана демилгеге ишенимди тастыктап турат.

Чогултулган маалыматтар **E.Meta** ички долбоорунун алкагында иштелип чыгат, ал кызыккандык деңгээли боюнча кызматкерлердин сапаттуу сегментациясын жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Сурамжылоонун бардык катышуучулары төрт категория боюнча бөлүштүрүлөт:

- **Амбассадорлор** (өтө кызыккан кызматкерлер);
- **Нейтралдар;**
- **Детракторлор** (канааттангандыгы төмөн болгон кызматкерлер);
- **Кызыккандар** (процесске кызыгып баштайт).

Бул топтордун ар бири үчүн **атайын программалар жана демилгелер** иштелип чыгат: окутуу иш-чаралары, тимбилдингдер, конкурстар, мотивациялык сессиялар. Мындан тышкары жыйынтыктарды талкуулоого жана чечимдерди кабыл алууга **филиалдардын жана бөлүмдөрдүн жетекчилери** тартылат, бул жамааттын суроо-талаптарына жана муктаждыктарына так жооп берүүгө мүмкүндүк берет.

### Ички коммуникация каналдары

Ыкчам маалымат алмашуу жана ички корпоративдик байланыштарды бекемдөө үчүн Банкта ар кандай каналдар жигердүү колдонулат:

- **Outlook корпоративдик почта** – негизги формалдуу коммуникация каналы;
- **Instagram-баракчасы @eldik_space** – визуалдык контент, мотивация жана тартуу үчүн;
- **Telegram-каналдары** – тез жаңыртуулар жана бейформал баарлашуу үчүн;
- **Strava тиркемеси** – спорттук жана тимбилдинг активдүүлүктөрүнүн алкагында колдонулат;
- **Talent Rocks** – жаңы кызматкерлерди көндүрүү жана окутуу үчүн иштелип чыккан ички платформа

### Жумуш менен жеке жашоонун ортосундагы баланс жана эмгек шарттарынын ийкемдүүлүгү

Элдик Банкта кызматкерлердин кесипик ишт менен жеке жашоосунун ортосундагы балансқа көмөктөшкөн, ыңгайлуу эмгек шарттарын түзүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Эмгек акынын деңгээлин баалоодо банк кызматкерлердин сый акысы жашоо наркын баалоонун негизинде аныкталуучу, болжолдонгон жашоо минимумунан жогору болгонун камсыз кылып, экономикалык жана социалдык шарттарды эске алат. Ошондой эле Банк эмгек акы көз карашынан эмгек рыногуна салыштырмалуу талдоо жүргүзөт.

**Өргүүлөр жана өргүмөлөр.** Кызматкерлерге өргүүлөрдүн ар кандай түрлөрү берилет, анын ичинде:

- Акы төлөнүүчү милдеттүү эмгек өргүүсү (ар жылдык),
- эмгек акы сакталбаган өргүү,
- акы төлөнүүчү баланы башуу боюнча өргүү: кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүү (эмгекке жарамсыздык) – 126/140 күн (акы төлөнүүчү, бийик тоолуу аймактар үчүн 140 күн жана калган башка аймактар үчүн үчүн 126 күн)
- бала 3 жашка чыкканга чейин баланы багуу үчүн акы төлөнбөгөн өргүү (1068 күн, жумуш ордун сактоо менен)
- окуу өргүүсү,
- Мөөнөттөн ашык иштеген убакыт үчүн жана жүйөлүү себептер боюнча, анын ичинде: жакын тууганынын өлүмү, никелешүү, баланын төрөлүшү, мааракe, ошондой эле кан жана анын компоненттерин бергендиги үчүн акы төлөнүүчү өргүмөлөр.

### Иш графигинин ийкемдүүлүгү

Бекитилген **Аралыктан иштөө жөнүндө жобого** ылайык, кызматкерлердин белгилүү категориялары аткарган милдеттеринин мүнөзүнө жараша аралыктан иштөөгө укуктуу. Бул мүмкүнчүлүк эмгекке канааттангандыкты жогорулатууга жана стресстин деңгээлин төмөндөтүүгө өбөлгө түзөт.

2024-жылы толук эмес жумуш күнү шарттарындагы контракттардын үлүшу **колдонулган эмес.**

Мыйзамдарга ылайык, Банктагы эмгек шарттары мөөнөттөн ашык иштөөгө жол бербөөгө же кыскартууга контроль жүргүзөт. Кызматкерлердин контракты жумуш убактысынын максималдуу узактыгы белгилөөнү карайт.

## Сергек жашоо образын жайылтуу боюнча спорттук иш-чаралар жана демилгелер

**Сергек жашоо образын** колдоо жана кызматкерлердин дене бой активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү боюнча программанын алкагында Элдик Банк ар кандай спорттук иш-чараларды жана демилгелерди уюштурат.

Отчеттук мезгил ичинде Банктын кызматкерлери улуттук деңгээлдеги бир катар сорттук иш-чараларга катышты, анын ичинде:

- **Банктар арасында футзал боюнча Кыргызстандын кубогу;**
- **Волейбол боюнча банктар аралык аялдар турнири;**
- **Волейбол боюнча банктар аралык эркектер турнири;**
- **Кыргызстандын банктар кубогуна үстөл тенниси боюнча турнир;**
- **FIDE эрежелери боюнча Кыргызстандын банктар кубогуна тез шахмат боюнча командалык турнир;**
- **Bishkek Run Snow Leopard марафону;**
- **Чуңгурчак тоо-лыжа базасына чыгуу.**

- **“ElSport Fest II” спартакиадасы**
- ошондой эле командалык рухту чыңдоого жана сергек жашоо маданиятын өнүктүрүүгө багытталган башка спорттук мелдештер жана корпоративдик иш-чаралар.

Бул демилгелер **кызматкерлердин ден соолугун жакшыртууга,** алардын катышуусун жогорулатууга жана активдүү жана сергек жашоо образына багытталган **корпоративдик маданиятты** түзүүгө көмөктөшөт.

**Кызматкерлерди өнүктүрүү фонду (КӨФ)** – жагымдуу иш чөйрөсүн колдоо, корпоративдик маданиятты жогорулатуу жана кызматкерлерди социалдык жактан коргоо максатында түзүлгөн жумушчулардын ыктыярдуу бирикмеси. КӨФ ишинин негизги багыттары жумушчулардын материалдык-тиричилик муктаждыктарын каржылоо, корпоративдик иш-чараларды уюштуруу, ошондой эле жамаатты колдоо пландарын ишке ашыруу болуп саналат. Оор жашоо кырдаалына кабылган кызматкерлерге колдоо көрсөтүүнүн алкагында 2024-жылы социалдык жардам фондунан **332 969 сом** төлөнгөн. Бул каражаттар жоготуу, оору жана башка социалдык муктаждыктар учурунда жардам көрсөтүүгө багытталган. Кызматкерлердин жалпы санынын 99%ы бул кесиптик бирликтин мүчөлөрү болуп саналат.

| Көрсөткүч | Суроонун номери жана мазмуну |
|---|---|
| **Жумушка канааттангандык (Job satisfaction)** | 29-суроо: “Мен Банкта иштөө менен жеке жашоонун ортосундагы балансқа канааттанам” (77,95%)<br>19-суроо: “Менин эмгек акым Банкта жумушка мен кошкон салымга ылайык келет” (57,78%) |
| **Жумуштун мааниси / Максат (Purpose)** | 08-суроо: “Банкты өнүктүрүү миссиясы жана максаттары менин жумушум маанилүү экенин сезүүгө аргасыз кылат” (93,95%) |
| **Бакыт / жакшы кабылдлп (Happiness)** | 14-суроо: “Банк менин жыргалчылыгыма кам көрөт” (86,15%)<br>27-суроо: “Банкта жайлуу жана коопсуз иштөө үчүн бардык шарттар түзүлгөн” (83,25%) |
| **Стресс / психоэмоционалдык абал (Stress)** | 28-суроо: “Менин жумушумда стресстин деңгээли алгылыктуу жана жол берилген болуп саналат” (77,61%) |

## 2024-жылы кызматкерлерди сурамжылоонун жыйынтыктары

2024-жылы корпоративдик маданиятка жана ички климатка үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүнүн алкагында Элдик Банк кызматкерлерге сурамжылоо жүргүздү. Анын максаты **кызматкерлердин катышуу** деңгээлин, жумушка канааттангандыгын, ички мотивацияны, эмоционалдык абалды жана Банктын миссиясын кабылдоону аныктоо болгон. Сурамжылоого 788 кызматкер катышкан. Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча, 2024-жылы Банктын кызматкерлеринин катышуу деңгээли 80,03%ды, анын ичинде эркек кызматкерлер – 82,99%ды, аял кызматкерлер – 76,92%ды түзгөн.

## Кызматкерлер демилгелеген кайрымдуулук жана тилектештик

2024-жылы Элдик Банктын кызматкерлери турмуштук оор кырдаалда турган кесиптештерин колдоо үчүн демилгелүү каражат чогултууну уюштуруу менен тилектештиктин жана өз ара жардамдашуунун жогорку деңгээлин көрсөтүштү.

Өрттөн натыйжасында үйү жабыркаган юридика департаментинин кызматкери Эркинбек уулу Сагынга көрсөтүлгөн жардамы ачык мисалдардын бири болду. Кесиптештери анын эсебине **200 000 сомдон** ашык акча чогултуп, которушкан.

Ош аймагынын филиалдарынын кызматкерлерине тасирин тийгизген селге байланыштуу Банктын бардык бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин биргелешкен аракети менен **1 055 649 сом** чогултулуп, жабыркандарга колдоо көрсөтүүгө багытталган.

Ошондой эле кызматкерлер кесиптештеринин жеке кайрылууларына, анын ичинде үй-бүлө мүчөлөрүнүн катуу оорусуна байланыштуу кайрылууларына көмөк көрсөтүшкөн. Мындай учурлар жөнүндө маалымат Банктын ичинде таратылып, чогултулган каражаттар түздөн-түз муктаж болгондорго жумшалган.

Алсак, 2024-жылы кызматкерлер ыктыярдуу түрдө **472 237 сом** чогултушкан, ал эң муктаж болгон кызматкерлерге берилген.

2024-жылы Элдик Банктын кызматкерлери кайрымдуулук демилгелерине активдүү катышып, натуралай түрдө жардам көрсөтүштү. Акциялардын биринин алкагында Ош облусунун Мырза-Аке айылындагы балдар үйүнө колдоо көрсөтүлдү. Банктын кызматкерлери 90 бала үчүн кир жуугуч машина, муздаткыч жана таттууларды тапшырышты, ошондой эле кийимдерди, оюнчуктарды, китептерди жана тиричилик техникасын чогултуп беришти. Бул кайрымдуулук балдар үйүнүн тарбиялануучуларынын жашоо шартын жакшыртууга өбөлгө түздү жана банктын жамаатынын социалдык жоопкерчилигинин жогорку деңгээлин чагылдырат.

Мындай демилгелер өз ара колдоого, адамгерчиликке жана урматтоого негизделген күчтүү корпоративдик маданиятты ырастайт



# Персоналды кесипкөй өнүктүрүү жана окутуу




2024-жылы Элдик Банк кесиптик окутуу жана кадрларды даярдоо жаатында масштабдуу демилгелерди ишке ашыруу менен адам капиталын өнүктүрүүгө жогорку жактоочулугун көрсөттү. Мында 2023-жылы түзүлгөн Элдик банк Академиясы негизги ролду ойноду, бул бир эле убакта ички билим берүү борбору жана функционалдык тренерлердин жана тышкы провайдерлердин күчү менен кызматкерлердин тажрыйбасын, билимин алмашуу жана квалификациясын жогорулатуу үчүн ачык платформа.

### Кызматкерлерди жалпы окутуу

Отчеттук мезгилдин ичинде Банктын кызматкерлеринин олуттуу саны кесиптик тренингдерге, анын ичинде жалпы банктык программаларга, ошондой эле аймактардагы максаттуу окутуу иш-чараларына багытталган. Окуудан өткөн кызматкерлердин жалпы саны 2 995 адамды түздү (графикти караңыз), тренингдин орточо узактыгы 3-4 саат. Башкача айтканда, окуу сааттарынын жалпы саны болжол менен 10,483 саатка барабар болгон. Банктын кадрларды даярдоого чыгашалары отчеттук мезгилде 10 621 000 млн сомго бааланган. 2024-жылы бир кызматкерди окутууга жана өнүктүрүүгө (FTE) жумшалган орточо сумма 4,687 сомду түздү.

### Милдеттүү тренингдер жана кесиптик тастыктамалоо

Кызматкерлери башкаруу системасынын жана жөнгө салуучу талаптардын сакталышынын алкагында Элдик Банк негизги багыттар боюнча кызматкерлерди милдеттүү түрдө окутууну камсыз кылат:

- **Төлөм каражаттарынын аныктыгын аныктоо боюнча окутуу (ТСАА 1-деңгээли)** - кассирлерди, улук кассирлерди, касса башчыларын кошо алганда, касса бөлүмдөрүнүн кызматкерлери, ошондой эле кечки, көчмө жана аманат кассаларынын кызматкерлери үчүн өткөрүлөт.
- **Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга каршы аракеттенүү (ТИ/ККЛКА) боюнча окутуу** – комплаенс-контроль боюнча адистерге жана филиалдардын директорлоруна арналган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (Улуттук банк) талаптарына ылайык, ушул тренингдерден өтүү жана тиешелүү сертификаттарды алуу жогоруда көрсөтүлгөн категориялардагы кызматкерлер үчүн милдеттүү болуп саналат. Бул кесиптик компетенттүүлүктүн жогорку деңгээлин жана финансылык коопсуздук стандарттарынын сакталышын камсыз кылат.

## 2024-ЖЫЛДЫН ДОЛБООРЛОРУ:

### "Кайдзен" долбоору

Январдан июнь айына чейин Элдик Академиясы тренер-консультант Назира Кенжеева менен биргеликте банктык процесстерде Кайзен системасынын принциптерин киргизүүгө жана жайылтууга багытталган окутуу иш-чараларынын сериясын өткөрдү. “Процесстердеги жоготуулардын түрлөрү жана аларды четтетүү боюнча практикалык тренинг”, ошондой эле “Кардарга багытталгандык” темалары боюнча окутуудан башкы кеңсенин жана филиалдардын 249 кызматкери өтүшкөн. Буга кошумча Бишкек шаарындагы филиалдарда жүргүзүлгөн “жашыруун сатып алуучу” талдоосунун негизинде **фронт-кеңсенин 102 кызматкери** үчүн “Депозиттер”, “PCK 24”, “Кардарга багытталгандык” жана “Тейлөө сапатынын стандарттары” темалары боюнча тереңдетилген окутуу уюштурулган.

### “Элдик класс” долбоору

Ички компетенцияларды өнүктүрүү жана ички окутуунун сапатын жогорулатуу максатында HR-департаменти ар кандай түзүмдүк бөлүмдөрдөн **12 функционалдык тренерди** тандап алган. Бул кызматкерлер “Ораторлук чеберчилик”, “Насаатчылык”, “Тренерлер үчүн тренинг”, “Сторителлинг”, “SMM” жана “Амбассадорлук” программалары боюнча даярдыктан өтүшкөн.

### Лидерлик академиясы

Түзүмдүк бөлүмдөрдүн башчылары үчүн ишке киргизилген лидерлик дараметти өнүктүрүү боюнча долбоор **7 комплекстүү модуль** боюнча окуудан өткөн **35 катышуучуну** камтыган, анын ичинде:

- Өзгөртүүлөр стратегиясы,
- Ишкер этикет,
- Ички коммуникациялар,
- SOFT POWER жана эмоционалдык интеллект,

- Команданы башкаруу жана талантты өнүктүрүү,
- Инсандык өнүгүү жана стресс-менеджмент,
- Банк чөйрөсүндө ЖИ жана Big Data колдонуу боюнча практикум.

### Жеринде окутуу (техникалык окутуу)

2024-жылы филиалдар үчүн жер-жерлерде техникалык окутууларды өткөрүүнүн бирдиктүү программасы иштелип чыккан жана ишке киргизилген. Мурда ар бир филиал жеке окуу планын жана форматын түзгөн, бул түзүмү, узактыгы жана мазмуну боюнча олуттуу айырмачылыктарга алып келген.

Жаңы программанын максаты филиалдардын кызматкерлерин үзгүлтүксүз окутууну уюштуруу үчүн бирдиктүү стандартты түзүү болду. Бул персоналдын кесиптик көндүмдөрүн өркүндөтүүгө, жоопкерчилик чөйрөсүн кеңейтүүгө, кадрлар резервин түзүүгө, ошондой эле пландарды, учурдагы көйгөйлөрдү жана оперативдүү милдеттерди талкуулоого багытталган техникалык окутуу менен планеркалардын/жыйындардын ортосун так чектөөгө өбөлгө түзөт.

Жыл бою Элдик Академиясы белгиленген форматтын сакталышын камсыз кылуу менен, жер-жерлерде окутууларды өткөрүү процессин көзөмөлдөгөн.

### iSpring Learn корпоративдик окутуунун онлайн-платформасы

Окутуу процесстерин автоматташтыруу, жаңы кызматкерлерди тез адаптациялоо жана алыскы филиалдар үчүн аралыктан окутуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында Банкта iSpring Learn санариптик билим берүү платформасы ишке киргизилген.

Анын аркасында кызматкерлер тиркемени алдын ала орнотуп, Академия аркылуу кирүү мүмкүндүгүн алып, күндүн каалаган убагында смартфон же планшет аркылуу окуй алышат. Платформа Академияга күндүзгү окутууну жүргүзүүгө, ошондой эле реалдуу убакыт шарттам кызматкерлердин прогрессин текшерүүгө мүмкүндүк берет.

Элдик академиясы түзүмдүк бөлүмдөр менен биргеликте окуу маңыз жигердүү иштеп чыгат жана платформаны жаңы материалдар менен үзгүлтүксүз толуктап турат.

Платформадагы биринчи долбоор жаңы кызматкерлер үчүн “Элдик банкка кош келиңиз” курсу болду. Курстун алкагында Банктын ишмердүүлүгү, коопсуздук техникасы, маалыматтык коопсуздук, комплаенс-контроль, тобокелдиктерди тескөө, ошондой эле корпоративдик маданият жөнүндө материалдар сунушталат. Окуу аяктагандан кийин кызматкерлер материалды өздөштүрүүнү текшерүү тестинен өтүшөт.

Мындан тышкары платформада “Маалыматтык коопсуздук”, “Кассалык тартип” жана “ESG” темалар боюнча окутуу курстары жайгаштырылган.

### “Элге кызмат” долбоору

2024-жылдын октябрында бекитилген тейлөө концепциясынын негизинде кардар сервисинин сапатын жогорулатууга багытталган “Элге кызмат” масштабдуу долбоору башталган.

Биринчи этапта ар бир филиалда операция бөлүмүнүн кызматкери тандалып алынган, ага долбоорду ишке киргизүү жана кардар сервисин өнүктүрүү үчүн жоопту болгон сервис-менеджердин ролу тапшырылган.

3-октябрдан тартып 6-октябрга чейинки мезгилде 53 сервис-менеджер үчүн комплекстүү окутуу уюштурулган. Программа кардарга багытталгандык, профилдик банктык билим, сатуу психологиясы жана финансылык сабаттуулук боюнча темаларды камтыган. Окутуу кызматкерлердин мотивациясынын, демилгелүүлүгүнүн жана кызыккандыгынын өсүшүнө өбөлгө түзүп, олуттуу натыйжа берди.

Андан ары долбоор аймактардагы фронт-кеңсенин кызматкерлерин окутуу этабына өттү, аны Элдик Академиясынын функционалдык тренерлери кызматтын сапат бөлүмү менен биргеликте өткөрүштү.

2024-жылдын октябрынан декабрына чейин үч облус камтылган: Нарын, Баткен жана Ош. Профилдик темалар боюнча 243 кызматкер, кардарларга багытталган кызмат боюнча – 272 кызматкер окутулган.

## ТИЛ КУРСТАРЫ

### Англис тили


2024-жылы англис тили боюнча корпоративдик окутуу кызматтарын сатып алуу боюнча тендер өткөрүлгөн. Анын жыйынтыгында Борбордук Азиядагы Америка университетинин Аралыктан окутуу борбору (БААУ АОБ) менен келишим түзүлгөн. Кызыккан кызматкерлердин тизмеси түзүлгөндөн кийин билимдин учурдагы деңгээлин аныктоо жана окуу топторуна бөлүштүрүү үчүн кирүү тести уюштурулган.

Окутуу үч деңгээл боюнча онлайн жүргүзүлгөн: **Elementary, Pre-Intermediate** жана **Intermediate.** Бир деңгээлдин узактыгы – үч ай. Окутуу программасына 38 кызматкер киргизилген, алардын ичинен 20сы курсту ийгиликтүү аякташкан. 2025-жылдын январында жаңы окуу топторун түзүү менен программаны улантуу пландалган.

### Кыргыз тили

2024-жылы мамлекеттик тилди үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн алкагында Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия жана БААУ АОБ менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн. Окууну каалагандардын тизмеси түзүлгөн, ошондой эле топторго бөлүү максатында билим деңгээлин баалоо үчүн тестирлөө жүргүзүлгөн.

Кыргыз тили курсун 2025-жылдын январь айына баштоо пландалган.



# Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу

**Элдик Банк** кардарлардын жана персоналдын физикалык коопсуздугун камсыз кылууну корпоративдик жоопкерчиликтин жана туруктуу башкаруунун негизги элементтеринин бири катары карайт. ESG системасынын алкагында бул маселелер социалдык жана башкаруу компоненттеринин артыкчылыктарына кирет.

### 1. Саясат жана стратегиялык мамиле

Элдик Банк кызматкерлердин ден соолугуна жана коопсуздугуна кам көрүү биздин корпоративдик жоопкерчилигибиздин ажырагыс бөлүгү жана туруктуу өнүгүүнүн негизги фактору экенин тааный. Банкта Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, ошондой эле мыкты эл аралык тажрыйбаларды жана стандарттарды, анын ичинде **ISO 45001** эске алуу менен иштелип чыккан **эмгекти коргоону жана коопсуздукту башкаруу системасы (Occupational Health and Safety - OHS)** иштейт.

**Саясат төмөнкүлөргө жайылтылат:**

- башкы кеңсесин жана аймактык бөлүмдөрүн кошо алганда, **Банктын бардык бөлүмдөрү жана филиалдары;**
- жумуштуулук абалынан жана кызмат ордунун деңгээлинен көз карандысыз, **бардык кызматкерлер;**
- эгерде тиешелүү милдеттенмелер келишимдерде каралса же өз ара аракеттенүүнүн мүнөзүнөн келип чыкса (мисалы, Банктын аймагында подрядчылардын иши), Банктын контролу астында ишти аткаруучу **контрагенттер, подрядчылар, агенттер, консультанттар жана башка жактар.**

**Банктын негизги милдеттенмелери:**

- Эмгекти коргоо боюнча улуттук мыйзамдардын жана **эл аралык стандарттардын** талаптарын, анын ичинде ыктыярдуу программаларды жана тармактык демилгелерди сактоо;
- Эмгекти коргоо жана коопсуздук чөйрөсүндө чечимдерди кабыл алууда **кызматкерлер менен консультация** жана кызматкерлердин өкүлдөрүнүн катышуусу;
- OHS системасынын натыйжалуулугун **үзгүлтүксүз жакшыртуу,** анын ичинде ыкмаларды жана жол-жоболорду үзгүлтүксүз кайра карап чыгуу;
- Эмгекти коргоо жана коопсуздук деңгээлин жогорулатуу боюнча **артыкчылыктарды жана иш-аракеттер планын** белгилөө;
- OHS көрсөткүчтөрүн жакшыртуу жана аларга жетишүүнү контролдоо **сандык максаттарды жана KPI** аныктоо;
- "Элдик Банк" ААКнын Ишкердик этика кодексинин **бир бөлүгү катары,** стратегиялык чечимдер үчүн жооптуу жогорку орган катары **Директорлор кеңешинин деңгээлинде Эмгек коопсуздугу жана ден соолукту сактоо саясатын (OHS)** колдоо жана бекитүү.

### Эмгекти коргоо жана кызматкерлердин ден соолугун сактоо жаатындагы программа

Банк кесиптик тобокелдиктерди тескөөгө, эмгек шарттарын жакшыртууга жана коопсуздук деңгээлин жогорулатууга багытталган комплекстүү программаны ишке ашырат. 2024-жылы программанын негизги багыттары төмөнкүлөрдү камтыган:

1. Зыяндын потенциалдуу булактарын аныктоо жана алдын алуу чараларын иштеп чыгуу үчүн **жумуш орундарындагы тобокелдиктерди жана коркунучтарды баалоо.**
2. Тобокелдиктерди минималдаштыруу үчүн конкреттүү максаттуу көрсөткүчтөр менен **иш-аракеттердин артыкчылыктуу пландарын иштеп чыгуу.**
3. Иштин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуунун жалпы планына өзгөчө **кырдаалдарга жооп кылуу чараларын интеграциялоо.**
4. Белгиленген KPI негизинде кесиптик ооруларды жана майып болуучулукту азайтуудагы **прогресске мониторинг жүргүзүү.**
5. Банктын эмгекти коргоо кызматы тарабынан жүргүзүлүүчү жумуш орундарына **ички инспекция.**
6. Инциденттерди жана жумушка байланыштуу ооруларды жана **инциденттерди иликтөө жол-жоболору.**
7. Эмгекти жана ден соолукту коргоо маселелери боюнча **кызматкерлерди окутуу жана квалификациясын жогорулатуу,** анын ичинде операциялык тобокелдиктерди азайтуу жана коопсуздук маданиятын жогорулатуу боюнча программалар.
8. **Сатып алуу процесстерине жана подряддык келишимдерге OHS-критерийлерди интеграциялоо,** анын ичинде жеткирип берүүчүлөрдүн коопсуздук стандарттарын сактоо милдеттенмелерин интеграциялоо.

2024-жылы Банктын HR-департаментинин кызматкерлери эмгекти коргоо жана ден соолукту сактоо жаатында квалификацияны жогорулатуу боюнча тастыктамаланган курстан өтө башташты. Тастыктаманы алуу учурдагы процесстерди кесипкөй деңгээлде бекемдөөгө, алардын улуттук мыйзамдардын талаптарына жана эл аралык стандарттарга ылайык келишин камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Окууну аяктагандан кийин тастыктамаланган адис Банкта эмгекти коргоо системасын өнүктүрүүгө, анын ичинде төмөнкүлөр үчүн жооптуу болуп расмий түрдө дайындалат:

- кызматкерлерди окутуу жана консультация берүү;
- бардык жол-жоболордун жана ченемдик талаптардын аткарылышын контролдоо;
- эмгекти коргоо программасын үзгүлтүксүз өркүндөтүү;
- алдыңкы практикага ылайык процесстерди системалаштыруу жана документтештирүү.

### OHS натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү

| Көрсөткүч | 2023 | 2024 |
|---|---|---|
| **Майып болуучулук деңгээли (LTIFR)** | 0,0 | 0,0 |
| **Каттalган кырсыктардын саны** | 0 | 0 |
| **OHS боюнча окуудан өткөн кызматкерлердин саны** | 100% | 100% |
| **Абсентеизм коэффициенти (AR)** | **1,1%** | **2,6%** |

Банк ишинде коопсуздуктун жогорку деңгээлин камсыз кылуу максатында расмий бекитилген, принциптерди жана жол-жоболорду аныктаган ички документтер колдонулат:

- Банктын имараттарында жана орун жайларында **өткөрүү жана объект ичиндеги режимди уюштуруу жөнүндө нускама** (Башкарманын 2023-жылдын 4-октябрындагы № 65/18 токтому менен бекитилген);
- **Персоналдардын жана объекттердин коопсуздугун уюштуруу боюнча негизги талаптар жөнүндө жобо** (Башкарманын 2025-жылдын 23-январындагы № 04/6 токтому менен бекитилген).

Бул документтер жетүү мүмкүндүгүн, коргоону, өзгөчө кырдаалдарда жүрүм-турумду уюштурууну жөнгө салат, ошондой эле коопсуздук эрежелеринин сакталышы үчүн жоопкерчиликти аныктайт.

Коопсуздук жаатындагы саясатты ишке ашыруу үчүн **жооптуу түзүмдөр** болуп саналат:

- **Коопсуздук департаменти** (объектини кайтаруу бөлүмүн кошо алганда);
- **Филиалдардын жетекчилери,** аймактык бөлүмдөрдүн деңгээлинде.

## 2. Техникалык жана уюштуруучулук коопсуздук чаралары

Банктын бардык негизги объекттеринде кызматкерлерди жана кардарларды ишенимдүү коргоону камсыз кылуу үчүн заманбап коопсуздук системалары киргизилген:

| Техникалык коопсуздук чаралары | Болушу |
|---|---|
| Видеобайкоо системасы | ✓ |
| Күзөт-өрт сигнализациясы | ✓ |
| Кассалардагы жана кардарлар зонасындагы коркунуч баскычтары | ✓ |
| Кирүүнү көзөмөлдөө жана башкаруу системасы (ККБС) | ✓ |

Кассалык түйүндөрдө жана кардарларды тейлөө аймактарында **шашылыш жооп кылуу пункттары** жана **коркунуч баскычтары** орнотулган, бул коркунучтарга ыкчам жооп кайтарууга жана мүмкүн болуучу окуялар алдын алууга мүмкүндүк берет.

## 3. Кайтарууну уюштуруу

Банк объекттердин спецификасына ыңгайлуу мамилени камсыз кылыр, **айкалышкан кайтаруу моделин** колдонот:

- **Алты объектте** кайтаруу Банктын **Коопсуздук департаментинин** күчү менен ишке ашырылат.
- Калган объекттерде алардын категориясына жараша кайтарууну камсыз кылышат:
  - **КР ИИМ бөлүмдөрү** (Ички иштер министрлигинин Күзөт кызматы);
  - же келишимдик негизде **жеке күзөт ишканалары (ЖКИ).**

Бул ыкма коопсуздук ресурстарын тобокелдиктерге, адамдардын келүү деңгээлине жана аймактык аялуулукка жараша ийкемдүү бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет.

## 4. Карактоонун алдын алуу жана өзгөчө кырдаалдарга жооп кылуу

**Элдик Банк** банктын кардарларына, кызматкерлерине жана мүлкүнө карата укукка каршы аракеттердин алдын алууга өзгөчө маани берет. 2024-жылы **карактоо же карактоо аракеттери катталган эмес,** бул учурдагы коопсуздук чараларынын натыйжалуулугун көрсөтүп турат.

Кол салуу, коркунучтар же башка өзгөчө кырдаалдар учурунда ыкчам чара көрүүнү камсыз кылуу үчүн Банкта кызматкерлердин иш-аракеттеринин сценарийлерин жана шашылыш кызматтар менен өз ара аракеттенүү тартибин жөнгө салган **ички ченемдик документтер (ИЧД)** колдонулат.

Эвакуациялоо практикасын, шектүү буюмдарды табуу боюнча иш-аракеттерди, ошондой эле зордук-зомбулук инциденти болгон учурдагы иш-аракеттерди кошо алганда, **Жарандык коргонуу боюнча пландын** алкагында **үзгүлтүксүз окуулар жана инструктаждар** жүргүзүлөт. Филиалдардагы жооптуу адамдар учурдагы тобокелдиктерге ылайык келгендей персоналды системдүү даярдоону камсыз кылышат.

## 5. Кызматкерлерди окутуу жана кардарларга маалымдоо

Банктын кызматкерлери кызматка киришүүдө **милдеттүү инструктаждан** өтүшөт, ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Жумуш ордунда жеке коопсуздуктун негиздери;
- **Чыр-чатактуу кырдаалдар** пайда болгондо таанып-билүү жана жүрүм-турум;
- **Шектүү адамдар же буюмдар** менен иштөө эрежелери.

Инструктаждар **филиалдардын директорлору** же алардын орун басарлары тарабынан өткөрүлөт жана документ түрүндө бекитилет.

Кеңселердеги кардарлар үчүн өзгөчө кырдаалдардагы **жүрүм-турум эрежелери жөнүндө маалымдоо** каралган. Мындан тышкары Банкта **ыктыярдуу кошуундар** – атайын даярдыктан өткөн кызматкерлер түзүлгөн, алар зарыл болгондо ишке ашырышат:

- Кардарларды жана персоналды эвакуациялоо;
- Шашылыш кызматтар менен координация;
- Кесипкөй түзүмдөр келгенге чейин тартипти жана коопсуздукту камсыз кылуу.

## 6. Мамлекеттик түзүмдөр менен өз ара аракеттенүү

Өзгөчө кырдаалдарга жана кылмыштуу кол салууларга байланыштуу коргоо жана тобокелдиктерди минималдаштыруу системасын бекемдөө максатында **Элдик Банк мамлекеттик түзүмдөр менен активдүү өз ара аракеттенет,** анын ичинде:

- **Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги (КР ИИМ);**
- **Өзгөчө кырдаалдар министрлиги (ӨКМ);**
- **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана адистештирилген күзөт кызматтары.**

Банктын укук коргоо органдары менен **кызматташуу жөнүндө кол коюлган макулдашуулары** бар, алар камтыйт:

- Коркунучтардын алдын алуунун алкагында маалымат алмашуу;
- Мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн жарандык коргонуу боюнча окууларга катышуусу;
- Филиалдарда коопсуздукту камсыз кылуу боюнча биргелешкен профилактикалык иш-чаралар.

## 7. Алыскы жана аялуу аймактардагы коопсуздук

**Алыскы, чек арага жакын же социалдык жактан сезимтал райондордо** жайгашкан филиалдар үчүн коопсуздук **Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларын** эске алуу менен жана ФКМ категориясына (аялуулук деңгээли боюнча филиалдар) ылайык уюштурулган.

Мындай филиалдарда:

- **Күчөтүлгөн коргоо чаралары** колдонулат;
- **ИИМдин бөлүмдөрү же жеке күзөт уюмдары** тартылат;
- Кошумча **техникалык коргоо каражаттары,** анын ичинде кайталануучу коркунуч сигналдары жана реалдуу убакытта мониторинг киргизилет.

## 8. Инкассация жана акча каражаттарын коргоо

**Элдик Банк** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын, персоналды жана материалдык баалуулуктарды коргоого багытталган ички регламенттерди жетекчиликке алуу менен, инкассация процесстеринин коопсуз уюштурулушун камсыз кылат.

### Инкассация системасын уюштуруу:

- **Инкассация өз күчү менен ишке ашырылат** – акча каражаттарын коопсуз урунуу жана штаттан тышкаркы кырдаалдарга жооп кылуу боюнча атайын даярдыктан өткөн, штаттык инкассаторлорду тартуу менен.
- Төмөнкүлөр менен жабдылган **адистештирилген автотранспорт** колдонулат:
  - кузовду бронялуу коргоо жана бронайнек;
  - **GPS-мониторинг** системасы (контроль “ДБ GPS-мониторинг” ЖЧК аркылуу жүргүзүлөт);
  - **видеобайкоо** жана шашылыш жардам каражаттары (коркунуч баскычы);
- Зарыл болгондо кошумча **экинчи коштоо экипажы** тартылат.

**Персоналды жана акча каражаттарын коргоо боюнча чаралар:**

- Ар бир инкассатордук топ **куралдуу күзөт** менен комплекттелет (**МР-71 жана Сайга-410** тибиндеги курал бирдиктери колдонулат);
- Штаттан тышкаркы кырдаалдардгы иш-аракеттер боюнча **күн сайын инструктаж жүргүзүлөт;**
- Ташуулар **бекитилген каттамлар жана графиктер боюнча** гана жүргүзүлөт, бул тобокелдиктерди минималдаштырууга жана ыкчам контролду жогорулатууга мүмкүндүк берет;
- Инкассация Банктын локалдык ченемдик документтеринде чагылдырылган, **ички регламенттерге жана коопсуздук протоколдоруна** ылайык жүзөгө ашырылат.

Элдик Банкта коопсуздукту камсыз кылуу системасы **ченемдик базанын, техникалык жабдылгандыктын, персоналды даярдоонун жана мамлекеттик түзүмдөр менен өз ара аракеттенүүнүн** айкалышында түзүлөт. Банк өзгөчө жогорку тобокелдик шарттарында же филиалдар алыс аймакта жайгашкан шарттарда өз кардарларын жана кызматкерлерин коргоо механизмдерин туруктуу өркүндөтүүгө умтулат.



# Адам укуктары

Адам укуктарын урматтоо жана сактоо Элдик Банктын туруктуу өнүгүүсүнүн жана корпоративдик жоопкерчилигинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Банктын адам укуктары жаатындагы милдеттенмелери Экологиялык жана социалдык саясатта бекемделген жана Ишкердик этика кодексин жана Кадр саясатын кошо алганда, бир катар ички регламенттерде колдоого алынган.

Банк адам укуктары жаатында эл аралык таанылган стандарттарды жана принциптерди сактайт, анын ичинде:

- 1948-жылдын 10-декабрында Бириккен улуттар уюмунун Башкы ассамблеясынын 217 A (III) резолюциясы менен кабыл алынган жана жарыяланган Адам укуктарынын жалпы декларациясы
- Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт;
- ЭЭУнун эмгек чөйрөсүндөгү негизги принциптер жана укуктар жөнүндө декларациясы;
- БУУнун бизнес жана адам укуктары боюнча жетектөөчү принциптери;
- БУУнун Глобалдык келишими;
- Экологиялык жана социалдык туруктуулукту камсыз кылуу боюнча IFC стандарттары, атап айтканда:
  - IFC Performance Standard 1 (Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди жана таасирлерди баалоо жана тескөө),
  - Performance Standard 2 (Эмгек жана эмгек шарттары),
  - Performance Standard 4 (Ден соолук, коопсуздук жана эмгекти коргоо),
  - Performance Standard 5 (Жер пайдалануу жана көчүү),
  - Performance Standard 7 (Түпкү элдер),
  - Performance Standard 8 (Маданий мурас).

**Адам укуктары жаатындагы саясат төмөнкү негизги милдеттенмелерди камтыйт:**

- бардык жеке операцияларында жана иш түрлөрүндө адам укуктарын урматтоо;
- адам укуктарынын бузулушун алдын алуу;
- балдар жана мажбурлаган эмгекти пайдаланууга, анын ичинде кулчулуктун жана адам сатуунун заманбап түрлөрүнө тыюу салуу;
- биригүү эркиндигин сактоо, кесиптик бирлик ишмердигине катышуу укугу жана жамааттык сүйлөшүүлөр;
- басмырлоонун бардык түрлөрүнүн, анын ичинде жынысы, курагы, этностук таандыктыгы, дини, социалдык теги, саясий көз караштары жана башка белгилери боюнча басмырлоонун алдын алуу;
- бирдей эмгек үчүн бирдей эмгек акыны камсыз кылуу;
- татыктуу сый акыга, коопсуз эмгек шарттарына, жумуш менен жеке жашоонун ортосундагы тең салмактуулукка укукту таануу;
- жеке кол тийбестикке жана жеке жашоого болгон укукту урматтоо.

Элдик Банк **кызматкерлердин биригүү эркиндигине** жана жамааттык сүйлөшүүлөргө катышуу укугун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана эл аралык ченемдерге, анын ичинде ЭЭУнун N°87 жана N°98 Конвенцияларына ылайык таанып жана урматтайт. Банк кызматкерлердин кесиптик бирликтерин, ассоциацияларды жана башка өкүлчүлүктүү органдарды түзүүсүн же ишин чектебейт.

Отчетту даярдоо учурунда Банкта жамааттык келишим түзүлгөн эмес, бирок кызматкерлер эркин биригүүгө жана сүйлөшүүлөргө катышууга укуктуу.

Банк кызматкерлердин биригүү эркиндигине болгон укугун кошо алганда, эмгек укуктарынын сакталышына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүнүн маанилүүлүгүн таанып жана кайтарым байланыш, анын ичинде тынымсыз байланыш жана HR-кызматына кайрылуу үчүн каналдарды сунуштайт.

### Жеткирип берүүчүлөргө жана өнөктөштөргө карата колдонуу:

Адам укуктары жаатындагы милдеттенмелер кызматкерлерге жана Банктын ишине гана эмес, ошондой эле жеткирип берүү чынжырына жана өнөктөштүк мамилелерге да жайылтылат. Элдик Банк жеткирип берүүчүлөрдөн, подрядчылардан жана башка контрагенттерден адам укуктары жаатындагы улуттук мыйзамдардын жана эл аралык стандарттардын сакталышын күтөт. Айрым учурларда Банк адам укуктарынын сакталышы жөнүндө тастыктоочу документтерди жана маалыматты сурайт.

### Башкаруу жана мониторинг системасы:

Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди тескөө системасынын (ЭСТТС) алкагында потенциалдуу тобокелдиктерди жана кесепеттерди үзгүлтүксүз баалоону, түзөтүүчү чараларды иштеп чыгууну жана аларды ишке ашыруунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүүнү кошо алганда, адам укуктары жаатында дью-дилидженс (алдын ала текшерүү) механизмдери ишке ашырылууда.

### Кошумча чаралар камтыйт:

- кызматкерлерге жана башка кызыкдар тараптарга бузуулар жөнүндө кабарлоо үчүн жеткиликтүү каналдар (анын ичинде тынымсыз байланыш);
- милдеттенмелердин аткарылышына ар жылдык мониторинг жүргүзүү жана адам укуктарын сактоо практикасына ички баалоо жүргүзүү.

### Адам укуктарына байланыштуу тобокелдиктерди идентификациялоо жана минималдаштыруу процесстери

Тобокелдиктерди баалоонун алкагында Элдик Банк адам укуктары жаатындагы артыкчылыктуу тобокелдиктерди аныктайт. Башка аныкталган тобокелдиктерге салыштырмалуу айрым адамдарга же адамдардын топторуна олуттуу же потенциалдуу терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгон тобокелдиктер артыкчылыктуу деп эсептелет. Элдик Банк баалоо жүргүзүү учурунда адам укуктары жаатындагы артыкчылыктуу тобокелдиктер маалыматтык коопсуздук жана маалыматтарды коргоо маселелери (санариптик укуктарды кошо алганда, жеке жашоонун кол тийбестигине укук) менен чектелет деп эсептейт. Мындай тыянак тиешелүү кызыкдар тараптардын потенциалдуу санына, ошондой эле эгерде кызыкдар тараптардын маалыматтык коопсуздукка жана маалыматтардын купуялуулугуна болгон укугу бузулса, тобокелдиктерди ишке ашыруу учурунда аларга таасир этүүнүн мүмкүн болуучу деңгээлине негизделет. Потенциалдуу таасир этүүгө көбүрөөк дуушар болгондор биринчи кезекте Банктын кызматкерлери жана кардарлары болуп саналат.

2023-жылы Банк тышкы эксперттерди тартуу менен адам укуктары жаатында тийиштүү этияттык жол-жобосунун (Human Rights Due Diligence, HRDD) алкагында тобокелдиктерге биринчи комплекстүү баалоо жүргүзүлгөн. Баалоо Банктын ишин да, каржылануучу

долбоорлор аркылуу потенциалдуу таасирди да камтыды. Банктын операцияларынын 100%ы, негизги жеткирип берүүчүлөрдүн жана подрядчылардын 100%ы, ошондой эле бардык туунду ишканалар талдоого алынды. Иш жүзүндө бузуулардын жоктугу тастыкталды, артыкчылыктуу тобокелдиктер аныкталды жана аларды жумшартуу боюнча чаралар аныкталды. Жыйынтыктар 2023-жылдагы Туруктуу өнүгүү жөнүндө отчетто ачыкталган. Баалоо төмөнкүлөрдү тастыктады:

- Банк иши кредиттөө аркылуу кызматкерлердин, кардарлардын, жеткирип берүүчүлөрдүн жана башка адамдардын укуктарына **потенциалдуу түз жана кыйыр таасирин** тийгизиши мүмкүн.
- Банктын ишинен улам келип чыккан адам укуктарынын **иш жүзүндөгү бузулушу** – баалоонун жыйынтыктары боюнча да, кайтарым байланыш каналдары аркылуукайрылуулар боюнча да аныкталган жок.
- Төмөнкүлөрдөн улам **адам укуктары жаатындагы тобокелдиктин жалпы деңгээли төмөн деп таанылган:**
  - тобокелдик жогорку деңгээлде болгон юрисдикцияларда ишмердиктин жоктугу;
  - минималдуу түз экологиялык таасири менен финансы секторуна таандыктуулук;
  - талаптагыдай мамлекеттик көзөмөл (КРУБду кошо алганда);
  - жогорку деңгээлдеги ачык-айкындуулук жана туруктуу корпоративдик маданият.

Ошондой эле **аныкталган жок:**

- **Балдар эмгегин же мажбурланган эмгекти** пайдалануу тобокелдиги бар бөлүмдөр;
- Банктын ишинин же продукттарынын терс таасир этүү тобокелдигине дуушар болгон **жергиликтүү коомдоштуктар.**
- **Адам укуктарын бузуу, басмырлоо же эксплуатациялоо учурлары.**

Ошондой эле Банк маалыматтык коопсуздук жана маалыматтардын купуялуулугу чөйрөсүндө мүмкүн болуучу мыйзам бузуулардын жана инциденттердин келип чыгуу ыктымалдыгын олуттуу деп эсептебейт. Банктын бардык иш-аракеттерин камтыган тобокелдиктерди азайтуу боюнча пландардын курамында контролдун колдонуудагы механизмдери, маалыматтык коопсуздукту башкаруу системасы, ошондой эле "Киберкоопсуздук жана жеке маалыматтарды коргоо" бөлүмүндө кеңири баяндалган банк кызматкерлерин адистештирилген окутуу тиешелүү деңгээлде коргоону камсыз кылат.

Ички регламентке ылайык, мындай баалоо үч жылда бир жүргүзүлөт. Кийинки комплекстүү HRDD 2026-жылга пландаштырылган. Орто аралыкта сунуштамалардын аткарылышына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү жана операциялык чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү, анын ичинде социалдык жана ченемдик трендерди баалоо жүзөгө ашырылат.

## ЭС-тобокелдиктерди тескөө боюнча жаңы саясаттын алкагында камтууну кеңейтүү

2025-жылы Банк жаңы Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди тескөө системасын ишке киргизди, анын алкагында социалдык аспекттерге жана кардарлардын портфелиндеги адам укуктарынын маселелерине көңүл буруу олуттуу түрдө күчөтүлдү. Атап айтканда:

- • Аялуу топтордун укуктарын, гендердик теңдикти, басмырлоону жана эмгек коопсуздугун кошо алганда, "адам укуктары жаатындагы олуттуу тобокелдиктерди" түшүнүү жана камтуу кеңейтилди.
- Кредиттик талдоо этабында да, мониторинг процессинде да адам укуктарына мүмкүн болуучу жагымсыз таасир этүү бөлүгүндө кардарларды жана долбоорлорду текшерүү күчөтүлдү.
- Банктын подрядчыларына, консультанттарына жана башка контрагенттерине адам укуктарынын жана эмгектин тиешелүү шарттарынын сакталышы бөлүгүндө контроль күчөтүлдү.
- Тобокелдиктердин деңгээли жогору болгон карыз алуучулар үчүн түзөтүүчү пландарга адам укуктарынын аспекттерин киргизүү камсыз кылынды.
- Эл аралык стандарттарга (анын ичинде Бизнес жана адам укуктары боюнча БУУнун жетектөөчү принциптери) ылайык келген адам укуктары жаатындагы тобокелдиктерди баалоо матрицасы киргизилди

Комплекстүү экологиялык жана социалдык текшерүүнү (КЭСИ) жүргүзүү процессинде ЭСТТСди түзүү боюнча талаптарга жана саясатка ылайык Банк адам укуктарын коргоонун жогорку деңгээлин камсыз кылуу үчүн **МФК-нын иш стандарттарын жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин** жетекчиликке алат.

**Тобокелдиктерди категориялаштыруу** скринингдин жыйынтыктары боюнча жүргүзүлөт:


- **А категориясы** – адам укуктарына потенциалдуу таасири жогорку деңгээлде болгон долбоорлор жана Тобокелдиктерди башкаруу планын иштеп чыгуу зарылдыгы;
- **В категориясы** –жумшартуучу стандарттык чараларга алынуучу тобокелдиктери орточо болгон долбоорлор;
- **С категориясы** – тобокелдиктери минималдуу же жок долбоорлору.

**А** жана **В** категорияларынын долбоорлору үчүн **Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди башкаруу планы (ЭСТБП)** иштелип чыгууда, ал кредиттик макулдашууларда терс таасирлерди жана милдеттүү ковенанттарды азайтуу боюнча конкреттүү иш-чараларды камтыйт.

Ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту жогорулатуу максатында Банк **мониторинг жана отчеттуулук** механизмин ишке киргизди**:**

- долбоордун жашоо циклинин аралыгында ЭСТБП-дин аткарылышын контролдоо;
- Кардарлардын үзгүлтүксүз отчеттуулугу;
- **кайтарым байланыш каналдары** аркылуу кызыкдар тараптардын даттануулары на жооп берүү

Ошентип, Элдик Банктын адам укуктары маселелерине болгон мамилеси эл аралык стандарттарга ылайык келет жана уюмдун ичинде да, анын чегинен тышкары да инклюзивдүү, коопсуз жана адилеттүү чөйрөнү түзүүгө багытталган.



# Кардарлардын алдындагы жоопкерчилик

## ФИНАНСЫ КЫЗМАТТАРЫНЫН ИНКЛЮЗИВДҮҮЛҮГҮ ЖАНА КАРДАРЛАРДЫН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН КОРГОО. КАРДАРГА БАГЫТТАЛГАН ФИЛОСОФИЯ

Элдик Банк урматтоо, жеткиликтүүлүк жана кесипкөйлүк принциптерине негизделген тейлөө сапатынын жогорку стандарттарын сактайт. **Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн инклюзивдүүлүгү жана кардарлардын кызыкчылыктарын коргоо** – бул финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жана адилеттүүлүгүн камсыз кылууга, кардарлардын укуктарын коргоого жана калктын аялуу топторуна өзгөчө көңүл буруу менен, ашыкча кредит алуунун алдын алууга багытталган мамилелердин жана принциптердин комплекси. Ал жоопкерчиликтүү кредиттөөнүн, продукттарды басмырлоосуз жана таңуулоосуз кардарлар менен этикалык өз ара аракеттенүүнү, коомдун финансылык сабаттуулугун жогорулатууну, ошондой эле сапаттын жана ишенимдин жогорку деңгээлин сактоо үчүн персоналды үзгүлтүксүз окутууну карайт.

Кардарлар менен өз ара аракеттенүү философиясы Банкта бекитилген жана кызматкерлердин жеке жана юридикалык жактар менен иш алып баруудагы баарлашуу жана иш-аракет стилин жөнгө салган, Кардарларды тейлөө сапатынын стандарттары жөнүндө жободо чагылдырылган.

Кардарларды тейлөөнүн негизги принциптери камтыйт:

- **Компетенттүүлүк** – так, актуалдуу жана кесипкөй маалыматты берүү;
- **Кесипкөйлүк** – ишкер этика ченемдерин жана сапат стандарттарын сактоо;
- **Купуялуулук** – кардарлардын жеке маалыматтарын коргоо;
- **Жеткиликтүүлүк** – маалыматка жана банктык продукттарга тең жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу;
- **Кардарларга багыт алуу** – кардарлардын муктаждыктарын түшүнүүгө жана канааттандырууга умтулуу;
- **Жеке мамиле** – ар бир кардардын өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу;
- **Сылыктык жана урматтоо** – баарлашуунун бардык формаларында;
- **Басмырлоого жол берилбестик** – жынысынан, жаш курагынан, социалдык абалынан же башка белгилеринен көз карандысыз.

Банк ачык-айкын коммуникация, инновациялык чечимдерди киргизүү, тейлөө ылдамдыгын жана сапатын жогорулатуу аркылуу кардарлардын ишенимин арттырууга умтулат. 2025-жылы жүргүзүлгөн сурамжылоого ылайык, кардарлардын канааттануусу 96,2%ды түзгөн.

### Продукттар жана кызматтар

**Чекене** жана **коммерциялык кардарлар** үчүн Банк финансы кызматтарынын кеңири спектрин сунуштайт:

- Эсептешүү жана карта эсептерин ачуу;
- Акча которуулар боюнча тейлөө;
- Кредиттөө программалары, анын ичинде ипотека жана керектөө кредиттери;
- Юридикалык жактар үчүн кызматтар, анын ичинде эсептик-кассалык тейлөө жана эмгек акы долбоорлору;
- Консультациялык жана аралыктан банктык сервистер.

Санарип каналдарды өнүктүрүү кардарлар тажрыйбасын жакшыртууга жана бардык аймактарда банктык кызматтарга жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылууга көмөктөшөт.

### Кардарларды коргоо жана финансыларга жетүү мүмкүндүгү

Банк продукттар жана тейлөө шарттары тууралуу так, түшүнүктүү жана толук маалыматты берүү менен **жоопкерчиликтүү маркетинг** принциптерин сактайт. Кардарлар тарабынан түшүнбөстүктөргө жол бербеш үчүн жарнамалык жана маалыматтык материалдар Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (КРУБ) талаптарына ылайык келүүсү текшерилет.

**Кызыкчылыктардын кагылышын башкаруу** жана кызматкерлердин этикалык жүрүм-турумун камсыз кылуу максатында Тейлөө сапатынын стандарттары жөнүндө жобонун 7-главасында кызматкерлердин чыр-чатактуу кырдаалдардагы иш-аракеттери, анын ичинде реакция кылуу алгоритмдери жана кардарлардын даттанууларын жөнгө салуу принциптери кеңири баяндалган.

Элдик Банк **керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын,** анын ичинде ипотекалык кредиттөөнү жөнгө салуучу жоболорду сактайт. Атап айтканда, Банктын ички документтери төмөнкүлөргө багытталган:

- **Кредиттөө шарттарынын ачык-айкындуулугун** камсыз кылуу;
- Кошумча кызматтарды таңуулоого жол бербөө;
- **Кайтарым байланыш каналдарын** түзүү жана даттанууларды иштеп чыгуу;
- **Ак ниеттүү эмес сатуулардын алдын алуу.**

Кардарларды тейлөө системасы ачык диалогдун, үзгүлтүксүз кайтарым байланыштын жана кардарлардын пикирлеринин негизинде процесстерди үзгүлтүксүз өркүндөтүүнүн негизинде түзүлөт.

2024-жылы Элдик Банк маркетингдик коммуникациялар жана продукттарды илгерилетүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана ички саясаттарынын талаптарын бузуу учурларын каттаган жок. Жөнгө салуучу органдар тарабынан жазма эскертүүнүн чыгарылышына же айып салынышына алып келген бузуулар **аныкталган жок.**

### Кардарларды колдоо каналдары

Элдик Банк кардарлар менен **көп каналдуу коммуникацияларды** жигердүү өнүктүрүп, онлайн жана офлайн-куралдар аркылуу колдоо кызматына ыңгайлуу жана ыкчам жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылат. 2024-жылдын аягында кардарлар үчүн төмөнкү байланыш каналдары жеткиликтүү болгон:

- IVR-система (үн менюсу) менен байланыш борбору (9111 номери боюнча) - кардарлар үчүн бардык операторлордон чалуу акысыз;
- **WhatsApp** – негизги санарип колдоо каналы;
- **Социалдык тармактар** – Facebook, Instagram, Telegram;

## 2024-жылдагы эң активдүү колдоо каналдары

| Байланыш каналы | Кайрылуулардын саны | Бардык кайрылуулардан % | Билдирүүлөрдүн саны | Бардык билдирүүлөрдөн % |
|---|---|---|---|---|
| WhatsApp | 125 028 | 84,8 % | 1 469 926 | 91,4 % |
| Instagram | 16 357 | 11,1 % | 87 718 | 5,5 % |
| Widget (сайт) | 5 027 | 3,4 % | 41 537 | 2,6 % |
| Telegram | 552 | 0,4 % | 6 281 | 0,4 % |
| Telegram (user) | 235 | 0,2 % | 1 598 | 0,1 % |
| Facebook | 154 | 0,1 % | 858 | 0,1 % |

- Сайттагы онлайн-чаттын **виджети;**
- Бүтүндөй өлкө боюнча **филиалдар жана бөлүмдөр;**
- 2ГИС жана башка маалымдама сервистери.

### Үн менюсу

**9111** кыска номерине чалганда **интерактивдүү үн менюсу (IVR)** ишке ашырылган, ал кардарларга керектүү кызматтарды тез табууга же оператор менен байланышууга жардам берет. IVR-дарагы суроо-талаптардын көптүгүн эске алуу менен үзгүлтүксүз жаңыртылып турат.

2024-жылы байланыш-борборуна **125 799 чалуу** түшкөн жана иштелип чыккан.

### Кардарлардын даттануулары жана пикирлери

Элдик Банк кардарлар менен ачык диалогго умтулат жана сунуштар менен даттанууларды чогултуу үчүн көптөгөн каналдарды пайдаланат. Бардык кайрылуулар белгиленген тартипте каралат жана ар бири боюнча расмий жооп берилет.

2024-жылы **кардарлардан 579 кайрылуу** түшкөн, алардын бардыгы ички регламентке ылайык каралган жана иштелип чыккан (максаттуу көрсөткүч – 100% даттануулар белгиленген мөөнөттө каралат).

**Даттанууларды жана сунуштарды берүү каналдары**

- Филиалдардагы **Даттануулар жана сунуштар китеби;**
- Расмий сайттагы **Кайтарым байланыштын формасы;**
- **Байланыш борбору;**
- Тейлөө түйүндөрүндө жайгаштырылган **QR-коддор;**
- **Почта кат-кабары.**

Кайрылууларды талдоонун жыйынтыктары системдүү көйгөйлөрдү аныктоо, бизнес-процесстерди оңдоо жана кардарлар сервисинин сапатын жогорулатуу үчүн колдонулат. **E.Meta** долбоорунун алкагында кардарлардын эмоционалдык сынына талдоо жүргүзүлөт.

### Финансылык кызматтардын инклюзивдүүлүгү жана кардарлардын кызыкчылыктарын коргоо

Кардарлардын ар кандай категориялары үчүн финансылык продукттардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында Элдик Банк санариптик, функционалдык жана аймактык жеткиликтүүлүктү кошо алганда, **инклюзивдүү банкинг принциптерине басым жасайт.** Аралыктан тейлөө каналдарын өнүктүрүүгө, финансылык кызматтарга жетүү мүмкүндүгү чектелген калктын топтору үчүн инфраструктураны жана техникалык колдоону түзүүгө өзгөчө көңүл бурулат.

“Элкарт – социалдык төлөмдөр” акысыз социалдык банктык картасы өзгөчө көңүл бурууга татыктуу. Ал калктын аялуу топтору үчүн социалдык жөлөк пулдарга жана төлөмдөргө ыңгайлуу жана коопсуз жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылат, ошондой эле алардын финансылык кызматтарга жетүү мүмкүндүгүн кеңейтет. 2024-жылы 31 000 карта чыгарылган.

Алсак, 2023-жылы Банк **майыптыгы бар адамдар, улгайган адамдар жана мобилдүүлүгү чектелген кардарлар** үчүн тоскоолдуксуз финансылык чөйрөнү түзүүнү, анын ичинде кеңселерди жана бөлүмдөрдү пандустар, кармагычтар жана кире бериштеги чакыруу баскычтары менен жабдууну улантты. Өлкөнүн алыскы аймактарында жашаган кардарлар үчүн өзгөчө маанилүү фактор болгон онлайн-банкинг жана мобилдик тиркеме аркылуу жеткиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси олуттуу кеңейтилди. Чекене да, ошондой эле корпоративдик кардарлардын да **ашыкча кредит алышына жол бербөө үчүн** Банкта атайын жол-жоболор колдонулат. Мисалы, Кредит саясатына ылайык, сунушталган кредиттин суммасын эсептөөдө колдонуудагы (анын ичинде башка финансы мекемелериндеги) зайымдар боюнча кардардын бардык милдеттенмелери эсепке алынат, төлөмдөрдү жабуу коэффициенти эсептелет жана ички ченемдик документтер менен белгиленген, бул коэффициенттин минималдуу маанилерин милдеттүү түрдө сактаган шартта мүмкүн болуучу кредиттин суммасы аныкталат.

Банк ошондой эле кардарлар менен этикалуу өз ара аракеттенүү, анын ичинде мисселлингге (ылайыксыз продукттарды тандуулоо), агрессивдүү сатууга жана басымдоонун же сыйлабастык мамиленин ар кандай көрүнүштөрүнө, анын ичинде талаш кырдаалдар келип чыккан учурдагы жол берилбестик принциптерине **кызматкерлерди окутууга жоопкерчиликтүү мамиле кылат.**

| №° | Форматы / Демилге | Максаттуу аудитория | Мезгилдүүлүк | Өнөктөштөр / Каналдар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Бүтүндөй өлкө боюнча филиалдардагы ачык эшиктер күндөрү | Мектеп окуучулары жана студенттер | жылына 2 жолу (анын ичинде Бүткүл дүйнөлүк аманаттар күнүнө жана Глобалдык акча жумалыгы карата) | Аймактардагы банктын бөлүмдөрү |
| 2 | Санарип коопсуздук боюнча тренинг | Улгайган адамдар | 2024-ж. | Банк (ички демилге) |
| 3 | Онлайн-агартуу жана подкасттар | Кеңири аудитория, анын ичинде аялуу топтор | Туруктуу негизде | Акчабар финансылык порталы, банктын соцтармактары |
| 4 | Сайттагы жана соцтармактардагы финансылык сабаттуулук боюнча программалар жана контент | Калктын аялуу жана жетиштүү камтылбаган топтору | Туруктуу | Банктын онлайн-каналдары |
| 5 | Директорлор кеңешинин калкасы астында билим берүү демилгелери | Кардарлардын бардык категориялары | Туруктуу контроль | Финансылык инклюзия боюнча колдонмо |

# БАШКАРУУ



05


Корпоративдик башкаруу 62

Биздин корпоративдик түзүм жана этикалык стандарттар 70

Тобокелдиктерди тескөө 73

Салыктарды башкаруу 75

Сатып алуу ишин тескөө 77

Киберкоопсуздук жана жеке маалыматтарды коргоо 78

Санарип өзгөрүү 82

# Корпоративдик башкаруу

## А. Топтун түзүмү

Элдик Банк ачык акционердик коому өз ишин курамына туунду ишканалары кирген банктык топтун башкы компаниясы катары жүзөгө ашырат. Бүткүл түзүм финансылык жана коштоочу санарип кызматтарды натыйжалуу көрсөтүү, туруктуулукту жана инновациялык параметти жогорулатуу максатында түзүлгөн.

**Топтун түзүмү:**

| Уюмдун аталышы | Катышуу үлүшү | Юридикалык дареги |
| --- | --- | --- |
| **“Элдик Банк” ААК** | – | Кыргыз Республикасы, Бишкек, Москва көч., 80/1 |
| **“ЭлТех” ЖЧК** | 100% (түз) | Кыргыз Республикасы, Бишкек, Свердлов району, Москва көч., 80/1 |
| **“Ишкер” ЖЧК** | 50% (“ЭлТех” аркылуу) | Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Сүйүмбаев көч., 123 |

## Акционердик капитал

Отчеттук мезгилдин акырына карата Банктын бир акционери бар. 2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Банктын акцияларынын 100%ы (24 402 967 даана) **Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин атынан** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине таандык. Отчеттук мезгилде Директорлор кеңешинин мүчөлөрү жана Башкарманын мүчөлөрү Элдик Банктын акцияларына ээлик кылышкан эмес. Элдик Банктын бардык акциялары жөнөкөй. Жарыяланган жана жайгаштырылган жөнөкөй акциялардын саны 24 402 967 дааны түздү. Артыкчылыктуу акциялар жок.

## Листинг жана фонд рыногундагы соода

“Элдик Банк” ААКнын баалуу кагаздары **“Кыргыз фонд биржасы” жабык акционердик коомунда (КФБ)** – Кыргыз Республикасындагы баалуу кагаздардын негизги соода аянтчасында жүгүртүүгө чыгарылган.

**Элдик Банктын ишин көзөмөлдөөнү** колдонуудагы банктык мыйзамдарга жана ченемдик укуктук актыларга ылайык **Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (КРУБ) ишке ашырат.**

## “Элдик Банк” ААКнын уюштуруу түзүмү

Система корпоративного управления ОАО «Элдик “Элдик Банк” ААКнын корпоративдик башкаруу системасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн жана Банктын корпоративдик башкаруу практикасын үзгүлтүксүз өркүндөтүүгө умтулуусун чагылдырат. Банк өз ишинде банктык көзөмөл боюнча Базель комитетинин сунуштамаларына, ошондой эле ишкердик этиканын эл аралык таанылган стандарттарына, ишкер жүгүртүм адаттарына жана туруктуу өнүгүү жаатындагы мыкты практикаларга көңүл бурат.

Корпоративдик башкаруу системасын жөнгө салуучу негизги ички документтер болуп саналат:

- Башкаруунун жалпы принциптерин аныктоочу “Элдик Банк” ААКнын Уставы;
- Корпоративдик башкаруу кодекси, анын жаңы редакциясы башкаруунун ачык-айкындуулугун жана натыйжалуулугун күчөтүү максатында 2024-жылы бекитилген;
- Директорлор кеңеши, Директорлор кеңешинин комитеттери жөнүндө жоболор, ошондой эле Банк Башкармасы жөнүндө жобо жана башка документтер.

## Жогорку башкаруу органдары

- **Акционерлердин жалпы чогулушу** – Банктын жогорку башкаруу органы.
- **Директорлор кеңеши** – Банктын ишин жалпы стратегиялык жетектөөнү ишке ашырууну башкаруу органы.
- **Шариат кеңеши** – финансы операцияларында ислам принциптеринин сакталышы маселелери боюнча консультативдик орган.
- **Банк Башкармасы** – Банктын күнүмдүк ишин жетектөөнү ишке ашыруучу аткаруу органы.

## Директорлор кеңешинин алдындагы комитеттер

- **Аудит боюнча комитет**
- **Дайындоолор жана сый акылар боюнча комитет**
- **Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитет**
- **Туруктуу өнүгүү боюнча комитет (24/07/2025 түзүлгөн)**

Башкарманын **Төрагасы** Банктын күнүмдүк операциядык ишин жетектейт. Анын кол астында негизги бөлүмдөр турат. Башкарманын Төрагасынын орун басарларынын ESG жана операциялык иш боюнча маселелерди тескейт.

# «ЭЛДИК БАНК» ААК УЮШТУРУУ ТҮЗҮМҮ

"Элдик Банк" ААК
Директорлор кеңешинин
2025-жылдын 17 апрелиндеги
N°19/2 чечими менен бекитилген



## Акционерлердин жалпы чогулушу

Акционерлердин жалпы чогулушу Банктын жогорку башкаруу органы болуп саналат. Акционер Жалпы чогулушта добуш берүү аркылуу башкарууга катышуу укугун ишке ашырат. Акционерлердин жалпы чогулушунун компетенциясына төмөнкүлөр кирет: жылдык бюджетти жана жылдык финансылык отчетту бекитүү, Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо жана ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу, Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө сый акылардын жана компенсациялардын өлчөмүн бекитүү, ири бүтүмдөрдү жактыруу, ошондой эле башка маанилүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу. Ар жылдык чогулушта Директорлор кеңешинин сунуштамаларынын негизинде дивиденддерди төлөп берүү, алардын өлчөмү жана мүмкүн болуучу формасы жөнүндө чечим кабыл алынат. Банктын Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү – Акционерлердин жалпы чогулушунун өзгөчө ыйгарым укугу.

## Директорлор кеңеши

Директорлор кеңеши Акционерлердин жалпы чогулуштарынын ортосундагы мезгилде Элдик Банкка жалпы жетекчиликти жүзөгө ашыруучу башкаруу органы болуп саналат. Директорлор кеңеши кесипкөйлүктү жана жоопкерчиликти көрсөтөт, Банкты башкарууга активдүү катышат. Директорлор кеңеши стратегиялык максаттарды, тобокелдиктерди текшерүү, корпоративдик башкаруу стратегияларын жана корпоративдик баалуулуктарды бекитет жана ишке ашырылышын контролдойт. Директорлор кеңеши Башкарманын Төрагасын жана мүчөлөрүн дайындоо жана кызматтан бошотуу менен байланыштуу чечимдерди кабыл алуу үчүн жооп берет, Башкарманын ишине контроль жүргүзөт, ошондой эле Банкта тобокелдиктерди текшерүү жана ички контролдоо системасынын талаптагыдай уюштурулушун жана иштешин камсыз кылат.

Директорлор кеңешинин өзгөчө ыйгарым укуктарына башкалар менен катар, төмөнкү маселелер кирет: Банктын уюштуруу түзүмүн бекитүү, Банктын аткаруу органдарынын ишине текшерүүлөрдү уюштуруу, көрсөтүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыктары боюнча чараларды көрүү жана КР Улуттук банкынын инспектордук текшерүүлөрүнүн, ошондой эле ички жана тышкы аудит текшерүүлөрүнүн жыйынтыктарын кароо жана чараларды көрүү, ички аудит, тобокелдик-менеджменти, комплаенс-контроль департаменттеринин жетекчилерин жана корпоративдик катчыны бекитүү, алардын эмгек акысын төлөө шарттарын аныктоо.

Директорлор кеңеши жылына кеминде бир жолу Банкта корпоративдик башкаруу системасын баалоону жүргүзөт, өзүнүн отурумунда мындай баалоонун жыйынтыктарын карап чыгат жана аны өркүндөтүүгө багытталган чечимдерди кабыл алат. Уставга жана Директорлор кеңеши жөнүндө жобого ылайык, Директорлор кеңешинин мүчөлөрү Акционерлердин жалпы чогулушунда төрт жылдык мөөнөткө жеке негизде шайланат. Директорлор кеңеши так санда, бештен кем эмес мүчөдөн турууга тийиш. Бирден кем эмес Директорлор кеңешинин мүчөсү мамлекеттик жана/же расмий тилди билген, Кыргыз Республикасынын жараны болууга тийиш. Директорлор кеңешинин төрагасы Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ичинен алардын көпчүлүк добушу менен шайланат. Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн ыйгарым укуктарын башка адамга өткөрүп берүүгө жол берилбейт.

Башкарманын мүчөсү болуп саналган же Банкта башка кызмат орундарын ээлеген, башка банктын же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүндөгү башка жактын кызмат адамы же олуттуу акционери (катышуучусу) болуп саналган же башка атаандаш финансы уюмдарында кызмат орундарын ээлеген, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген талаптарга жооп бербеген адамдар, ошондой эле мыйзам же соттун чечими боюнча мындай кызмат орундарын ээлөөгө тыюу салынган адамдар Директорлор кеңешинин мүчөлөрү боло алышпайт.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайларды эске алуу менен Директорлор кеңешинин курамында аткаруучу директорлор (Банк Башкармасынын мүчөлөрү же башка кызматкерлери болуп саналган Директорлор кеңешинин мүчөлөрү) жок. Эгерде Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнөн мурда токтотулушунун натыйжасында анын курамы белгиленген кворумдан аз санга чейин төмөндөсө, Башкарма Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары токтотулган күндөн тартып беш күндүн ичинде Директорлор кеңешинин жаңы курамын шайлоо үчүн Акционерлердин кезексиз жалпы чогулушун чакыруу жөнүндө чечим кабыл алат.

2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Элдик Банктын Директорлор кеңешинин курамына 5 адам, анын ичинде 1 аял кирген. Муну менен катар 2025-жылдын сентябрына карата Директорлор кеңешиндеги аялдардын саны көбөйгөн жана 5 мүчөдөн 2 адамды түзөт. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн орточо жашы – 53 жаш. 30-50 жаштагы Директорлор кеңешинин мүчөлөрү – 2 адам, 50 жаштан улуу куракта – 3 адам. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн анын курамында болушунун орточо мөөнөтү – 1 жыл 7 ай. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн бири да башка ачык акционердик коомдордун жогорку корпоративдик башкаруу органдарына катышкан эмес.

Директорлор кеңешинин чечимдерин кабыл алууда объективдүүлүктү жана көз карандысыздыкты камсыз кылуу үчүн анын курамына көз карандысыз директорлор шайланат. Уставга жана Директорлор кеңеши жөнүндө жобого ылайык, Директорлор кеңешинин жалпы курамынын кеминде үчтөн бирин көз карандысыз директорлор түзүшү керек. 2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Директорлор кеңешинин 4 мүчөсү, анын ичинде Төрагасы, көз карандысыз директорлор, 1 Директорлор кеңешинин мүчөсү – Директорлор кеңешинин көз каранды мүчөсү болушкан. Директорлор кеңеши анын мүчөлөрүнүн кимиси көз карандысыз директор экендиги жөнүндө маалыматты ачыкка чыгаруу үчүн жооптуу.

Банк “Банктар жана банк иши жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген директорлордун көз карандысыздык критерийлерин карманат. Шайлоо убагында төмөнкү талаптарга ылайык келген, Директорлор кеңешинин мүчөсү көз карандысыз директор деп эсептелет:

- Акыркы беш жыл ичинде Банктын же аны менен аффилирленген юридикалык жактардын кызматкери эмес жана болгон эмес.
- Акыркы беш жыл ичинде Банк Башкармасынын мүчөсү же аффилирленген юридикалык жактардын Башкармасынын мүчөсү эмес жана болгон эмес.
- Акыркы беш жыл ичинде Банктан, аффилирленген жактардан же алардын атынан түз же кыйыр түрдө эч кандай олуттуу кошумча сый акыларды, компенсацияларды, жөлөк пулдарды же кайрымдуулуктарды (Директорлор кеңешинин отурумдарына катышууга байланыштуу чыгымдардын ордун толтурууну кошпогондо) алган эмес.



- Акыркы беш жыл ичинде Банк же аффилирленген жактар менен (анын ичинде кредиттерди, займдарды берүү же алуу) түз да, өнөктөш катары да олуттуу ишкердик байланыштары жок.
- Акыркы беш жыл ичинде Банктын же анын аффилирленген жактарынын учурдагы же мурдагы тышкы аудиторунун өнөктөшү же кызматкери болгон эмес.
- Банкка олуттуу катышууну же контролду жүзөгө ашырбайт жана мындай катышууну же контролду жүзөгө ашырган акционердин кызыкчылыгын көрсөтпөйт.
- Акыркы төрт жыл аралыгында Банктын Директорлор кеңешинин, Шариат кеңешинин же аффилирленген юридикалык жактардын курамына кирген эмес.
- Жогорудагы пункттарда көрсөтүлгөн адамдар менен жакын туугандык байланышта эмес.

Директорлор кеңешинин бардык мүчөлөрүнө Элдик Банктын документтерине жана маалыматтарына бирдей жетүү мүмкүндүгү камсыз кылынат. Директорлор кеңешинин жаңы шайланган мүчөлөрүнө дайындалгандан кийин кыска мөөнөттө Банктын иши жана Директорлор кеңешинин иши жөнүндө зарыл маалыматтар берилет.

Элдик Банктын Директорлор кеңеши банк жана финансы тармагында тастыкталган тажрыйбасы бар үч мүчөдөн турат, бул стратегиялык чечимдерди кабыл алууда жогорку эксперттүүлүктү камсыз кылат. Алардын ичинде:

- **Эрмеев Джыргалбек Советбекович – Директорлор кеңешинин төрагасы,**
- **Кыйшыбаев Талгар Сартыманович – Директорлор кеңешинин мүчөсү,**
- **Абдраимова Венера Бору-Мухаммедовна – Директорлор кеңешинин мүчөсү.**

Көрсөтүлгөн мүчөлөрдүн профилдик тажрыйбасы банк ишинин негизги багыттарын, анын ичинде кредиттөө, тобокелдик-менеджмент, корпоративдик башкаруу жана стратегиялык пландаштыруу багыттарын камтыйт.

Мезгил-мезгили менен Директорлор кеңешинин ишинин натыйжалуулугун баалоо жүргүзүлөт, анын жыйынтыктары боюнча тийиштүү түзөтүүчү чаралар колдонулат. 2024-жылы бекитилген Директорлор кеңешинин ишин баалоо жөнүндө жобого ылайык, Директорлор кеңеши баалоонун төмөнкүдөй түрлөрүн жүзөгө ашырат: башкаруу органы катары Директорлор кеңешинин ишин баалоо жана анын мүчөлөрүн жеке баалоо. Директорлор кеңешинин отуруму иш планына ылайык, зарылчылыкка жараша, бирок кварталына бир жолудан кем эмес үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат. Отурум курамдын үчтөн экисинен кем эмеси катышканда ыйгарым укуктуу деп эсептелет. Отчеттук мезгилде 72 отурум өткөрүлгөн, анда корпоративдик стратегияны аткарууга, бюджетти бекитүүгө жана контролдоого байланыштуу маселелер каралган. Отурумдарга орточо катышуу 100% ды түзгөн. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү өз милдеттерин аткаруу үчүн бардык зарыл маалыматтарды жана документтерди алууга укуктуу, ал эми Банктын аткаруучу жетекчилиги алардын берилишин камсыз кылууга милдеттүү. Комитеттердин курамына Директорлор кеңешинин мүчөлөрү гана кирет, Банк Башкармасынын мүчөлөрүнүн жана кызматкерлеринин катышуусуна жол берилбейт. Мында комитеттердин ишине чечимдерди кабыл алууда добуш берүү укугусуз убактылуу же туруктуу негизде эксперттер жана консультанттар тартылышы мүмкүн.

## Директорлор кеңешинин алдындагы комитеттер

Директорлор кеңешинде үч туруктуу комитет иштейт, алардын бардыгын көз карандысыз директорлор башкарат. Комитеттерге Кеңештин мүчөлөрү гана шайлана алышат – кызматкерлердин жана Башкарманын мүчөлөрүнүн алардын курамына кирүүгө укугу жок, бирок добуш берүү укугусуз консультанттар/эксперттер катары тартылышы мүмкүн.

### 1. Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитет

Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитет Директорлор кеңешинин чечими менен түзүлгөн жана Директорлор кеңешинин кеминде үч мүчөсүнөн турат. Отчеттук мезгилге карата абал боюнча Комитеттин төрагасы Эрмеев Жыргалбек Советбекович болгон. 2024-жылы Комитет 14 отурум өткөргөн, анын алкагында 25 маселе каралган. Ички регламенттерге ылайык, Комитеттин эки мүчөсү Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөлөрүнүн ичинен шайланат, алардын бири Комитетти жетектейт жана бир эле учурда Аудит боюнча комитетти жетектей албайт. Мындан тышкары Комитеттин курамына ислам банк иши жана каржылоо принциптери жаатында билими жана тажрыйбасы бар, жок дегенде бир Директорлор кеңешинин мүчөсү кирет. Комитеттин негизги милдети банктык тобокелдиктерди тескөө жаатында иштин артыкчылыктуу багыттарын аныктоодо, ошондой эле тобокелдиктерди тескөө системасынын натыйжалуу иштешин камсыз кылууда, анын ичинде негизги тобокелдиктерди, анын ичинде ESG-тобокелдиктерди аныктоого, баалоого, мониторинг жүргүзүүгө жана минималдаштырууга багытталган стратегияларга, саясаттарга жана жол-жоболорго көзөмөлдү камсыз кылууда Директорлор кеңешине көмөк көрсөтүү болуп саналат.

### 2. Аудит боюнча комитет

Аудит боюнча комитет Директорлор кеңешинин чечими менен түзүлгөн жана Директорлор кеңешинин үч мүчөсүнөн турат, алардын экөө көз карандысыз болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген критерийлерге жооп берет. Отчеттук мезгилдин акырына карата Аудит боюнча комитеттин төрагасы Талгар Сартыманович Кыйшыбаев болгон. 2024-жылы Комитет 33 отурум өткөргөн, анда 110 маселе каралган. Комитеттин төрагасы болуп Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөлөрүнүн бири дайындалат, ал бир эле учурда Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитетти жетектей албайт. Аудит боюнча комитет Директорлор кеңешинин демилгеси боюнча же Комитеттин эки мүчөсүнүн суроо-талабы боюнча кварталына бир жолудан кем эмес чакырылышы керек. Комитеттин негизги милдети болуп ички контроль системасынын ишин контролдоо, финансылык отчеттуулуктун аныктыгын камсыз кылууга жана Банктын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү болуп саналат. Ошондой эле комитет Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн, аткаруучу жетекчиликтин, Ички аудит департаментинин жана тышкы аудиторлордун ортосундагы натыйжалуу өз ара аракеттенүүнү камсыз кылууда негизги ролду ойнойт, муну менен корпоративдик башкаруунун ачык-айкындуулугун, отчеттуулугун жана туруктуулугун бекемдөөгө салым кошот.

### 3. Дайындоолор жана сый акылар боюнча комитет

Дайындоолор жана сый акылар боюнча комитет Директорлор кеңешинин чечими менен түзүлгөн жана Директорлор кеңешинин үч мүчөсүнөн турат, алардын бири көз карандысыз директор болуп саналат. Отчеттук мезгилге карата абал боюнча Комитеттин төрагасы Жыргалбек Советбекович Эрмеев болгон. 2024-жылы Комитет 23 отурум өткөргөн, анда 34 маселе каралган. Комитеттин компетенциясына Банктын негизги кызматкерлерине карата кадрларды дайындоо маселелери боюнча Директорлор кеңеши үчүн сунуштамаларды иштеп чыгуу, алардын сый акыларынын деңгээлин жана критерийлерин аныктоо кирет.

### 4. Туруктуу өнүгүү боюнча комитет

"Элдик Банк" ААКнын Туруктуу өнүгүү боюнча комитети 2025-жылы Директорлор кеңешинин чечими менен түзүлгөн жана Директорлор кеңешинин кеминде үч мүчөсүнөн турат. Комитеттин төрагасы анын мүчөлөрүнүн ичинен шайланат. Комитеттин компетенциясына Директорлор кеңешине Банктын стратегиясына жана ишине ESG-принциптерин интеграциялоо маселелери боюнча сунуштамаларды даярдоо, ESG-саясаттардын жана стандарттардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү, ошондой эле климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү көзөмөлдөө (Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитет менен биргеликте) кирет.

## БАНКТЫН ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИ (2024-жылдын декабрына карата абал боюнча)



**Джыргалбек Советбекович Эрмеев**

Директорлор кеңешинин төрагасы

1971-жылы туулган.
Жарандыгы: Кыргыз Республикасы.
Шайланган күн:
2022-жылдын 1-марты.

Отчеттук мезгилде Директорлор кеңешинин комитеттерине катышуу: Дайындоолор жана сый акылар боюнча комитеттин төрагасы, Аудит боюнча комитеттин мүчөсү, Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитеттин төрагасы.



**Талгар Сартыманович Кыйшыбаев**

Директорлор кеңешинин мүчөсү

1966-жылы туулган.
Жарандыгы: Кыргыз Республикасы.
Шайланган күн:
2022-жылдын 1-марты.

Отчеттук мезгилде Директорлор кеңешинин комитеттерине катышуу: Аудит боюнча комитеттин төрагасы.



**Масыбаев Турарбек Джакыпбаевич**

Директорлор кеңешинин мүчөсү

1961-жылы туулган.
Жарандыгы: Кыргыз Республикасы.
Шайланган күн:
2024-жылдын 29-марты.

Отчеттук мезгилде Директорлор кеңешинин комитеттерине катышуу: Дайындоолор жана сый акылар боюнча комитеттин мүчөсү.



**Кубанычбек Камчибекович Колбаев**

Директорлор кеңешинин мүчөсү

1979-жылы туулган.
Жарандыгы: Кыргыз Республикасы.
Шайланган күн:
2023-жылдын 31-марты.

Отчеттук мезгилде Директорлор кеңешинин комитеттерине катышуу: Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитеттин мүчөсү, Дайындоолор жана сый акылар боюнча комитеттин мүчөсү



**Абдраимова Венера Бору-Мухаммедовна**

Директорлор кеңешинин мүчөсү

1980-жылы туулган.
Жарандыгы: Кыргыз Республикасы.
Шайланган күн:
2024-жылдын 25-июлу.

Отчеттук мезгилде Директорлор кеңешинин комитеттерине катышуу: Аудит боюнча комитеттин мүчөсү, Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитеттин мүчөсү.

## Директорлор кеңеши тарабынан дайындалуучу кызмат орундары

### Корпоративдик катчы

Корпоративдик катчы акционерлердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу менен, корпоративдик башкаруу процесстерин координациялайт. Ал Жалпы чогулуштарды уюштурат, протоколдорду жүргүзөт, Кеңештин жана Жалпы чогулуштун чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөйт. 2015-жылдын сентябрынан тартып Корпоративдик катчысы Аманова Бактыгүл Амановна болуп саналат.

### Ички аудит департаменти

Директорлор кеңешине гана отчет берген көз карандысыз түзүмдүк бөлүм болуп саналат. Ички контролдоо, корпоративдик башкаруу жана тобокелдиктерди тескөө системаларын баалоону жүзөгө ашырат. Департаменттин жетекчисин Директорлор кеңеши дайындайт.

### Тобокелдиктерди тескөө департаменти

Тобокелдиктерди тескөө боюнча натыйжалуу чечимдерди кабыл алууну камсыз кылат. Тобокелдиктерди тескөө Директорлор кеңешинин, адистештирилген комитеттин жана Башкарманын деңгээлинде жүргүзүлөт. Кеңеш тобокелдиктерди жана капиталды тескөө стратегиясын бекитет жана анын ишке ашырылышын көзөмөлдөйт.

### Комплаенс-контроль департаменти

Төмөнкүлөр үчүн жооп берет:

- Банктын ишинин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Банктын ишине олуттуу таасирин тийгизген чет мамлекеттердин мыйзамдарынын талаптарына ылайык келишин контролдоо;
- акчаны адалдоого жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү боюнча (АА/ТККА) талаптарды аткаруу;
- Банкка экинчилик санкцияларды колдонуу тобокелдигин минималдаштыруу үчүн башка өлкөлөрдүн санкциялык программаларынын талаптарын сактоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу;
- коррупцияга каршы саясат боюнча иш-чаралардын жүзөгө ашырылышын контролдоо;
- ишкердик этика принциптеринин сакталышын контролдоо.

Департаменттин жетекчиси Директорлор кеңеши тарабынан дайындалат, маалыматтарды идентификациялоого, фиксациялоого жана финансылык чалгындоо органына берүүгө байланыштуу бардык маалыматтарды алуу мүмкүндүгү бар. Өз ишинде департамент Акчаны адалдоого жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү боюнча ички саясатты жетекчиликке алат.

## Башкарма

Элдик Банктын Башкармасы башкаруунун коллегиалдуу органы болуп саналат жана КРдин мыйзамдарына, Улуттук банктын ЧУА жана Банктын Уставына ылайык алардын компетенциясына кирген күндөлүк иш маселелерин чечүү үчүн жооп берет. Башкарма Директорлор кеңешине жана Акционерлердин жалпы чогулушуна отчет берет жана алардын чечимдеринин аткарылышын уюштурат.

Ал Уставдын жана Башкарма жөнүндө жобонун негизинде аракеттент, анда чакыруунун, жыйналыштарды өткөрүүнүн жана чечимдерди кабыл алуунун мөөнөттөрү, тартиби белгиленген. Ошондой элеБанктын ички документтери менен Башкарманын компетенциясын коллегиалдуу органдын жана коллегиалдуу органдын жетекчисинин компетенциясына бөлүү регламенттелет.

Башкарма Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген стратегиянын (бизнес-пландын) жана Банктын бюджетинин (финансылык пландын) алкагында, кадимки иштин жана/же бюджеттин алкагынан тышкары бүтүмдөр боюнча чечимдерди кабыл алууга жана маалыматтарды ачыкка чыгарууга тиешелүү ички регламенттерди сактоо менен иштейт. Башкарма Директорлор кеңеши тарабынан түзүлөт, ал анын сандык жана персоналды курамын аныктайт, ошондой эле каалаган убакта анын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотууга укуктуу. Башкарманын мүчөлөрү кайрадан дайындалышы мүмкүн.

Башкармалык 5тен (беш) кем эмес адамдан турушу керек. Башкарманын сандык курамы Банктын Директорлор кеңеши тарабынан аныкталат. Директорлор кеңешинин мүчөсү же башка банктын кызмат адамы, же атаандаш финансы уюмдары менен байланышы бар адам Башкарманын мүчөсү боло албайт. Ошондой эле Банк капиталына олуттуу катышкан акционер же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүндө турган башка банктын олуттуу акционери (катышуучусу) Башкарманын курамына кире албайт. Башкарманын мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарына же мыйзамдарга ылайык келбеген учурда бул кызматтарды ээлей алышпайт.

2024-жылдын 31-декабрына карата Элдик Банк Башкармасынын курамы 7 адамдан турган, алардын ичинде 2 (29%) аял бар. Башкарманын мүчөлөрүнүн орточо курагы– 44 жаш.



## ААК БАШКАРМАСЫНЫН КУРАМЫ (2024-жылдын 31 декабрына карата)



**Уланбек Мелисович Ногаев**

Башкарманын Төрагасы

1982-жылы туулган.
Жарандыгы: Кыргыз Республикасы.
Дайындалган күнү: 2023-жылдын 9-февралы.



**Акылбек Беримкулович Турдалиев**

Башкарманын Төрагасынын биринчи орун басары

1981-жылы туулган.
Жарандыгы: Кыргыз Республикасы.
Дайындалган күнү: 2022-жылдын 14-марты.



**Айчурек Жакыповна Жакыпова**

Башкарманын Төрагасынын орун басары

1972-жылы туулган.
Жарандыгы: Кыргыз Республикасы.
Дайындалган күнү: 2021-жылдын 16-августу.



**Айталиев Бакытбек Анаркулович**

Башкарманын Төрагасынын орун басары

1982-жылы туулган.
Жарандыгы: Кыргыз Республикасы.
Дайындалган күнү: 2024-жылдын 26-июлу.



**Медет Маратович Таиров**

Башкарманын Төрагасынын орун басары

1987-жылы туулган.
Жарандыгы: Кыргыз Республикасы.
Дайындалган күнү: 2023-жылдын 28-февралы.



**Шакиров Турсунбек Зарылбекович**

Башкаруучу Директор-Башкарманын мүчөсү

1978-жылы туулган.
Жарандыгы: Кыргыз Республикасы.
Дайындалган күнү: 2024-жылдын 28-октябры.



**Даузова Фарида Фархадовна**

Башкаруучу Директор-Башкарманын мүчөсү

1983-жылы туулган.
Жарандыгы: Кыргыз Республикасы.
Дайындалган күнү: 2024-жылдын 28-октябры.

Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген ички документтерде Башкарманын пландуу отурумдарын жумасына бир жолудан кем эмес өткөрүү каралган. Мында Башкарманын каалаган мүчөсү жыйналышты чакыруу жана маселелерди күн тартибине киргизүү жөнүндө сунуш киргизүүгө укуктуу. Отчеттук мезгилде Башкарманын 86 отуруму өткөрүлгөн, анда 655 маселе каралган. Башкарманын алдында Банктын операциялык ишинин негизги багыттары боюнча саясатты координациялоону камсыз кылган, адистештирилген комитеттер иштейт: Кредит комитети, Активдерди жана пассивдерди текшерүү боюнча комитет, Тариф комитети, Ислам терезесин каржылоо боюнча комитет, Санариптик демилгелер боюнча комитет. Комитеттердин жыйналыштары алардын иш тартибин аныктаган, бекитилген Жоболорго ылайык өткөрүлөт. Директорлор кеңеши Башкарманын ишин үзгүлтүксүз баалоону жүзөгө ашырат. Баалоо Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктарда, банк эмес финансы-кредит уюмдарында ички контролдук жана ички аудит системаларын жөнгө салуу эрежелеринде белгиленген талаптарга ылайык келген критерийлер боюнча жүргүзүлөт.

### Директорлор кеңешинин жана Башкарманын мүчөлөрүнүн сый акысы

Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн (көз карандысыз директорлорду кошо алганда) өз милдеттерин аткаргандыгы үчүн сый акыларды төлөө, ошондой эле чыгымдарын компенсациялоо тартиби, өлчөмү жана төлөө шарттары Акционерлердин жалпы чогулушунун чечими менен белгиленет. Кошумча сый акынын өлчөмү Банктын отчеттук мезгил ичиндеги ишинин жыйынтыктарын эске алуу менен аныкталат. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү менен эмгек келишимдери түзүлбөйт.

Башкарманын мүчөлөрүнүн эмгек акысын төлөө системасы “Элдик Банк” ААКнын Директорлор кеңеши тарабынан аныкталат. Директорлор кеңешинин жана Башкарманын мүчөлөрүнүн сый акыларын эсептөө тартиби Финансылык туруктуулукту жана натыйжалуулукту баалоо үчүн натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүн колдонуу боюнча нускама менен жөнгө салынат. Эмгек акынын вариациялык (кепилденбеген) бөлүгү Банктын натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүнүн пландуу маанилерин аткаруунун негизинде аныкталат. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн жана Башкарманын мүчөлөрүнүн отчеттук мезгилдеги сый акыларынын жалпы өлчөмү жөнүндө маалымат Банктын 2024-жыл үчүн аудит жүргүзүлгөн финансылык отчетунда ачыкка чыгарылган. Отчеттук мезгилде Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө Директорлор кеңешинин жана комитеттердин айрым отурумдарына катышканы үчүн сый акыларды төлөө жүргүзүлгөн эмес. Элдик Банкта Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары ар кандай негиздер боюнча мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда компенсация же кошумча төлөмдөр каралган эмес. Башкарманын мүчөлөрү менен эмгек келишими эгерде бул Башкарманын мүчөсүнүн Банктын кызыкчылыгындаа ак ниеттүү жана акылга сыярлык аракеттенүү милдетин бузгандыгына байланыштуу болсо, келишимди мөөнөтүнөн мурда бузуу учурунда компенсациялык же ушул сыяктуу төлөмдөрдү карабайт.



# Биздин корпоративдик түзүм жана этикалык стандарттар

Элдик Банк өзүнүн корпоративдик маданиятын ачык-айкындуулук, чынчылдык, адам укуктарын урматтоо, коррупцияга карата нөлдүк толеранттуулук жана туруктуу өнүгүүгө жактоочулук принциптеринде курат. Биз бул баалуулуктар кардарлар, өнөктөштөр, инвесторлор жана коом тарабынан ишенимдин ачкычы болуп саналат деп ишенебиз.

2023-жылдан бери Элдик Банк БУУнун Глобалдык келишимине (UN Global Compact) катышат жана анын коррупцияга каршы аракеттенүү, эмгек мамилелери, адам укуктары жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы 10 принцибин карманат, аларды күнүмдүк ишине интеграциялайт. Банк кызыкдар тараптар арасында БУУнун Глобалдык келишиминин принциптерин жайылтууга жана популяризациялоого умтулат.

Директорлор кеңеши тарабынан 2024-жылдын 24-сентябрында бекитилген (N°55/2 чечим), **"Элдик Банк" ААКнын Ишкер этика кодекси** ээлеген кызматына карабастан, Банктын бардык кызматкерлери үчүн милдеттүү жүрүм-турум ченемдерин аныктайт. Кодекс жалпыга жеткиликтүү жана келишимдин шарттарында же мыйзамдарда каралган учурларда туунду түзүмдөргө жана өнөктөштөргө карата колдонулат.

### Кодекстин негизги принциптери:

- **Ачык-айкындуулук жана жоопкерчилик** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын бардык талаптарын сактоо, салыктык чынчылдык, офшордук схемалардан баш тартуу, мамлекеттик органдар менен укуктук талаада гана өз ара аракеттенүү;
- **Бизнести адептүү жүргүзүү** – таза атаандаштык принциптерин сактоо, ак ниеттүү эмес жана коррупциялык иш-аракеттерге катышпоо, контрагенттер менен туруктуу ишкердик мамилелерге умтулуу;
- **Адам укуктарын сактоо** – инклюзивдүү чөйрөнү камсыз кылуу, мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги, басмырлоого, мажбурлаган жана балдар эмгегине тыюу салуу, ар бир адамдын жеке жашоосун жана кадыр-баркын урматтоо;
- **Купуялуулук жана маалыматты коргоо** – жеке маалыматтар, инсайдердик жана купуя маалымат менен иштөө редимин так сактоо, кызматкерлерди маалыматтык коопсуздук боюнча окутуу;
- **Туруктуу өнүгүү** – БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттарына багыт алуу, ESG-факторлорду бизнес-моделге интеграциялоо, экологиялык жана инклюзивдүү финансы продукттарын өнүктүрүү;
- **Кызматкерлердин жоопкерчилиги** – ар бир кызматкер Кодекс менен таанышууга жана аны сактоо жөнүндө милдеттенмеге кол коюуга милдеттүү. Бузуулар тартипке чакыруучу жана башка жоопкерчиликке алып келет.



Банкта билдирүүлөрдү коопсуз анонимдүү берүү үчүн каналды кошо алганда, бузуулар жөнүндө маалымдоо жол-жобосу жана маалымдоо механизми иштейт (анын ичинде risk_compliance@rsk.kg дарегине). Банк маалымат берүүчүлөрдү куугунтуктоонун ар кандай түрүнөн коргоону кепилдейт. Ошондой эле Тынымсыз байланыш[2] бар, мында ар кандай каналдар: Байланыш борборунун телефон байланышы, ишеним телефону жана социалдык медиа жана онлайн мессенджерлер аркылуу маалымдуулуктун ар кандай маселелери, анын ичинде Корпоративдик этика кодексинин этикалык жоболорун бузуу маселеоери боюнча байланышууга болот.

Корпоративдик этика жана туруктуу өнүгүү принциптери Банктын башкаруу жана операциялык ишинин бардык деңгээлдерине интеграцияланган, бул биздин узак мөөнөттүү максаттарга жана социалдык жоопкерчиликке умтулуубузду тастыктайт.

### Мыйзамсыз финансылык операцияларга каршы аракеттенүү

Элдик Банкта террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында башкаруу жана ички контролдоо системасы бекитилген. Ал акчаны адалдоого каршы күрөшүү боюнча финансылык чаралар ды иштеп чыгуу тобунун (ФАТФ) жана Вольфсберг тобунун мамилелерин эске алуу менен, Кыргызстандын мыйзамдарынын талаптарына ылайык уюштурулган. Директорлор кеңеши "Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында ички контролдукту уюштуруу саясатын" бекиткен.

Кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү системасы билдирет:

- Кардарларды, кардарлардын өкүлдөрүн, пайда алуучуларды, бенефициардык ээлерин идентификациялоо.
- Тиешелүү сактык чараларын жана кардарларды талаптагыдай текшерүү чараларын эске алуу менен "Кардарыңды бил" принцибинин алкагында кардарларды изилдөө.
- "Коргоонун үч багыты" млделинин негизинде тобокелдикке багытталган мамилени колдонуу.
- Кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана терроризмди каржылоо максатында жасалгандыгына шектенүүнү жаратуучу операцияларды аныктоо үчүн кардарлардын операцияларына мониторинг жана контроль.

Комплаенс-контроль департаментинин түзүмүнө кирген Акчаны адалдоого жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү боюнча бөлүм (АА/ТККАБ) түздөнтүз АА/ТККА талаптарынын сакталышын контролдоо жана финансылык мониторинг үчүн жооп берет.

[2] https://eldik.kg/ru/sustainable-development/goryachaya-liniya?for_who=individual

Акчаны адалдоого жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү боюнча практикага тиешелүү болгон документтер 5 жыл ичинде сакталат.

2024-жылы акчаны адалдоого же инсайдердик соодага байланыштуу учурлар аныкталган эмес.

## Ички саясаттар: кызыкчылыктар кагылышын башкаруу жана коррупцияга каршы аракеттенүү

Бизнестин ак ниеттүү жана туруктуу жүргүзүлүшүн камсыз кылуу үчүн Элдик Банк кыянаттык менен пайдалануунун алдын алууга, жоопкерчилик жана отчеттуулук маданиятын бекемдөөгө багытталган ички саясаттардын комплексин ишке киргизди. Мындай документтердин катарына төмөнкүлөр кирет:

- **Кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруу саясаты,** Директорлор кеңешинин 2024-жылдын 27-сентябрындагы №56/6 чечими менен бекитилген (2025-жылдын 9-июнундагы редакциясында),
- **Коррупцияга каршы саясат,** Директорлор кеңешинин 2024-жылдын 24-сентябрындагы №55/3 чечими менен бекитилген.

### Кызыкчылыктардын кагылышын башкаруу

Кызыкчылыктардын кагылышы кызматкердин жеке кызыкчылыгы кардарлардын, Банктын, өнөктөштөрдүн же акционерлердин кызыкчылыктарына каршы келиши мүмкүн болгон жагдай катары аныкталат. Саясат белгилейт:

- **кардарлардын жана Банктын кызыкчылыктарына артыкчылык** берүү принциби;
- кызмат абалын, маалыматты же ресурстарды жеке максаттарда колдонууга тыюу салуу;
- бардык кызматкерлердин ишке орношууда жана иш процессинде **потенциалдуу же реалдуу кызылчылыктардын кагылышын ачыктоо** милдеттенмеси;
- жазуу жүзүндөгү билдирүү, чечим кабыл алуудан убактылуу четтетүү жана функционалдык милдеттерин кайра кароо механизми;
- Ички аудит департаменти, Ички контроль бөлүмү, Кооптуулуктун жана HR департаменти тарабынан талдоо жана текшерүүлөрдү жүргүзүү;
- кызыкчылыктардын кагылышы боюнча маалымат-тар базасын жүргүзүү жана аныкталган учурлар жана көрүлгөн чаралар жөнүндө Директорлор кеңешине дайыма маалымдоо.


Ошентип, Банк чечимдерди кабыл алуу процесстеринин ачык-айкындуулугун жана жеке пайдага же тышкы басымга байланыштуу тобокелдиктерден коргоону камсыз кылат.

2024-жылы Банктын ишинин ак ниеттүүлүгүнө жана этикалуулугуна доо кетире турган олуттуу кызыкчылыктардын кагылышы аныкталган эмес.

### Коррупцияга каршы саясат

"Элдик Банк" ААКнын коррупцияга каршы саясаты коррупцияга карата нөлдүк жол берүүчүлүк принцибин ишке ашырат жана улуттук мыйзамга жана эл аралык стандарттарга ылайык келет. Саясат:

- паракорчулуктун, коммерциялык сатып алуунун жана башка коррупциялык көрүнүштөрдүн бардык түрлөрүнө тыюу салат;
- бардык кызматкерлер жана кызмат адамдары үчүн бирдиктүү жүрүм-турум эрежелерин аныктайт;
- **коррупциялык таасир этүү аракеттери жөнүндө милдеттүү билдирүүнү** карайт;
- символикалык сувенирлерди кошпогондо, белектерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн чектейт жана айрым кызматкерлерге кайрымдуулук каражаттарын кабыл алууга тыюу салат;



- кызматкерлерден ниети жок болсо да, коррупциялык деп баалана турган иш-аракеттерден алыс болууну талап кылат;
- коррупцияга каршы талаптардын сакталбагандыгы үчүн жеке жоопкерчиликти белгилейт;
- персоналды коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо жана алдын алуу ыкмалары жөнүндө үзгүлтүксүз окутууну жана маалымдоону карайт.

### Сүрөмөлөө жана саясий ишмердикке катышуу

Ишкер этика кодекси түздөн-түз же кыйыр түрдө саясий ишмердикке катышууга, анын ичинде саясий уюмдарга катышууга жана саясий партияларды сүрөмөлөө же демөөрчүлүк боюнча чыгымдарга ээ болууга тыюу салат.

### Кесипкөй ассоциациялардагы мүчөлүк

Өнөктөштүктү өнүктүрүү, тажрыйба алмашуу жана туруктуу өнүгүү принциптерин илгерилетүү алкагында Элдик Банк бир катар кесипкөй жана тармактык уюмдардын мүчөсү болуп саналат. 2024-жылы Банк төмөнкү ассоциацияларга мүчөлүк төгүмдөрдү төлөгөн:

1. Кыргыз Республикасынын банктар бирлиги
2. Association of Global Compact Country Network Central Asia
3. Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү ассоциациясы
4. "КР электрондук коммерция ассоциациясы" ЮЖБ
5. Эл аралык ишкер кеңеш
6. Кыргыз Республикасынын HR эксперттер ассоциациясы
7. Жана башкалар.

Бул уюмдарга катышуу Банкка мыкты тажрыйбалардан кабардар болууга, стандарттарды жана мыйзам чыгаруу демилгелерин иштеп чыгууга катышууга, ошондой эле банк секторун жана жалпысынанөлкөнүн экономикасын туруктуу өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Аталган уюмдар саясий ишмердикке катышпайт.

### Комплаенске жана корпоративдик башкарууга жактоочулук

Элдик Банк ак ниеттүүлүктүн, ачык-айкындуулуктун жана отчеттуулуктун жогорку стандарттарын карманат. Биз корпоративдик башкаруу, коррупцияга каршы аракеттенүү, тобокелдиктерди тескөө жана кызыкдар тараптардын укуктарын коргоо жаатында эл аралык стандарттарга ылайык келген ички контролдун, комплаенстин жана аудиттин комплекстүү системасын киргиздик.

**Ички контроль жана финансылык ачык-айкындуулук**

2024-жылдын 19-сентябрында бекитилген **Ички контроль боюнча саясатка** ылайык, Банк төрт деңгээлдүү контролдоо системасын ишке ашырат:

1. **Биринчи деңгээл** – жеринде кызматкерлер тарабынан контроль, анын ичинде тобокелдиктерди өз алдынча баалоо жана жол-жоболорду сактоо.
2. **Экинчи деңгээл** – бухгалтерия, тобокелдиктерди тескөө жана комплаенс департаменттери тарабынан көзөмөл.
3. **Үчүнчү деңгээл** – көз карандысыз ички аудит жана адистештирилген комитеттер.
4. **Төртүнчү деңгээл** – Директорлор кеңеши тарабынан стратегиялык контроль жана көзөмөл.

Саясат финансылык бузуулардан жана кыянаттык менен пайдалануудан баштап ФОЭС мыйзамдарын жана стандарттарын сактабоого чейин тобокелдиктердин кеңири спектрин камтыйт. Алдын алуу чаралары, анын ичинде үзгүлтүксүз стресс-тесттер, кирүү мүмкүндүгүн контролдоо жана артыкчылыктуу колдонуучулардын аудити, ошондой эле аныкталган кемчиликтерге оперативдүү жооп берүү механизмдери колдонулат.

**Комплаенс жана ак ниеттүү эмес практикалардан коргоо**

Банк алдамчылыкка, каражаттарды максатсыз пайдаланууга жана ак ниеттүү эмес практиканын башка түрлөрүнө карата **нөлдүк сабырдуулук** саясатын ишке ашырат. Бул ички ченемдик документтерде жана кызматкерлер, консультанттар жана подрядчылар менен түзүлгөн келишимдерде белгиленген.

Анын ичинде:

- Эмгек жана сервис контракттарына этика жана купуялуулук боюнча милдеттенмелерди киргизүү;
- Сатып алуулар жол-жоболорунда жана консультанттарды жалдоодо коррупцияга каршы стандарттарды колдонуу;
- **Ишенимсиз жеткирип берүүчүлөрдүн** реестрин жүргүзүү жана аффилирленгендик же кызыкчылыктардын кагылышы аныкталганда бүтүмдөрдөн баш тартуу.

**Жетектөөчү органдар жана ченемдердин сакталышын контролдоо**

Этикалык жана кадрдык маселелер боюнча жоопкерчилик **Кадр саясаты боюнча комитетке** жүктөлгөн, анын курамына Башкарманын мүчөлөрү, юридика, финансы жана HR-департаменттеринин башчылары кирет. Комитет кызматкерлердин кайрылууларын карайт, эмгек шарттарын баалайт жана ишкердик этика стандарттарынын сакталышын көзөмөлдөйт. Отурумдар үзгүлтүксүз өтөт - 2024-жылы моралдык-психологиялык климат жана пенсия төлөп берүү топторун текшерүү маселелери каралган.

**Кызыкчылыктар кагылышын башкаруу**

Банк кызматкерлердин жеке кызыкчылыгы кызматтык чечимдерге таасир этиши мүмкүн болгон жагдайлардын алдын алуу максатында 2024-жылдын 27-сентябрында бекитилген, **Кызыкчылыктардын кагылышын башкаруу боюнча саясатты** киргизди. Саясат төмөнкүлөрдү карайт:

- потенциалдуу чыр-чатактарды милдеттүү түрдө ачыкка чыгаруу;
- борборлоштурулган мониторинг жана маалымат базасын жүргүзүү;
- HR жана юридикалык кызматтын катышуусунда көз карандысыз текшерүү жана чечим кабыл алуу;
- сактабагандыгы үчүн тартипке чакыруу жоопкерчилиги.

**Маалымдоо жана сактоо**

Ар бир кызматкер ишке орношууда **ички ченемдик документтерди,** анын ичинде Корпоративдик этика кодексин, Коррупцияга каршы саясатты жана ички контроль боюнча жобону сактоо боюнча милдеттенмеге кол коет. Инструктаж жана кайра окутуу үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турат.

**Көз карандысыз иликтөө жана кабарлоочуларды коргоо**

Ички инциденттерди иликтөө функциясын Башкарманын Төрагасына түз баш ийген **Экономикалык коопсуздук бөлүмү** аткарат. Татаал учурларда көз карандысыз эксперттер тартылышы мүмкүн. Бардык кайрылуулар купуялуулукту сактоо менен каралат, ал эми иликтөөнүн материалдары чечим кабыл алуу үчүн жетекчиликке жөнөтүлөт.

Банк өзүнүн ички документтерин дайыма актуалдаштырып турат: коррупцияга каршы саясат, кызыкчылыктардын кагылышын башкаруу саясаты жана башка негизги регламенттер жылына кеминде бир жолу, ал эми Ишкер этика кодекси – үч жылда бир жолу же зарыл болгондо андан көп кайра каралып турат. Бардык ички саясаттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, КР Улуттук банктын ченемдик актыларынын жана тиешелүү эл аралык келишимдердин талаптарын эске алуу менен иштелип чыгат.

Коррупцияга каршы стандарттарды сактоонун жогорку деңгээлин камсыз кылуу үчүн бардык жаңы кызматкерлер комплаенс-тобокелдиктер, анын ичинде коррупцияга каршы жол-жоболор боюнча милдеттүү окутуудан өтүшөт. Жылына эки жолу кызматкерлерди сурамжылоо жүргүзүлөт, анын жыйынтыктары ишке ашырылып жаткан чаралардын натыйжалуулугун талдоо үчүн Директорлор кеңешине берилет. Мындан тышкары бөлүмдөрдүн жетекчилери жогорку коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон позицияларда турган кызматкерлерге туруктуу контроль жүргүзүшөт.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча коррупциянын жана алдамчылыктын учурлары, ошондой эле акчаны адалдоо жана инсайдердик соода практикасы, анын ичинде акчалай же башка айыптык санкцияларга алып келген, же анын натыйжасында кызматкерлер иштен бошотулган же коррупциялык укук бузууларды жасагандыгы үчүн тартипке чакыруучу же башка жоопкерчиликке тартылган учурлар аныкталган эмес. Ошондой эле коррупциялык укук бузууларга түрткү бере турган кызыкчылыктар кагылышынын учурлары аныкталган эмес.



# Тобокелдиктерди тескөө

### Тобокелдиктерди тескөө ыкмасы:

Элдик Банк Директорлор кеңешинин, Башкарманын, комитеттердин жана башка түзүмдөрдүн деңгээлинде стратегиялык жана тактикалык чечимдерди уюштурууну камтыган тобокелдиктерди тескөөнүн комплекстүү системасын колдонот. Тобокелдиктердерди тескөө Тобокелдиктерди тескөө саясаты, Комплаенс-тобокелдикти тескөө саясаты, Ички контролдоо системасы жөнүндө саясат сыяктуу бекитилген ички документтердин негизинде ишке ашырылат жана мыйзамдардагы жана ички саясаттагы өзгөрүүлөрдү эске алуу менен туруктуу бааланып турат.

Бул системанын негизи Банк ишинин бардык деңгээлдеринде тобокелдиктерди натыйжалуу идентификациялоону, баалоону, тескөөнү жана контролдоону камсыз кылган **коргоонун үч багытынын модели** болуп саналат:

### Биринчи коргоо багыты – бизнес-бөлүмдөр (ээлик кылуу жана тобокелдиктерди тескөө)

Банктын операцияларды жана бүтүмдөрдү жүзөгө ашырууга түздөн-түз катышкан бардык түзүмдүк бөлүмдөрү тобокелдиктердерди тескөө үчүн биринчи кезекте жоопкерчилик тартышат. Алар төмөнкүлөрдү ишке ашырышат:

- тобокелдиктерди аныктоо, баштапкы баалоо жана мониторинг жүргүзүү;
- тобокелдиктерди тескөө боюнча ички регламенттерди сактоо;
- операцияларды белгиленген лимиттердин жана ыйгарым укуктардын чегинде жүргүзүү;
- чечим кабыл алууда тобокелдиктерди эске алуу.

### Экинчи коргоо багыты – контролдоо жана шайкештикти камсыз кылуу функциялары

Экинчи багыт адистештирилген контролдоо бөлүмдөрү болуп саналат:

- **Тобокелдик-менеджмент департаменти,** Директорлор кеңешине функционалдык отчеттуу, төмөнкүлөрдү камсыз кылат:
  - тобокелдиктердин бардык негизги түрлөрүн тескөө процесстерин координациялоо;
  - методологиялык колдоо жана тобокелдик-профилдерин актуалдаштыруу;
  - тобокелдиктердин учурдагы деңгээли жана мүнөзү жөнүндө, ошондой эле Банк тарабынан Улуттук банктын ченемдик талаптарынын жана капиталдын адекваттуулугу боюнча ички лимиттердин аткарылышы жөнүндө жетекчиликке үзгүлтүксүз маалымат берип туруу.
- **Комплаенс-контроль департаменти,** Банктын ишинде мыйзамдардын ченемдеринин, ошондой эле ак ниеттүүлүк жана ачык-айкындуулук принциптеринин сакталышы үчүн жооп берет.

### Үчүнчү коргоо багыты – ички жана тышкы аудит

Тобокелдиктерди тескөө системасынын натыйжалуулугуна көз карандысыз баалоону камсыз кылуу үчүн Банкта Директорлор кеңешине функционалдык жактан баш ийген, **Ички аудит департаменти түзүлгөн.** Ал:

- жыл сайын тобокелдик-менеджмент жаатында текшерүүлөрдү жүргүзөт;
- тобокелдиктерди тескөө процесстерине катышкан бөлүмдөрдүн ишин баалайт;
- кемчиликтерди аныктайт жана аларды жоюу боюнча көрсөтмөлөрдү берет;
- текшерүүлөрдүн жыйынтыктары жана эреже бузууларды четтетүүдөгү жетишкендик жөнүндө Директорлор кеңешине маалымдайт.

Ички аудитордук иш текшерүүлөрдүн бекитилген жылдык планынын негизинде жана ички ченемдик документтерге ылайык жүзөгө ашырылат. Финансылык отчеттун тышкы аудитинин алкагында жүргүзүлүүчү ар жылдык тышкы аудит тобокелдиктерди тескөө системасынын ишине көз карандысыз баа берүүнү толуктайт. Ал аудит үчүн маанилүү контролдоо каражаттарынын бири катары тобокелдиктерди тескөө системасын изилдөөнү камтыйт. Акыркы тышкы аудит 2024-жылы жүргүзүлгөн.

### Тобокелдиктерди тескөө функцияларынын көз карандысыздыгы:

Банкта тобокелдиктерди тескөө функциясы бизнес-операциялардан жана бөлүмдөрдөн түзүмдүк көз карандысыз болуп саналат, бул тобокелдиктерди тескөөнүн объективдүүлүгүнө жана натыйжалуулугуна түрткү берет. Бул чечимдерди кабыл алууда көз карандысыздыкты камсыз кылат жана ички контролдун жана тобокелдиктерди баалоонун жогорку деңгээлин сактоого жардам берет.

### Тобокелдиктерге мониторинг жана баалоо процесси:

Управление рисками в Банке осуществляется на постоБанкта тобокелдиктерди тескөө кредиттик, рыноктук, операциялык жана башка тобокелдиктердин мониторингин кошо алганда, туруктуу негизде жүзөгө ашырылат. Ар айлык жана кварталдык негизде учурдагы тобокелдиктер жөнүндө отчеттор даярдалат жана Банк Башкармасы жана башка кызыкдар тараптар үчүн сунуштамалар иштелип чыгат. Тобокелдиктерди өлчөөгө карата мамилелерди, анын ичинде стресс-тестирлөөнү жана GAP-талдоону мезгил-мезгили менен кайра карап чыгуу өзгөрүп жаткан шарттарга өз убагында жооп кылууга жардам берет. Климаттык тобокелдиктерди баалоо жана тескөө корпоративдик тобокелдиктерди тескөө системасына интеграцияланган. Кененирээк “Климаттык тобокелдиктер жана мүмкүнчүлүктөр” бөлүмүндө берилген.

### Тобокелдиктер боюнча отчеттуулук:

Ай сайын Тобокелдик-менеджмент департаменти Банктын негизги тобокелдиктери, анын ичинде учурдагы тобокелдиктер жана лимиттердин абалы жөнүндө маалымат берип турат. Бул маалымат талдоо жана чечимдерди кабыл алуу үчүн Директорлор кеңешине, Башкармага жана Тобокелдиктерди тескөө комитетине туруктуу жөнөтүлүп турат.

### Тобокелдиктер боюнча стратегия жана саясат:

Банк тобокелдиктерди тескөө боюнча саясатты иштеп чыкты жана ишке киргизди, анда лимиттер, тобокелдиктерди өлчөө методикалары жана башка негизги параметрлер аныкталган. Саясат колдонуудагы мыйзамдарга жана Улуттук банктын талаптарына шайкеш

келүү үчүн туруктуу негизде тескелет жана кайра каралып турат.

**Продукттарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгууга тобокелдик-критерийлерин киргизүү** тобокелдиктерди тескөөнүн негизги элементи болуп саналат жана төмөнкүлөр аркылуу ишке ашырылат:

- жаңы продукттарды жана кызматтарды иштеп чыгууда алдын ала **тобокелдиктерди баалоо;**
- тобокелдиктердин кардарларга жана Банкка потенциалдуу таасирин баалоо үчүн **стресс-тестирлөө** жана сценарийлик талдоо методикаларын колдонуу;
- ар кандай продукт категориялары жана максаттуу сегменттер үчүн **лимиттерди жана тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн** белгилөө;
- "жашыл" кредиттерди, социалдык каржылоону жана ESG-облигацияларды кошо алганда, туруктуу финансылык продукттарды иштеп чыгууда **ESG- жана абройду жоготуу тобокелдиктерин** интеграциялоо;
- кредиттик, операциялык жана рыноктук тобокелдиктерди тескөө боюнча Улуттук банктын стандарттарын кошо алганда, бардык жаңы продукттардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн **жөнгө салуучу талаптарга** шайкеш келишин камсыз кылуу.

2024-2025-жылдары Банктын кызматкерлери кредиттик, операциялык тобокелдиктерди тескөө боюнча окуудан өтүшкөн:

- Кредит департаментинин адистери – кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча жаңы продукттарды киргизүүдө ички тренингдер;
- операциялык кызматкерлер – операциялык иш жана операциялык тобокелдиктерди тескөө боюнча үзгүлтүксүз ички тренингдер;
- Банктын кызматкерлери **EBRDRSBP (Regional Small Business Programme)** онлайн-платформасында үзгүлтүксүз окуудан өтүшөт. Программалар кредиттик талдоо, кредиттик жана операциялык тобокелдиктерди тескөө, көйгөйлүү активдер менен иштөө боюнча модулдарды камтыйт.

## Тобокелдиктерди көзөмөлдөө деңгээли

Элдик Банктагы тобокелдиктердин деңгээлин көзөмөлдөөнүн жогорку органы болуп Директорлор кеңеши саналат, ал тобокелдиктерди тескөө системасына стратегиялык жетекчиликти жүзөгө ашырат. Тобокелдиктерди тескөө саясатына ылайык, Директорлор кеңеши:

- Банктын тобокелдиктерди тескөө стратегиясын жана тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн деңгээлин бекитет;
- тобокелдиктерди баалоо, мониторинг жүргүзүү жана чектөө системаларынын киргизилишине жана натыйжалуулугуна көзөмөл жүргүзөт;
- аныкталган тобокелдиктер жана аларды жумшартуу боюнча көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө отчетторду карайт.

Директорлор кеңешинин бардык мүчөлөрү банктардагы тобокелдик-менеджменти боюнча тренингдерден өтүшкөн жана тиешелүү тастыктамалары бар.

Мындан тышкары Директорлор кеңешинин алдында адистештирилген Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитет иштейт, анын курамына ислам банкинги жана каржы жаатында билими бар кеминде бир Директорлор кеңешинин мүчөсү кирет. Комитет Директорлор кеңешине артыкчылыктарды түзүүдө жана тобокелдиктерди натыйжалуу тескөө үчүн шарттарды түзүүдө жардам берет.

### Тобокелдиктерди тескөө системасынын компоненттери

Система бүтүндөй тобокелдиктерди тескөө циклин камтыйт, анын ичинде:

- тобокелдиктерди аныктоо, классификациялоо жана баалоо;
- Банктын негизги максаттарына жетүүсүнө таасир этиши мүмкүн болгон **олуттуу тобокелдиктердин** тизмесин аныктоо;
- тобокелдиктерди агрегаттоо жана нормалдуу жана стресстик шарттарда жеткиликтүү капиталдын шайкештигин баалоо;
- **тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн** жана тобокелдикке ыктоо көрсөткүчтөрүн аныктоо;
- тобокелдиктин бардык негизги метрикалары боюнча мониторинг, контроль жана үзгүлтүксүз отчеттуулук.

Банктын **олуттуу тобокелдиктеринин** катарына киргизилген:

- кредит тобокелдиги (эң маанилүү, аны жабууга капиталдын эң көп үлүшү жумшалат),
- рынок тобокелдиги,
- өлкө (суверендүү) тобокелдиги;
- операциялык тобокелдик,
- ликвиддүүлүк тобокелдиги,
- концентрация тобокелдиги
- ESG тобокелдиктер

Көрсөтүлгөн тобокелдиктердин ар бири боюнча баалоо методикасы, башкаруу жол-жоболору иштелип чыкты, тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү жана капиталдын жетиштүүлүгүн жекече баалоо ыкмасы белгиленди.

Төмөндө негизги **узак мөөнөттүү (emerging) тобокелдиктер** жана аларды жумшартуу боюнча тиешелүү чаралар бар таблица берилген:

| Пайда болгон тобокелдиктин аталышы | Тобокелдиктин категориясы | Тобокелдиктин баяндалышы | Банкка таасири | Жооп чаралары | Тобокелдик ыктымалдуулугу (1–5) | Таасир этүү масштабы (1–5) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Санарип коркунучтарга жана киберкоопсуздукка байланыштуу тобокелдиктер | Технологиялык тобокелдик | Банктын операцияларын санариптештирүүнүн көбөйүү шарттарында киберкоркунучтардын санынын өсүшү, анын ичинде фишинг, бузуулар жана маалыматтардын купуялуулугун бузулушу | Кардарлардын ишенимин жоготуу, мүмкүн болуучу финансылык жоготуулар, жөнгө салуучу санкциялар | Маалыматтык коопсуздуктун комплекстүү саясатын киргизүү, МТ-инфраструктураны туруктуу жаңылоо, персонал үчүн туруктуу тренингдер, коопсуздук системаларына мониторинг жана аудит | 5 | 5 |
| ESG жана климаттык тобокелдиктер | Экологиялык, социалдык жана башкаруучулук тобокелдик (ESG) | Экологиялык отчеттуулукка талаптарды катаалдаштыруу, климаттык окуялардын операциялык ишке мүмкүн болуучу таасири, туруктуу өнүгүү стандарттарын аткарбоого байланыштуу абройду жоготуу жана жөнгө салуу тобокелдиктери | Жөнгө салуу талаптарынын көбөйүшү, эл аралык инвестицияларга жетүү мүмкүндүгүн чектөө, абройду жоготуулар | Тобокелдиктерди башкаруунун өзүнчө экологиялык жана социалдык системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү(ЭСТБС), кызматкерлерди окутуу, кардарларды баалоо жол-жоболоруна жана инвестициялык чечимдерге ESG-критерийлерди интеграциялоо, климаттык жана туруктуу отчеттуулукту даярдоо | 3 | 3 |

# Салыктарды башкаруу

## Киришүү

Элдик Банк Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарын сактайт жана белгиленген салык стандарттарын сактайт, салыктарды ак ниеттүү төлөйт. Банктын позициясы салыктарды толук жана өз убагында төлөө Кыргыз Республикасынын стратегиялык максаттарына, анын ичинде туруктуу өнүгүү жаатындагы максаттарына ийгиликтүү жетүүсү үчүн маанилүү фактор болуп саналарында камтылган.

Банкта Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген **Салык саясаты** иштейт, ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жооп берет (09/07/2025 жаңыртылган). Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук департаменти салык маселелерин башкарууга жооп берет.

Банктын ФОЭС боюнча салыктар жана башка төлөмдөр боюнча чыгымдары, анын ичинде пайдага салыгы жөнүндө маалымат Банктын тышкы аудиттен өткөн финансылык отчетунда ачыкка чыгарылат. Ички салыктык комплаенс процесстери аудитордук баалоого жатат.

Кыргызстанда 2024-жылы киреше салыгынын белгиленген ставкасы 10% болгон. Отчеттук мезгилде Элдик Банктын пайдага учурдагы пайдага салык боюнча чыгашалары **645 млн сому** түзгөн.

2024-жылы Элдик Банкка карата мүмкүн болуучу салыктык бузууларга байланыштуу кайрылуулар түшкөн эмес. Кызыкдар тараптар Банкка салык салууга карата адепсиз жүрүм-турум жөнүндө колдо болгон коммуникация каналдары аркылуу маалымдоого укуктуу.

### 1. Салык мыйзамдарынын сакталышына мамиле

Элдик Банк салык милдеттенмелерин ак ниет аткаруу жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын сактоо принциптерин сактайт. Туура салыктык эсепке алууну жүргүзүү жана салыктык ченемдердин бирдей колдонулушун камсыз кылуу үчүн Банкта **ички Салык саясаты** киргизилген, ал салыктык башкаруунун бардык системасы үчүн база катары кызмат кылат.

Негизги чаралар камтыйт:

- Профилдик бөлүмдөр тарабынан **салык мыйзамдарындагы өзгөрүүлөргө туруктуу мониторинг жүргүзүү;**
- Ченемдик базанын өзгөрүүлөрүн эске алуу менен **ички жол-жоболорду актуалдаштыруу;**
- Салыктык эсепке алуу жана отчеттуулук маселелери боюнча адистештирилген окутуулар аркылуу **кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу;**
- Пайдага салыкты, КНС, киреше салыгын жана камсыздандыруу чегерүүлөрүн кошо алганда, салык милдеттенмелеринин бардык түрлөрүнө карата **бирдиктүү мамилелерди колдонуу**

**Ички Салык саясатынын негизинде** салык төлөөдөн качуу практикасынан **баш тартууну камтыган жоопкерчиликтүү банктык ишин жүргүзүү боюнча милдеттенмелерди өзүнө алат.** Банк Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу салык органдары менен кызматташпаган салык юрисдикциялары менен өз ара аракеттенбейт, ошондой эле салык салууну оптималдаштыруу максатында эл аралык оффшордук схемаларды жана жеңилдетилген салык режими бар мамлекеттерди (“салыктык башкалка”) колдонбойт. Мындай жоопкерчиликтүү банк практикасын жүргүзүү төмөнкүлөрдү билдирет:

- кирешени иш жүргүзгөн өлкөлөргө караганда кыйла төмөнкү салык ставкалары бар юрисдикцияга которбоо;
- реалдуу коммерциялык мазмуну жок, жасалма салык схемаларын колдонбоо;
- трансферттик баа түзүүдө “сунулган кол” принцибин колдонуу, башкача айтканда, бүтүмдөрдү көз карандысыз тараптардын ортосунда түзүлгөндөй жасоо.

### 2. Ачык-айкындуулук жана тышкы тараптар менен өз ара аракеттенүү

Ачык-айкындуулукка жана туруктуулукка умтулуунун алкагында Элдик Банк тышкы салык консультанттары жана аудиторлор менен **ыктыярдуу кызматташуунү жүзөгө ашырат.** Жоопту бөлүмдөр салыктык жөнгө салуунун талаштуу жана татаал маселелери боюнча консультацияларды өткөрүшөт, бул отчеттуулуктун сапатын жогорулатууга жана жөнгө салуучу тобокелдиктерди азайтууга мүмкүндүк берет.

Банк ошондой эле белгиленген жол-жоболорго ылайык салыктык текшерүүлөргө катышат жана салык органдары менен конструктивдүү өз ара аракеттенүүгө ачык.

### 3. Салык саясатынын туруктуу өнүгүү менен байланышы

Салык саясаты Банк тарабынан укуктук жөнгө салуунун куралы катары гана эмес, туруктуу өнүгүү стратегиясынын ажырагыс бөлүгү катары да каралат. Салыктарды өз убагында жана толук төлөө:

- **Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошот;**
- **Кызыкдар тараптардын –** кардарлардын, инвесторлордун, жөнгө салуучулардын жана өнөктөштөрдүн **ишенимин сактайт;**
- **Финансы секторунун жоопкерчиликтүү жана ишенимдүү катышуучусу катары Банктын беделин бекемдөөгө өбөлгө түзөт.**

### 4. Салык органдары менен өз ара аракеттенүү

Элдик Банк Кыргыз Республикасынын салык органдары менен мамилелерди **ак ниеттүүлүк, ачык-айкындуулук жана өз убагында болуучулук принциптеринин** негизинде түзөт. Өз тажрыйбасында Банк:

- **Бардык зарыл болгон салык отчетторун мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдө так берет;**
- **Салык органдарынын өкүлдөрү менен,** анын ичинде кесиптик бирикмелерге жана жумушчу топторго катышуу аркылуу **үзгүлтүксүз диалог жүргүзөт;**
- Зарыл болгон учурда **салыктык текшерүүлөргө катышат** жана текшерүүчү органдар менен конструктивдүү өз ара аракеттенет;
- **Салык органдарынын расмий суроо-талаптарына өз убагында жана толук жооп берет,** зарыл болгон түшүндүрмөлөрдү жана тастыктоочу документтерди берет.

### 5. Салык саясатын түзүүгө катышуу

Элдик Банк колдонуудагы салык мыйзамдарынын талаптарын аткаруу менен эле чектелбейт, **улуттук деңгээлде салык системасын талкуулоого жана өркүндөтүүгө активдүү катышат.** Өз ара аракеттенүүнүн негизги форматтарынын катарында төмөнкүлөр бар:

- **“Кыргызстандын банктар бирлиги” ЮЖБ** тарабынан уюштурулган жумушчу топторго жана форумдарга катышуу, алар аркылуу банк секторундагы салык практикасын жакшыртуу боюнча сунуштар түзүлөт жана талкууланат.
- **Салык салуу, салык отчеттуулугу жана башкаруу** маселелери боюнча профилдик мамлекеттик органдар жана жөнгө салуучулар менен диалог жүргүзүү;

- Кыргыз Республикасында **адилеттүү, туруктуу жана ачык-айкын салык чөйрөсүн** түзүүгө багытталган **демилгелерди колдоо.**

Ошентип Банк бир эле учурда мамлекеттин кызыкчылыктарына жооп берген жана бизнес үчүн алгылыктуу шарттарды түзгөн, жөнгө салуучу талааны өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

### 6. Кызыкдар тараптардын пикирин эске алуу

Элдик Банкта салык салууга карата мамилелерди калыптандырууда **ички жана тышкы кызыкдар тараптардын** кызыкчылыктары жана күтүүлөрү эске алынат. Бул өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Кесипкөй салык консультанттары жана аудиторлор менен консультацияларды өткөрүү;
- Жөнгө салуучу өзгөрүүлөргө мониторинг жүргүзүү, ошондой эле финансы секторундагы салыктык башкаруу практикасын изилдөө;
- Салык маселелерине байланыштуу **кардарлардан, инвесторлордон, контрагенттерден жана кызматкерлерден кайтарым байланышты талдоо.**

Отчеттук мезгилде **Банктын салык саясатына же тажрыйбаларына тиешелүү даттануулар же дооматтар катталган эмес.**



# Сатып алуу ишин тескөө

**Элдик Банк** сатып алуулардын катышуучуларынын жол-жоболорун, ролдорун, жоопкерчиликтерин жана жүрүм-турум эрежелерин аныктаган, бекитилген **Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жөнүндө жобого** (05.02.2025-жылдагы N°6/2 акыркы версиясы) таянуу менен, ачык-айкындуулук, этикалуулук жана туруктуулук принциптерине ылайык сатып алуу ишин уюштурат. Банктагы сатып алуу функциясы өлкөнүн экономикасына кошкон салымын, локалдуу жеткирип берүүчүлөрдү колдоону, коррупциянын алдын алууну жана ESG (экологиялык, социалдык жана башкаруучулук аспекттер) стандарттарын киргизүүнү кошо алганда, туруктуу өнүгүүнүн кеңири контекстине интеграцияланган.

## Сатып алуулардын стратегиялык принциптери

Саясатка ылайык, Элдик Банкта сатып алуулар төмөнкү негизги принциптердин негизинде уюштурулган:

- Ачык-айкындуулук жана отчеттуулук;
- Жетүү мүмкүндүгүнүн теңдиги жана басмырлоонун жоктугу;
- Сунуштарды баалоонун адилеттүүлүгү жана объективдүүлүгү;
- Кызыкчылыктардын кагылышынын жана коррупциянын алдын алуу;
- Баа менен сапаттын оптималдуу катышы (value for money);
- Тең шарттарда локалдуу жеткирип берүүчүлөргө артыкчылык берүү.

Тендерлер жөнүндө бардык маалымат бардык катышуучуларга бирдей жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу менен, электрондук сатып алуулар системасы аркылуу жарыяланат.

## Башкаруу түзүмү жана жол-жоболор

Борборлоштурулган сатып алуулар системасы Сатып алуулар боюнча бөлүм тарабынан координацияланат, ал Башкаруучу директорго баш ийет.

Сатып алуулар төмөнкү формада өткөрүлөт:

- Чектелбеген ыкма;
- Котировкалар суроо-талаптары;
- Түз сатып алуулар – айрым учурларда гана (документтер менен негизделген).

## 2024-жылдагы сатып алуулардын көлөмү жана түзүмү

2024-жылы Элдик Банк **100дөн** ашык жеткирип берүүчүлөр менен контракттарды түзгөн, алардын **95%** – Кыргыз Республикасында катталган **локалдык жеткирип берүүчүлөр.** Сатып алуулардын көлөмү **1,3 млн сомду** түздү, мында бюджеттин **94%ы** жергиликтүү жеткирип берүүчүлөргө багытталган.

Банктын сатып алуулар боюнча бөлүмү сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүүдө, анын ичинде Кыргыз Республикасында берилген тастыктоочу документтерди жана тастыктамаларды талап кылуунун аркасында улуттук контрагенттерге системалуу түрдө артыкчылык берет. Мындай мамиле ата мекендик бизнести колдоого жана Банктын аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүүсүнө түрткү берет.

**Эң маанилүү сатып алуулар категориялары камтыйт:**

| Сатып алуулар категориясы | Жалпы көлөмдөгү үлүш |
|---|---|
| Орун жайларды ижарага алуу жана коммуналдык кызматтар | 33.7% |
| Маалыматтык технологиялар | 15.7% |
| Коопсуздук жана инкассация | 12.3% |
| Банктык карталар жана желим продукция | 8.6% |
| Билим берүүчү жана HR-кызматтар | 4.4% |
| Башкалар (транспорт, кеңсе чыгымдары ж.б.) | 25.3% |

## Жеткирип берүүчүлөр менен жоопкерчиликтүү өз ара аракеттенүү

2024-жылы Банк контрагенттерге туруктуу өнүгүү принциптерин жайылтуучу **Контрагенттин ишкер этика кодексин иштеп чыккан.** Ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Эмгекти коргоо жана кызматкерлердин укуктары боюнча талаптар;
- Калдыктарды жана жаратылыш ресурстарын жоопкерчиликтүү башкаруу;
- Басмырлоого жана балдар эмгегине тыюу салуу;
- ESG-практикаларга аудит жана текшерүү жүргүзүүгө макулдук.

Келечек планда жеткирип берүүчүлөрдү ESG-баалоону киргизүү, анын ичинде экологилык жана социалдык тобокелдиктердин деңгээли жогору болгон контрагенттерди аныктоо үчүн тобокелдик-категориялоо каралган. Бул Банкка өзүнүн бүтүндөй жеткирип берүү чынжырынын туруктуулугуна активдүү таасир этүү мүмкүндүгүн берет.

## Коррупцияга каршы аракеттенүү жана контролдоо

Отчеттук мезгилде коррупция, маалыматтык коопсуздукту бузуу же туруктуу өнүгүүнүн стандарттарынан четтөө себептери боюнча жеткирип берүүчүлөр менен кызматташууну токтоткон бир дагы учур катталган эмес. Ченемдердин сакталышына контроль сатып алуу циклинин бардык этаптарында ишке ашырылат.

## Туруктуу сатып алууларды колдоо

Экологиялык тастыктамаланган продукцияны сатып алуу азырынча олуттуу үлүштү түзбөсө да, 2025-жылы кайра иштетилген желимден жасалган банктык карталарга өтүү, ошондой эле кеңсе муктаждыктары үчүн энергиялык майнаптуу жабдууларды жана кайра иштетилген материалдарды сатып алуу потенциалын талдоо пландалган.

# Киберкоопсуздук жана жеке маалыматтарды коргоо

### Киберкоопсуздук стратегиясынын сереби

Элдик Банк маалыматтык коопсуздукту стратегиялык жана операциялык башкаруунун негизги артыкчылыктарынын бири катары карайт.

Киберкоопсуздук жаатындагы Банктын негизги максаттары төмөнкүлөрдү камсыз кылууга багытталган:

- Кардарлардын маалыматтарынын купуялуулугу;
- Банктын операциялардын үзгүлтүксүздүгү жана системалардын туруктуулугу;
- Бузуулардын, агып чыгуулардын жана алдамчылыктын алдын алуу;
- Финансылык жана абройду жоготууларды минималдаштыруу.

Элдик Банктын киберкоопсуздукту камсыз кылууга жана маалыматтарды коргоого карата мамилени жөнгө салуучу, Маалыматтык коопсуздук жөнүндө жобо аталышындагы бекитилген ички документи бар, ошондой эле "Элдик Банк" ААКнын жеке маалыматтар жаатындагы саясаты жана Методика "Коопсуздукту камсыз кылуу жана жеке маалымат субъектинин жеке мүнөздөгү маалыматын коргоо боюнча" методикасы бар. 2024-жылы Банк ачык-айкындуулукту жана эң мыкты эл аралык тажрыйбаларга шайкештикти жогорулатуу үчүн ачык жетүү шартында аны жарыялоо жөнүндө чечим кабыл алган. Бул документтер Банктын төмөнкүлөр боюнча милдеттенмелерин камтыйт:

- маалыматтык коопсуздук системаларын тынымсыз өркүндөтүү;
- кардарлардын жана кызматкерлердин маалыматтарын коргоону, купуялуулугун жана бүтүндүгүн камсыз кылуу;
- коркунучтарга мониторигг жана маалыматтык коопсуздук инциденттерине жооп кылуу;
- бардык деңгээлдерде персоналдын малыматтык коопсуздук үчүн жоопкерчилигин белгилөө;
- четки жеткирип берүүчүлөр жана подрядчылар үчүн маалыматтык коопсуздукка карата талаптарды аныктоо.

Банктын киберкоопсуздук стратегиясы үч өз ара байланыштуу түркүгүндө түзүлөт:

1. **Тобокелдиктерди баалоо жана тескөө**

Банк тобокелдикке-багытталган ыкманы колдонот жана "коргоонун үч линиясы" принциби боюнча түзүлгөн кибертобокелдиктерди башкаруу системасын ишке ашырат:

- Биринчи багыт – бөлүмдөрдөгү тобокелдиктердин ээлери;
- Экинчи багыт – Маалыматтык коопсуздук кызматы (МКК) жана Тобокелдик-менеджмент департаменти;
- Үчүнчү багыт – Ички аудит департаменти.

Жыл сайын, анчн ичинде МИ-кызматтарынын аутсорсингинде жана булут чечимдерин пайдаланууда МК тобокелдиктерин баалоо жүргүзүлөт.

2. **Киберкоопсуздукту функционалдык башкаруу**

Банктын түзүмүндө Башкармага отчеттуу болгон, адистешкен Маалыматтык коопсуздук кызматы иштейт. Ал башка МТ-болүмдөрү менен бирге камсыз кылат:

- МТ-инфраструктураны, тармактык ресурстарды жана маалыматтарды, анын ичинде жеке маалыматтардын сакталышын коргоо
- иштин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу планына ылайык бизнес-процесстержин үзгүлтүксүз иштеши
- SOC жол-жоболорун ишке ашыруу
- кирүүнү контролдоо, инциденттерге мониторинг жана башкаруу.

"Маалыматтык коопсуздук жөнүндө жобого" ылайык, Банктын бардык кызматкерлери маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу жана купуялуулукту сактоо жана корпоративдик этика эрежелерин жактоочулук жөнүндө милдеттенмени ырастоо боюнча талаптар менен жазуу жүзүндө таанышкан. Маалыматтык коопсуздук боюнча талаптарды аткаруу боюнча персоналды милдеттенмелери кызматтык нускамаларга киргизилген.

Жыл сайын Тобокелдик-менеджмент департаменти түзүмдүк бөлүмдөрдүн башчылары менен биргеликте маалымат системасындагы тобокелдиктерге талдоо жүргүзөт. Тобокелдиктерге жүргүзүлгөн талдоонун негизинде маалыматтык системада аныкталган тобокелдиктерди четтетүү боюнча иш-чаралардын план-графиги түзүлөт. Ички аудит департаменти, Ички контроль бөлүмү өз ыйгарым укуктарынын чегинде, түзүмдүк бөлүмдөрдө жана филиалдарда ички контролдун абалын, маалыматтык коопсуздуктун сакталышын текшерет.

3. **Ченемдик талаптарды жана эл аралык стандарттарды сактоо**

- Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын, анын ичинде Жеке маалыматтар жөнүндө мыйзамды жана МК жаатындагы Улуттук банктын жөнгө салууларын так сактайт.
- 2024-жылы Банк процесстерди **ISO/IEC 27001** стандартына ылайык келтирүүнү ишке ашырган жана **МК ар жылдык тышкы аудитинен** пландуу өтүүнү баштаган.
- Ички регламенттер, анын ичинде Маалыматтык коопсуздук жөнүндө жобо жана Электрондук төлөм системаларынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча саясат колдонулат.

### Укуктук ченемдерди сактоо жана жөнгө салуучу органдар менен кызматташтык

Элдик Банк маалыматтык жана киберкоопсуздук чөйрөсүндө улуттук жана эл аралык талаптарды так аткарат, өз ишинин төмөнкү негизги документтерге шайкеш келишин камсыз кылат:

- **ISO/IEC 27001 эл аралык стандарты** – 2024-жылы Банк өзүнүн маалыматтык коопсуздук системасын ушул стандартка ылайык келтирүү, анын ичинде ар жылдык тышкы аудитке даярдык боюнча комплекстүү иштерди жүргүздү. 2025-жылы ISO 270 шайкештик тастыктамасын алуу пландаштырылган. Бул сертификатты алуу стандарттын негизги принциптеринин бирин ишке киргизүүнү – маалыматтык коопсуздук жана жеке маалыматтарды коргоо системаларын үзгүлтүксүз өркүндөтүүнү күбөлөндүрөт.
- **Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (КРУБ) ченемдик-укуктук актылары** – маалыматты, жеке маалыматтарды, ошондой эле МТ-инфраструктурасын коргоого карата талаптар;
- **"Жеке маалыматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** – кардарлардын жана кызматкерлердин жеке маалыматтарын иштеп чыгуу, сактоо жана коргоо бөлүгүндө;
- **Ички жоболор** – анын ичинде Маалыматтык коопсуздук жөнүндө жобо, Электрондук төлөм системасы

жана тобокелдиктерди баалоонун ички методикалары боюнча саясат.

Киберкоркунучтардан коргоонун ачык-айкындуулугун камсыз кылуу жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн Элдик Банк профилдик мамлекеттик түзүмдөр менен системалуу өз ара аракеттенет:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (КРУБ) – банк секторунда маалыматтык коопсуздук жана маалыматтарды коргоо ченемдеринин аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагындагы негизги жөнгө салуучу;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине караштуу Киберкоопсуздукту камсыз кылуу боюнча координациялык борбор – инциденттер жөнүндө маалымат алмашуунун, коркунучтарды баалоонун жана улуттук кибертуруктуулукту бекемдөө боюнча биргелешкен демилгелерге катышуунун алкагында.

### Ички жана тышкы шайкештикти контролдоо

Элдик Банк өзүнүн ички саясатын, жол-жоболорун жана техникалык каражаттарын колдонуудагы мыйзамдарга жана ченемдик талаптарга шайкеш келишине карата туруктуу текшерет:

- Маалыматтык коопсуздук кызматынын жана ички аудиттин күчү менен ички аудит жана контроль жүргүзүлөт;
- Текшерүүлөр борбордук аппаратты да, филиалдар тармагын да, ошондой эле тышкы МИ-кызматтарын пайдаланууга жана аутсорсингге байланыштуу процесстерди камтыйт;
- Бардык аныкталган шайкеш келбестиктер аларды жоюуну контролдоо менен түзөтүүчү иш-чаралар планына киргизилет.

Отчет жарыяланган учурда ISO 27001 стандартына ылайык маалымат системаларынын көз карандысыз тышкы аудити жүргүзүлүп жатат. Мурунку аудит 2023-жылдын февралында, акыркысы – 2021-жылдын январында аяктаган.

### Коркунучтардын ландшафты жана тобокелдиктерди картага түшүрүү

#### Элдик Банк кабылган негизги киберкоркунучтар

Санариптик кызмат көрсөтүүлөрдүн тез өсүшүнүн жана киберинциденттердин санынын өсүшүнүн шарттарында Элдик Банк өзүнүн операциялык ишинин контекстинде кыйла актуалдуу болгон бир катар маанил уу коркунучтарды белгилейт:

- **Фишинг жана анын түрлөрү (вишинг, смсинг)** – алдамчылардын социалдык инженерия аркылуу кардарлардын жана кызматкерлердин купуя маалыматына жетүү мүмкүндүгүн алуу массалык аракеттери;
- **Зыяндуу программалык камсыздоо (вирустар, трояндар, шпиондук программалар)** – банктын IT-инфраструктурасына зыяндуу кодду киргизүү аракеттери;
- **Ransomware-чабуулдар** – андан ары опузалап талап кылуу менен маалыматтарды шифрлөө аракеттери;
- **DDoS-чабуулдар** – Банктын онлайн-кызматтарын алсыратуу жана операциялык үзгүлтүктөрдү түзүү максатында тейлөөдөө баш тартууга чабуулдар.

Банк жигердүү мониторинг, маалыматтык коопсуздуктун алсыздыгын талдоо жана аялуулукка үзгүлтүксүз тесттер аркылуу бул тобокелдиктердин алдын алууга өзгөчө көңүл бурат.

#### Кибертобокелдиктерди баалоо жана картага түшүрүү методологиясы

Элдик Банкта киберкоркунучтарды баалоо тобокелдикке багытталган мамилеге негизделген маалыматтык коопсуздукту башкаруунун комплекстүү системасынын алкагында ишке ашырылат:

- Коркунучтардын пайда болуу ыктымалдуулугун жана алардын опурталдуу бизнес-процесстерге потенциалдуу таасир этүү деңгээлин талдоону камтыган тобокелдиктерди баалоо методикасы колдонулат.
- Төмөнкү / орто / жогорку деңгээлдери боюнча тобокелдиктерди классификациялоо менен коркунучтардын картасы иштелип чыккан жана киргизилген, ал жыл сайын жаңыланып турат.
- Тобокелдиктерди баалоо процедурасынын алкагында ички процесстер да, тышкы кызматтарды сунуштоочулар да (мисалы, булут сервистери жана маалыматтарды иштеп чыгуу борборлору) милдеттүү түрдө талдоого алынат.
- Баалоонун жыйынтыктары аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча иш-чаралардын планын түзүү, ошондой эле Директорлор кеңешине жана Башкармага маалымдоо үчүн колдонулат.

Бул система Банкка коркунучтардын өзгөрмөлүү ландшафтына мониторинг жүргүзүүгө жана өз убагында жооп берүүгө жана даярдыктын зарыл деңгээлин карман турууга мүмкүндүк берет.

#### Тобокелдиктерди аныктоо жана азайтуу үчүн системалар жана куралдар

IT-инфраструктураларды жана маалыматтык активдерди натыйжалуу коргоо үчүн, Элдик Банк техникалык жана уюштуруучулук каражаттардын заманбап арсеналын колдонот:

- SIEM (Security Information and Event Management) – коопсуздук окуяларын борборлоштурулган чогултуу жана талдоо;
- DLP (Data Loss Prevention) – купуя маалыматтын чыгып кетишинин алдын алуу;
- VM (Vulnerability Management) – МК-системаларынын аялуулуктарын башкаруу жана туруктуу тестирлөө;
- IDS/IPS (Intrusion Detection and Prevention Systems) – кол салууну аныктоо жана алдын алуу системалары;
- Антивирустук ПК жана endpoint-коргоо каражаттары – лицензиялык чечимдерди милдеттүү түрдө пайдалануу;
- Email Security – зыяндуу тиркемелерди жана фишинг каттарды чыпкалоо.

Бул инструменттер кызматкерлердин, кардарлардын жана тышкы пайдалануучулардын иш-аракеттерин кошо алганда, маалымат системасында көп деңгээлдүү коргоону жана туруктуу мониторинг активдүүлүгүн камсыз кылат.

### Чабуулдардын түрлөрү жана коргоо чаралары

#### 2024-жылы эң көп таралган чабуулдардын түрлөрү

2024-жылы олуттуу инциденттердин жоктугуна карабастан, Элдик Банк киберчабуулдардын төмөнкү түрлөрүнүн активдешкенин каттаган:

- Фишинг чабуулдары – эң кеңири таралган коркунуч бойдон калууда. 384 фишинг аракеттери, алардын ичинде зыяндуу шилтемелерди же тиркемелерди камтыган 3024 спам-билдирүү катталган.
- Зыяндуу ПК колдонуу менен чабуулдар – вирустарды жана шпиондук программаларды киргизүү аракеттери.
- Опузалоочу-программалар (ransomware) – андан ары опузалап талап кылуу максатында маалыматтарды шифрлөө аракеттери катталган. Банктын коргоо системалары тарабынан опузалоочу программалар блокко салынган.
- DDoS-чабуулдар – онлайн-тейлөө каналдарында ашыкча жүктөмдү түзүүгө жана системалардын жеткиликтүүлүгүн бузууга багытталган.

Мында 2024-жылы жеке маалыматтардын сакталышын бузуу жана карталар менен алдамчылык аныкталган эмес, бул колдонуудагы коргоо системаларынын жогорку натыйжалуулугун күбөлөндүрөт.

### Чабуулдун конкреттүү түрлөрүнөн коргоо системалары

Коркунучтардын ар бир түрүнүн алдын алуу жана нейтралдаштыруу максатында Элдик Банк адистештирилген чечимдердин кеңири спектрин колдонот:

| Чабуулдун түрү | Коргоочу чаралар |
|---|---|
| **Фишинг** | Электрондук почтаны чыпкалоо, антиспам-системалар, кумкоргонду пайдалануу |
| **Зыяндуу ПК** | Лицензиялык антивирус, обочолонгон чөйрө (кумкоргон) |
| **Опузалоочу -программалар** | Жүрүм-турумдук талдоо менен антивирус, кумкоргон |
| **DDoS-чабуулдар** | DDoS чабуулдан коргоо үчүн программалык-аппараттык комплекс (трафикти чыпкалоо, SLA) |

Бардык инфраструктура коркунуч сигнатураларын үзгүлтүксүз жаңыртып туруу жана персоналды окутуу менен көп деңгээлдүү коргоо принциби боюнча курулган. Мындан тышкары Калыбына келтирүү планына ылайык, өзгөчө кырдаалдар болгон учурда банктын маалымат аянтчаларын калыбына келтирүү ыкмалары, эвакуациялоо иш-чаралары жана маалымат борборун калыбына келтирүү каралган. Бул ыкмалар кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү келечек үчүн иштелип чыккан. Башкарманын орун басарынын өзүнчө буйругу менен өзгөчө кырдаалдар учурунда негизги маалыматтык системаларды резервдик иштетүү борборуна которуу да каралган.

## 2024-жылы аныкталган жана бөгөттөлгөн инциденттердин статистикасы

Негизги көрсөткүч катары Банк кардарлардын маалыматтарын компрометациялоого байланыштуу инциденттердин санын көзөмөлдөйт. 2024 -жылы Элдик Банк бул жааттагы таасирлерди алдын ала сандык баалоону жүргүзгөн, ишке ашырылып жаткан киберкоопсуздук чаралары тышкы таасир этүү тобокелдиктерин кантип азайтып жатканын талдаган. Бул жыйынтыктар маалыматтарды коргоону андан ары күчөтүү жана эл аралык стандарттарды киргизүү, анын ичинде ISO/IEC 27001 тастыктамасын алуу пландарынын негизин түзгөн.

| Инциденттин түрү | 2024-жылдагы саны |
|---|---|
| **Фишинг аракеттери** | 384 (анын ичинде 3024 спам-билдирүү) |
| **Эсепке алуу маалыматтарын уурдоо** | 0 |
| **Карталар менен алдамчылык аракеттери** | 0 |
| **Корголгон кардарлардын жалпы саны** | Банктын бардык кардарлары |

Ошентип, Банктын бардык кызматкерлери бир жыл бою ишенимдүү корголгон, бул маалыматтардын чыгып кетишинин же ийгиликтүү чабуулдардын жоктугу менен тастыкталат.

## Алдамчылык жана финансылык кесепеттердин алдын алуу

### Алдамчылыктын алдын алуу системалары

Кардарларды финансылык алдамчылыктан коргоо үчүн Элдик Банк **шектүү карта операцияларын аныктоого** багытталган, адистешкен **антифрод-системаны** колдонот. Система реалдуу убакыт режиминде төмөнкүлөргө мүмкүндүк берүү менен, **ийкемдүү жөндөлүүчү эрежелердин топтому** боюнча иштейт:

- аномалдуу транзакцияларды аныктоо;
- потенциалдуу алдамчылык операцияларды блоктоо;
- кардарларда тобокелдиктер жөнүндө эскертүү.

2024-жылы карталар менен алдамчылыктын бир дагы учуру катталбаганына карабастан, бул системанын иштеши финансылык жана абройду жоготуу тобокелдиктерин азайтуу үчүн өтө маанилүү бойдон калууда.

### Алдыңкы технологияларды киргизүү

Элдик Банк тарабынан ишке ашырылган акыркы инновациялардын арасында негизги кадам 2024-жылы **биометрикалык аутентификацияны** киргизүү болду. Бул технология:

- банктык кызматтарга жетүү мүмкүндүгүнүн корголгондук деңгээлин жогорудат;
- эсепке алуу жазууларын санкцияланбаган колдонуу тобокелдигин азайтат;
- кардарлар Банктын санарип каналдары менен өз ара аракеттенгенде ыңгайлуулукту жана коопсуздукту камсыз кылат.

Биометрикалык чечимдерди интеграциялоо Банктын кардарлар тажрыйбасын тынымсыз өркүндөтүүгө жана санариптик коопсуздукту бекемдөөгө умтулуусун көрсөтөт.

### Кызматкерлерди окутуу

Элдик Банк адам факторун маалыматты коргоонун негизги звенолорунун бири катары таанып, өз кызматкерлеринин киберсабаттуулугун жогорулатууга системалуу түрдө инвестиция бөлөт. Окутуу төмөнкүлөрдү камтыйт

- **Фишинг чабуулдарын имитациялоо** – персоналдын сактыгын баалоо жана реакция кылуу сценарийлерин иштеп чыгуу үчүн орточо **жылына 6 жолу** өткөрүлөт;
- **Милдеттүү инструктаждар жана тренингдер** – жаңы кызматкерлерди да, туруктуу негизде иштегендерди да камтыйт.

### Электрондук окутуу жана курстардын темалары

Банкта маалыматтык коопсуздук боюнча электрондук окутуу курстары бар. Негизги темалар:

- Фишинг билдирүүлөрдү таанып-билүү;
- Маалыматтык системалар менен иштөөдөгү коопсуз жүрүм-турумдун негиздери;
- Купуя маалымат менен иштөө эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик.

Материалдар коркунучтардын ландшафтынын өзгөрүшүнө жараша үзгүлтүксүз жаңыртылат.

### Ички кирүү мүмкүндүгүн контролдоо системалары

Кардарлардын маалыматтарына санкцияланбаган кирүү мүмкүндүгүнүн алдын алуу үчүн Банк техникалык жана уюштуруучулук чечимдердин комплексин колдонот:

- **DLP системасы (Data Loss Prevention)** – купуя маалыматтын кыймылын көзөмөлдөйт жана анын чыгып кетишине жол бербейт;
- **Кызматкерлердин жүрүм-турумуна мониторинг системасы (UEBA)** – жүрүм-турум аномалияларын талдайт жана потенциалдуу кыянаттык менен пайдаланууларды өз убагында аныктоого жардам берет;
- **Кирүү укугун контролдоо** – өзгөрүүлөрдүн милдеттүү аудити менен, ролдор жана бизнес-функциялар боюнча кирүү мүмкүндүгүн чектөө менен ишке ашырылат.

Киберкоопсуздук системасы маалыматтардын бүтүндүгүн жана корголушун камсыз кылууга негизделген. Маалыматтын купуялуулугу, бүтүндүгү жана жеткиликтүүлүгү Маалыматтык коопсуздук жөнүндө жобого ылайык маалыматтык коопсуздукту аныктайт. Маалыматтардын бүтүндүгү Жобонун резервдик көчүрүүгө, авариялык калыбына келтирүүгө жана АСда төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү процессинин коопсуздугун камсыз кылууга карата жөнгө салуусу менен каралган. Ошондой эле резервдик көчүрүү, антивирустук коргоо, кирүү мүмкүндүгүн контролдоо, билдирүүлөрдү шифрлөө жана банктык сырды коргоо маалыматтарды коргоо системасынын бир бөлүгү катары киргизилген.

**Кардарларга маалымдоо**

Элдик Банк төмөнкү коммуникация каналдарын пайдалануу менен, кардарларга кибертобокелдиктер жана алдамчылыктан коргонуу ыкмалары жөнүндө маалымдап турат:

- **Мобилдик тиркеме** – эскертүүчү баннерлерди жана кеңештерди жайгаштыруу;
- **Расмий веб-сайт** – тематикалык макалаларды жана жаңылыктарды жарыялоо;
- **Email-жөнөтмөлөр жана push-билдирүүлөр** – актуалдуу коркунучтар жөнүндө ыкчам маалымдоо;
- **Маалымдуулукту жогорулатуу боюнча кампаниялар – үзгүлтүксүз,** өзгөчө фишинг активдүүлүк өскөн мезгилде өткөрүлөт.

Кызматтарды сунуштоочулар (аутсорсинг) менен иштөөдө Банк тобокелдикти баалоону жүргүзөт жана маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу, үзгүлтүксүздүктү жана калыбына келтирүүнү камсыз кылуу жана көзөмөлдөө функцияларын ишке ашырууга көмөктөшүү шарттарын камтыган келишим түзөт.

**2024-жылдагы натыйжалуулук көрсөткүчтөрү**

2024-жылы Элдик Банк ички процесстерди да, кардарлардын маалыматтарын да коргоонун жогорку деңгээлин камсыз кылып, өзүнүн киберкоопсуздук системасынын туруктуу жана натыйжалуу иштешин көрсөттү. Негизги көрсөткүчтөр:

- **Кардарларды киберкылмыштуулуктан коргоо**


  Операцияларга мониторингди, активдүүлүктү талдоону жана фишинг чабуулдарын чыпкалоону кошо алганда, Банктын бардык кардарлары **күнү-түнү коргоодо** болушту. Отчеттук мезгилде кардардардын жеке же финансылык маалыматтарын компрометациялоого алып келген **бир дагы инцидент катталган жок.**

- **Эсепке алуу маалыматтарын уурдоо аракеттери**

  Кардарлардын логиндерин жана сырсөздөрүн ийгиликтүү компрметациялоонун учурлары катталган эмес. Бул алдын алуучу чаралардын: көп факторлуу аутентификациялоонун, кардарларды окутуунун жана шектүү кирүүлөрдү жана билдирүүлөрдү техникалык чыпкалоонун айкалышынын жыйынтыгы болду.

- **Төлөм карталары менен алдамчылыктын алдын алуу**

  Эрежелердин жана сценарийлердин негизинде иштеген, киргизилген антифрод-системанын аркасында карталар менен фрод аракеттеринин бардыгы эрте этапта автоматтык түрдө бөгөттөлгөн. Система транзакциялардын параметрлерин талдайт жана четтөөлөр болгоен учурда – заматта блоктоону жана кардарга маалымдоону демилгелейт.



# Санарип өзгөрүү

2024-жылы Элдик Банк жеке туунду МТ-компанияны – "ЭлТех" ЖЧКны түзүп, санарип трансформация багытында маанилүү кадамды ишке ашырды. Компанияны түзүүнүн негизги максаты МТ-системалардын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу, санарип чечимдерди иштеп чыгуу жана киргизүү, ошондой эле четки вендорлордон көз карандылыкты төмөндөтүүнүн эсебинен Банктын операциялык натыйжалуулугун жогорулатуу болду. Бул санарип көз карандысыздыкты жана технологиялык лидерликти өнүктүрүүгө багытталган, ички МТ-компанияны түзүү боюнча Кыргызстандын банктарынын арасындагы биринчи мисал болду.

### Санарип платформалар жана технологиялар

Отчеттук жылда негизги санарип чечимдер, анын ичинде мобилдик тиркеме (МИБ), "Элтолом" платформасы, электрондук иш кагаздарын жүргүзүү (СЭД), кредиттик конвейер, CRM-система, ошондой эле интеграциялык шина киргизилген жана модернизацияланган. Банк жеке IT-иштеп чыгууларды да, башка чечимдерди (финтех, API, булут технологиялары) да жигердүү пайдаланат. Бул көп пайдаланылуучу операциялар боюнча "тейлөө терезесин" камсыздап, кардарлар үчүн бирдиктүү санарип экосистеманы түзүүгө мүмкүндүк берди.

Жана төмөнкү жаңы чечимдерди киргизүүгө да мүмкүндүк берди:

- Кредитке билдирмелерди иштеп чыгуу мөөнөтүн кыскартуу;
- МТ-инфраструктуранын ишенимдүүлүгүн жогорулатуу;
- Техникалык колдоого чыгымдарды оптималдаштыруу.

### Кардарларды санариптик тейлөө

Элдик Банк санарип каналдарды: мобилдик тиркемени, жеке жана юридикалык жактар үчүн интернет-банкты, ошондой эле чат-ботту жигердүү өнүктүрүп жатат. Аймактардагы кардарлар, улгайган адамдар жана азыраак мобилдүүлүк топтор үчүн санарип сервистердин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн консультациялар жана окуулар өткөрүлүп турат. Санарип сервистерге канааттангандык тиркемелер дүкөндөрүндөгү пикирлер жана комментарийлер аркылуу бааланат.

**2024-жылы санарип операциялардын үлүшү болжол менен 30%ды түздү.**

### Ички процесстерди автоматташтыруу


2024-жылы негизги бизнес-процесстер, анын ичинде кредиттик билдирмелерди онлайн-иштеп чыгуу автоматташтырылды. IT-долбоорлордун алкагында продакшн-чөйрөгө чейин кодду автоматтык жеткирүү жана версиондуулукту контролдоо процесстери киргизилди, бул убакыт чыгымын олуттуу кыскартууга жана иштеп чыгуунун ишенимдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берди. RPA-системалары жана BI-аналитика азырынча колдонула элек, бирок келечекте алар интеграциялануусу мүмкүн.

### Кызматкерлерди окутуу

Кызматкерлердин санариптик сабаттуулугун жогорулатуу – персоналды адистештирилген окутууларга, анын ичинде жаңы платформаларды жана системаларды пайдалануу боюнча курстарга туруктуу жөнөтүү аркылуу ишке ашырылат.

### Өнөктөштүк жана кызматташтык

Банк бир катар технологиялык өнөктөштөр, анын ичинде ИБСОТЕК компаниясы менен кызматташат жана санарип технологиялар жаатындагы улуттук жана эл аралык демилгелерге катышат.



## ТОСУП АЛЫҢЫЗДАР: «ЭЛДИК» ЖАҢЫ МОБИЛДИК БАНКИНГИ!



2024-жылы Элдик Банк **өзүнө заманбап технологияларды, түшүнүктүү интерфейсти жана жогорку санариптик коопсуздук стандарттарын** бириктирген, жаңыртылган «Элдик» мобилдик тиркемесин ишке киргизди.

### Коопсуздук —N°1 артыкчылык:

Тиркеме киргизилген **киберкоргоо механизмдери** менен жабдылган, анын ичинде:

- **эки факторлуу аутентификация (2FA),**
- **биометрикаолык идентификация (Face ID/Touch ID),**
- **колдонуучунун маалыматтарын шифрлөө,** бул ишенимдүүлүктүн жана жеке маалыматтарды коргоонун жогорку деңгээлин кепилдейт.

### Функционалдуулук жана ыңгайлуулук:

Тиркеме 1000ден ашык операциянын түрүн жүргүзүүгө мүмкүндүк берет, анын ичинде:

✓ эл аралык жана жергиликтүү которуулар,
✓ SWIFT-операциялар,
✓ тез QR-төлөмдөр,
✓ товарларга, кызматтарга жана мамлекеттик алымдарды төлөө,
✓ мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө онлайн жетүү мүмкүндүгү.

### Тиркеме сиз менен өнүгөт:


«Элдик» өзгөрмөлүү санарип чөйрөдө болушунча пайдалуу, коопсуз жана ыңгайлуу

## Санариптик өзгөртүү жаатындагы максаттуу багыттар

Элдик Банктын 2025-2027-жылдарга Стратегиялык өнүгүү планында санарип чечимдерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүгө багытталган конкреттүү артыкчылыктар жана максаттар белгиленген, анын ичинде:

- **Кардарларды тейлөөдө санарип каналдардын үлүшүн 2027-жылга карата 50%дан** ашуун көбөйтүү – бул интернет жана мобилдик банкинг функционалын активдүү кеңейтүүнү камтыйт.
- МТ-чечимдерди масштабдоо жана операцияларды иштеп чыгууну автоматташтыруунун аркасында **ички процесстердин натыйжалуулугун жогорулатуу** – атап айтканда, МИБ платформасын андан ары өнүктүрүү жана "шиналар" архитектурасынын алкагында жаңы МТ-куралдарды киргизүү.
- Өздүк өндүрүштөгү, ошондой эле тышкы финтех-чечимдерди, анын ичинде API-интеграцияны жана булут сервистерин пайдалануу менен **санарип продукттарды өнүктүрүү.**
- Санарип чөйрөдө **киберкоопсуздуктун деңгээлин жогорулатуу,** анын ичинде ISO/IEC 27001 стандарты боюнча тастыктамалоонун жана көп деңгээлдүү мониторинг системасын киргизүүнүн аркасында.





# КОЛДОНМОЛОР

06


Отчет жөнүндө 85

GRI стандарттарынын көрсөткүчү 86

IFRS S1 (2023) стандартына шайкештик таблицасы 96

IFRS S2 стандартына шайкештик таблицасы 97

# Отчет жөнүндө

Ушул **“Элдик Банк” ААКнын 2024-жылдагы туруктуу өнүгүү жөнүндө** отчету финанасылык эмес маалыматты ачыкка чыгаруунун эл аралык стандарттарына – **GRI Standards** (2021-жылдагы редакциясы) жана **IFRS Sustainability Disclosure Standards** (**IFRS S1** жана **IFRS S2**) ылайык даярдалган.

Отчет **2024-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки** мезгилдеги **экологиялык, социалдык жана корпоративдик жоопкерчилик (ESG)** жаатындагы Банктын ишинин негизги жыйынтыктарын чагылдырат. Документте Банктын жетишкендиктери, анын стратегиялык демилгелери, ESG-тобокелдиктерди тескөөгө карата мамилелер, кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүүсү жөнүндө, ошондой эле **БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттарына (ТӨМ)** жетүүдөгү Банктын салымы жөнүндө маалымат берилген.

Отчеттун негизги максаты – кызыкдар тараптарга, анын ичинде кардарларга, кызматкерлерге, инвесторлорго, жөнгө салуучу органдарга, өнөктөштөргө жана коомчулукка Банктын туруктуу өнүгүүгө карата мамилелери жана отчеттук мезгилдеги ESG-ишинин жыйынтыктары жөнүндө ачык-айкын жана ишенимдүү маалымдоону камсыз кылуу.

### Отчетту даярдоонун негизги принциптери:

- **Ачык-айкындуулук жана отчеттуулук** – толук, ишенимдүү жана текшерилүүчү маалыматты берүү.
- **Салыштырмалуулук** – бир нече жылдагы динамикада маалыматтарды ачыктоо.
- **Олуттуулук** – банк жана кызыкдар тараптар үчүн эң маанилүү болгон ESG-темаларга көңүл буруу.
- **Эл аралык стандарттарга шайкештик** – GRI Standards (2021) жана IFRS S1/S2 колдонуу.
- **ESG-стратегияны интеграциялоо** – финансылык жыйынтыктардын, социалдык таасирдин жана экологиялык жоопкерчиликтин ортосундагы өз ара байланышты чагылдыруу.

Отчет туруктуу финансы продукттарын өнүктүрүүнү, климаттык жана социалдык тобокелдиктерди башкарууну, чакан жана орто ишканаларга колдоо көрсөтүүнү, “жашыл” каржылоо жаатындагы долбоорлорду, корпоративдик башкарууну жана санариптештирүүнү өнүктүрүүнү, ошондой эле кызматкерлерди жана кардарларды тартуу боюнча демилгелерди кошо алганда, Банктын ишинин бардык багыттарын камтыйт.

Отчетто берилген финансылык маалыматтар **ФОЭСке** ылайык даярдалган, 2024-жылдагы өзүнчө финансылык отчетко негизделген жана негизинен **кыргыз сому** менен көрсөтүлөт. Зарыл болгондо көрсөткүчтөрдү АКШ долларына кайра эсептөө 2024-жылдагы **Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын орточо жылдык валюта курсу** боюнча жүргүзүлгөн. Отчеттук мезгил ФОЭС боюнча Банктын отчеттук мезгилине туура келет.


Туруктуу өнүгүү тууралуу **маалыматтарды ачыкка чыгаруу периметрине “ЭлТех”** ЖЧК туунду компаниясын (ал 100% “Элдик Банк” ААКга таандык) жана **“Ишкер”** ЖЧК көз каранды компаниясын (анын 50% **“ЭлТех”** ЖЧКга таандык жана **“Ишкер”** ЖЧК компаниясынын финансылык жана операциялык саясатын аныктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ) эске алуу менен, **“Элдик Банк” ААКнын Башкы Банка** жана филиалдары кирди. Эки компаниянын финансылык отчету **“Элдик Банк” ААКнын** бириккен финансылык отчетуна кирет. Ошентип, финансылык жана туруктуу өнүгүү отчетунун чектери дал келет.

Финансылык отчеттун чектерине ылайык, **“ЭлТех”** ЖЧКнын жана **“Ишкер”** ЖЧКнын 54 кызматкери туруктуу өнүгүү жөнүндө **маалыматтарды ачыкка чыгаруу периметринин чектерине киргизилген эмес,** анткени кызматкерлердин жалпы санынын 2,4%ын түзөт жана бул маалыматтар колдонулган жерде интенсивдүүлүк параметрлери үчүн материалдык мааниге ээ эмес.

## Отчетту даярдоо процесси

Отчетту даярдоо процессин **Туруктуу өнүгүү боюнча департамент (ESG)** тескейт. Документти иштеп чыгууга Банктын профилдик түзүмдүк бөлүмдөрү катышты, алар отчетто жарыялоо үчүн текшерилген сапаттык жана сандык маалыматтарды беришти.

Отчет **“Элдик Банк” ААКнын Директорлор кеңеши тарабынан 23.10.2025-жылы бекитилген.** Отчетту корпоративдик веб-сайтта **үч тилдеги версиясында** – кыргызча, орунса жана англис тилдеринде жарыялоо каралган. Отчет **электрондук форматта гана** жайылтылат.




# GRI стандарттарынын көрсөткүчү


“Элдик Банк” ААКнын 2024-жылдагы туруктуу өнүгүү жөнүндө отчету 2021-жылдагы редакциядагы GRI стандарттарына ылайык даярдалган. Колдонулган стандарт GRI 1 – GRI 1: Foundation 2021.

| Теманын индекси (GRI) | Көрсөткүч | Отчетто бөлүмдүн аталышы / бет | Комментарий |
|---|---|---|---|
| GRI 2-1 | Уюштуруу маалыматтары | Банктын профили (7-9-бет) | |
| GRI 2-2 | Топто катышуу жана киргизилген отчеттуулук субъекттери | Отчет жөнүндө (85-бет) | |
| GRI 2-3 | Отчёттук мезгил, отчеттуулук датасы жана цикли | Отчет жөнүндө (85-86-бет) | |
| GRI 2-4 | Маалыматты кайра карoo | Отчет жөнүндө (85-бет) | |
| GRI 2-5 | Тышкы текшерүү | Отчет жөнүндө (85-бет) | Верификация ПГ чыгындыларын эсептөөлөр боюнча гана жүргүзүлгөн; калган ESG-көрсөткүчтөрү текшерилген эмес. |
| GRI 2-6 | Ишмердүүлүк, баалуулук чынжырчасы | Банктын профили (7-9-бет) | |
| GRI 2-7 | Уюмдун кызматкерлери | Негизги ESG көрсөткүчтөрү (10-бет);<br>Жумушчу күчүнүн сереби (46-48-бет) | |

| | | |
|---|---|---|
| GRI 2-8 | **Уюмдун кызматкерлери болуп саналбаган кызматкерлер** | Жумушчу күчүнүн сереби (46-48-бет) |
| GRI 2-9 | **Башкаруу түзүмү** | Корпоративдик башкаруу (62-66-бет) |
| GRI 2-10 | **Жогорку башкаруу органын дайындоо жана тандоо процесси** | Корпоративдик башкаруу (62-64-бет) |
| GRI 2-11 | **Жогорку башкаруу органынын төрагасынын ролу** | Корпоративдик башкаруу (62-63-бет) |
| GRI 2-12 | **Жогорку башкаруу органынын туруктуу өнүгүүдөгү ролу** | Элдик Банктагы ESG-стратегия (13-15-бет); Корпоративдик башкаруу (62-63-бет) |
| GRI 2-13 | **Таасирлерди башкаруу үчүн жоопкерчиликти өкүлдөө** | Элдик Банктагы ESG-стратегия (14–16-бет); Корпоративдик башкаруу (62-66-бет) |
| GRI 2-14 | **Туруктуу өнүгүүнү башкаруу механизмдери** | Тобокелдиктерди тескөө (73-74-бет); Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу (43-44-бет) |
| GRI 2-15 | **Кызыкчылыктардын кагылышы** | Корпоративдик башкаруу (70-72-бет) |
| GRI 2-16 | **Жогорку башкаруу органы менен коммуникация** | Корпоративдик башкаруу (62-64-бет) |
| GRI 2-17 | **Жогорку башкаруу органынын жамааттык компетенттүүлүгү** | Корпоративдик башкаруу  (62-65-бет) |
| GRI 2-18 | **Жогорку башкаруу органынын ишин баалоо** | Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу (43-44-бет) |




| | | | |
|---|---|---|---|
| GRI 2-19 | **Жогорку башкаруу органынын сый акысы** | Корпоративдик башкаруу (69-бет) | |
| GRI 2-20 | **Сый акыны аныктоо процесси** | Корпоративдик башкаруу (69-бет) | |
| GRI 2-21 | **Сый акылардын катышы** | Кызматкерлерге камкордук: мотивация жана өнүктүрүү (48-49-бет) | Купуялуулукту камсыз кылуу жана жеке маалыматтарды коргоо максатында маалымат ачыкка чыгарылбайт. |
| GRI 2-22 | **Жогорку башкаруу органынын билдирүүсү** | Директорлор кеңешинин Төрагасынын кайрылуусу (4-бет); Башкарманын Төрагасы (5-6-бет) | |
| GRI 2-23 | **Саясий милдеттенмелер** | Элдик Банктагы ESG-стратегия (17-18-бет); Олуттуулукту баалоо жана негизги ESG-темалардын, KPI жана максаттардын таблицасы (20-бет) | |
| GRI 2-24 | **Саясий милдеттенмелерди киргизүү** | Элдик Банктагы ESG-стратегия (17-18-бет); Олуттуулукту баалоо жана негизги ESG-темалардын, KPI жана максаттардын таблицасы(20-бет); Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди текшерүү системасы (ЭСТТС) (73-74-бет) | |
| GRI 2-25 | **Терс таасирлерди жоюу жол-жоболору** | Кардарлардын алдындагы жоопкерчилик (59-61-бет) | |
| GRI 2-26 | **Башкарууга кайрылуу механизмдери** | Кардарлардын алдындагы жоопкерчилик (60-61-бет) | |
| GRI 2-27 | **Мыйзамдарды жана ченемдерди сактоо** | Корпоративдик башкаруу (75-76-бет) | |
| GRI 2-28 | **Ассоциациялардагы мүчөлүк** | Корпоративдик башкаруу – Кесипкөй ассоциациялардагы мүчөлүк (72-бет) | |



| | | | |
|---|---|---|---|
| GRI 2-29 | Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү | Стейкхолдерлер менен өз ара аракеттенүү (11-12-бет) | |
| GRI 2-30 | Жамааттык келишимдер | Адам укуктары (58-бет) | Банкта жамааттык келишим түзүлбөгөнү көрсөтүлгөн, бирок кызматкерлердин ЭЭУнун №87 жана №98 Конвенцияларына ылайык биригүү эркиндигине жана жамааттык сүйлөшүүлөргө катышуу укуктары сакталганы ырасталган. |
| GRI 3-1 | Олуттуу темаларды аныктоо | Олуттуулукту баалоо (16-18-бет) | |
| GRI 3-2 | Олуттуу темалардын тизмеси | Олуттуулукту баалоо (17-20-бет; темалардын олуттуулугун негиздөө 17-бетте; визуалдык матрица 18-бет; KPI таблицасы 20-бет) | |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды тескөө | Олуттуулукту баалоо (17-20-бет; KPI жана максаттар 20-бет); Адам укуктары (58-бет) | |
| GRI 201-1 | Түз экономикалык таасир | Негизги ESG көрсөткүчтөрү (10-бет–11); Банктын профили (7-9-бет) | |
| GRI 201-2 | Климаттын өзгөрүшүнүн финансылык кесепеттери жана климатка байланыштуу башка тобокелдиктер жана мүмкүнчүлүктөр | Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу (39-бет–44); ПГ чыгындыларын эсепке алуу (28-35-бет) | Азыркы учурда климаттык тобокелдиктердин финансылык кесепеттерин сандык баалоо жок. Баалоо 2025-жылга пландалган |
| GRI 201-4 | Мамлекеттен алынган финансылык жардам | Жашыл жана социалдык жоопкерчиликтүү каржылоо (21-26-бет) | |
| GRI 202-1 | Аймактар жана гендердик белги боюнча минималдуу эмгек акы менен стандарттуу баштапкы эмгек акынын катышы | Кызматкерлерге камкордук: мотивация жана өнүктүрүү (49-бет) | |


| | | | |
|---|---|---|---|
| GRI 202-2 | **Маанилүү орундарга жергиликтүү калктан жалданган жетекчилердин пропорциясы** | Жумушчу күчүнүн сереби (46-48-бет) | Комментарий: Жергиликтүү калк деген Кыргыз Республикасынын жарандарын билдирет. |
| GRI 203-1 | **Инфраструктуралык инвестициялар жана колдогон кызматтар** | Жашыл жана социалдык жоопкерчиликтүү каржылоо (21-26-бет) | |
| GRI 203-2 | **Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүгө салым (24-26-бет); Жашыл жана социалдык жоопкерчиликтүү каржылоо (21-23-бет)** | Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүгө салым (24-26-бет); Жашыл жана социалдык жоопкерчиликтүү каржылоо (21-23-бет) | |
| GRI 204-1 | **Сатып алуу ишин тескөө (77-бет)** | Сатып алуу ишин тескөө (77-бет) | |
| GRI 205-1 | **Коррупцияга байланыштуу тобокелдиктерди баалоо** | Биздин корпоративдик түзүм жана этикалык стандарттар (70-73-бет) | |
| GRI 205-2 | **Коррупцияга каршы аракеттерүү саясаты жана жол-жобосу боюнча коммуникация жана окутуу** | Биздин корпоративдик түзүм жана этикалык стандарттар (70-73-бет) | |
| GRI 205-3 | **Коррупциянын тастыкталган учурлары жана көрүлгөн чаралар** | Биздин корпоративдик түзүм жана этикалык стандарттар (70-73-бет) | |
| GRI 206-1 | **Монополияга каршы жана коррупцияга каршы практикага байланыштуу соттук жана башка иштер** | Биздин корпоративдик түзүм жана этикалык стандарттар (70-73-бет) | |
| GRI 207-1 | **Салык салуу маселелерине мамиле** | Салыктарды башкаруу (75-76-бет) | |
| GRI 207-2 | **Салык салуу жаатындагы башкаруу, көзөмөл жана тобокелдиктерди тескөө** | Салыктарды башкаруу (75-76-бет) | |




| | | | |
|---|---|---|---|
| GRI 207-3 | **Кызыкдар тараптарды тартуу жана салык маселелерин тескөө** | Салыктарды башкаруу (75-76-бет) | |
| GRI 207-4 | **Салыктар жана башка байланыштуу финансылык көрсөткүчтөр боюнча маалымат (салык юрисдикцияларын бөлүү менен)** | Салыктарды башкаруу (75-76-бет) | Комментарий: Банк ишин Кыргыз Республикасынын аймагында гана жүргүзөт, ушундан улам салыктар Кыргыз Республикасынын бюджетине төлөнөт. |
| GRI 301-1 | **Экологиялык жоопкерчилик: ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу (27-29-бет); “2024-жылдагы материалдарды керектөө” таблицасы (37-бет)** | Калдыктарды жана сууну керектөөнү башкаруу (37-38-бет) | |
| GRI 302-1 | **Энергия керектөө** | Энергия керектөөнү башкаруу (36-бет) | |
| GRI 303-1 | **Олуттуу таасирлерге байланыштуу ресурс катары суу менен өз ара аракеттенүү** | Калдыктарды жана сууну керектөөнү башкаруу (37-38-бет) | |
| GRI 303-2 | **Сууга байланыштуу таасирлерди башкаруу** | Калдыктарды жана сууну керектөөнү башкаруу (37-38-бет) | |
| GRI 303-3 | **Суу алуу** | Калдыктарды жана сууну керектөөнү башкаруу (37-38-бет) | Комментарий: Кыргыз Республикасынын аймактарынын көп бөлүгү суу тартыш аймактарга кирбейт. |
| GRI 304-1 | **Корголуучу жаратылыш аймактары жана биологиялык ар түрдүүлүк баалуулугу жогору болгон аймактар жана участоктор** | | Комментарий: Банкта корголуучу жаратылыш аймактарында жана биологиялык ар түрдүүлүк баалуулугу жогору болгон аймактарда жайгашкан операциялык аянтчалары жок. |
| GRI 305-1 | **Түз (Scope 1) парник газдарынын чыгындылары** | ПГ чыгындыларын эсепке алуу (28-35-бет) | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| GRI 305-2 | **Кыйыр (Scope 2) энергияны керектөөдөн парник газдарынын чыгындылары** | ПГ чыгындыларын эсепке алуу (28-35-бет) | |
| GRI 305-3 | **Кыйыр (Scope 2) энергияны керектөөдөн парник газдарынын чыгындылары** | ПГ чыгындыларын эсепке алуу (28-35-бет) | |
| GRI 305-4 | **Парник газдарынын чыгындыларынын интенсивдүүлүгү** | ПГ чыгындыларын эсепке алуу (28-35-бет) | |
| GRI 305-5 | **Парник газдарынын чыгындыларын азайтуу** | ПГ чыгындыларын эсепке алуу (28-35-бет) | Банк парник газдарынын чыгындыларын азайтуу жана декарбонизациялоо боюнча милдеттенмелерди түзүүнүн үстүнөн иштеп жатат. Климаттык стратегияны иштеп чыгуу каралган. |
| GRI 306-1 - 3 | **Калдыктар жана аларды урунуу** | Калдыктарды жана сууну керектөөнү башкаруу (37-бет) | |
| GRI 308-1 | **Жеткирип берүүчүлөрдү экологиялык баалоо** | Сатып алуу ишин тескөө (77-бет) | Банк бул мүмкүн болгон жерде жана экономикалык негизделген, жеткирип берүүчүлөр менен өз ара иштетүүнү артыкчылык катары кароого умтулат. Бул көрсөткүчкө мониторинг системасы иштеп чыгуу баскычында турат. |
| GRI 401-1 | **Кадрлардын жумуштуулугу жана туруксуздугу** | Жумушчу күчүнүн сереби (46-48-бет) | |
| GRI 401-2 | **Социалдык жеңилдиктер жана компенсациялар** | Кызматкерлерге камкордук (48-51-бет) | |
| GRI 401-3 | **Кош бойлуулук жана баланы багуу боюнча өргүү** | Кызматкерлерге камкордук (48-51-бет) | |


| | | | |
|---|---|---|---|
| GRI 402-1 | **Иштеги олуттуу өзгөрүүлөр жөнүндө жана жамааттык келишимдер жөнүндө кабарлоонун минималдуу мөөнөтү** | Адам укуктары (57-58-бет) | Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамына ылайык, Банк иш берүүчү катары 1 ай мурун кызматкерлерге олуттуу эмгек шарттарынын өзгөрүшү жөнүндө кабарлоого милдеттүү. |
| **GRI 403-1** | **Эмгекти коргоону башкаруу системасы** | **Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу, 54-55-бет** | |
| GRI 403-2 | **Коркунучтарды идентификациялоо, тобокелдиктерди баалоо жана инциденттерди иликтөө** | Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу (54-56-бет) | |
| GRI 403-3 | **Эмгекти коргоо жана кызматкерлердин ден соолугу боюнча кызматтар (кызмат көрсөтүүлөр)** | Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу (54-56-бет) | |
| GRI 403-4 | **Кызматкерлердин катышуусу жана эмгекти коргоо маселелери боюнча консультация берүү** | Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу (54-56-бет) | |
| GRI 403-5 | **Кызматкерлерди OHS маселелери боюнча окутуу** | Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу (54-56-бет) | |
| GRI 403-6 | **Кызматкерлердин ден соолугун бекемдөөгө көмөктөшүү** | Кызматкерлерге камкордук: мотивация жана өнүктүрүү, 51-бет | |
| GRI 403-7 | **Ишкер мамилелерге байланыштуу терс таасирлердин алдын алуу** | Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу (54-56-бет) | |
| GRI 403-8 | **OHS системасы менен камтылган кызматкерлер** | Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу (54-56-бет) | |
| GRI 403-9 | **Жумушка байланыштуу жаракат алуу** | Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу (54-56-бет) | |



| | | | |
|---|---|---|---|
| GRI 403-10 | Кесиптик оорулар | Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу (54-56-бет) | |
| GRI 404-1 | Бир кызматкерди окутуу убактысынын орточо жылдык өлчөмү | Кесиптик өнүгүү жана окутуу (52-бет) | |
| GRI 404-2 | Квалификацияны жогорулатуу жана ишке орношууну колдоо программалары | Кесиптик өнүгүү жана окутуу (51-53-бет) | |
| GRI 404-3 | Иштин жана өнүгүүнүн жыйынтыктарын үзгүлтүксүз баалоогу алган кызматкерлердин үлүшү | Кызматкерлерге камкордук: мотивация жана өнүктүрүү (48-51-бет) | |
| GRI 405-1 | Башкаруу органдарынын жана кызматкерлердин ар түрдүүлүгү | Жумушчу күчүнүн сереби (46-47-бет) | |
| GRI 405-2 | Башкаруу органдарынын жана кызматкерлердин ар түрдүүлүгү | Кызматкерлерге камкордук: мотивация жана өнүктүрүү (49-бет) | |
| GRI 406-1 | Басмырлабоо | Адам укуктары (57-58-бет) | |
| GRI 407-1 | Ассоциациялардын эркиндиги жана жамааттык сүйлөшүүлөр | Адам укуктары (57-58-бет) | |
| GRI 408-1 | Балдар эмгеги | Адам укуктары (57-58-бет) | |
| GRI 409-1 | Мажбурланган же милдеттүү эмгек | Адам укуктары (57-58-бет) | |
| GRI 410-1 | Адам укуктарын сактоо жаатындагы саясаттарды жана жол-жоболорду окутуудан өткөн, коопсуздук кызматынын кызматкерлери | Адам укуктары (57-58-бет) | Комментарий: Коопсуздук кызматы адам укуктарын сактоо жаатындагы окутууга тартылган эмес. |



| | | |
|---|---|---|
| GRI 411-1 | **Түпкү элдердин укуктарын бузуу учурлары** | Адам укуктары (57-58-бет) |
| GRI 412-1/3 | **Адам укуктары жаатындагы ишти текшерүү жана окутуу, ошондой эле келишимдерге адам укуктары жөнүндө жоболорду киргизүү** | Адам укуктары (57-58-бет); Корпоративдик башкаруу жана этикалык стандарттар (70-73-бет) |
| GRI 413-1 | **Коомдоштуктар менен өз ара аракеттенүү** | Кардарлардын алдындагы жоопкерчилик (59-61-бет) |
| GRI 413-2 | **Жергиликтүү коомдоштуктарга иш жүзүндөгү жана потенциалдуу терс таасирлери менен операциялар** | Кардарлардын алдындагы жоопкерчилик (59-61-бет); Адам укуктары (58-бет) |
| GRI 414-2 | **Жеткирип берүүлөр чынжырындагы терс таасир жана кабыл алынган чаралар** | Сатып алуу ишин текшерүү (77-бет) |
| GRI 415-1 | **Саясий катышуу** | Корпоративдик башкаруу жана этикалык стандарттар (70-73-бет) |
| GRI 416-1 | **Продукциянын жана кызматтардын кардарлардын ден соолугуна жана коопсуздугуна тийгизген таасирин баалоо** | Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу (54-55-бет) |
| GRI 416-2 | **Продукциянын жана кызматтардын ден соолукка жана коопсуздукка тийгизген таасирине байланыштуу бузуулар** | Кардарлардын жана кызматкерлердин коопсуздугу (54-55-бет) |
| GRI 417-1 | **Маркалоо жана продукция жана кызматтар жөнүндө маалыматтарды берүү жөнүндө маалымат** | Кардарлардын алдындагы жоопкерчилик (59-бет) |
| GRI 418-1 | **Кардарлардын маалыматтарынын купуялуулугу** | Киберкоопсуздук жана жеке маалыматтарды коргоо (78-81-бет) |
| GRI 419-1 | **Мыйзамдарды сактоо жана салыктык ачык-айкындуулук** | Корпоративдик башкаруу жана этикалык стандарттар (70-73-бет); Салыктарды башкаруу (75-76-бет) |



# IFRS S1 (2023) стандартына шайкештик таблицасы

“Элдик Банк” ААКнын 2024-жылдагы отчетунун 2023-жылы Туруктуу өнүгүүнүн эл аралык стандарттары боюнча кеңеш (ISSB) тарабынан кабыл алынган, IFRS S1 “General Requirements for Disclosure of Sustainability-related Financial Information” (Туруктуу өнүгүүгө байланыштуу маалыматты ачыкка чыгарууга карата жалпы талаптар) стандартынын талаптарына шайкештиги.

| IFRS S1 пункт | Талап (кыскача мазмуну) | Отчетто бөлүмдүн аталышы / бети |
|---|---|---|
| **1. Отчеттуулуктун жалпы маалыматы жана камтышы** | Отчеттуулуктун чектерин жана камтыган түзүмдөрүн ачыкка чыгаруу | **Отчет жөнүндө (85-бет)** |
| **2. Отчетту даярдоо үчүн жоопкерчилик** | Башкаруу системасын жана жоопту органдарды баяндоо | **Элдик Банктагы ESG-стратегия (14-15-бет)** |
| **3. Туруктуу өнүгүүнүн бизнес-модель жана стратегия менен байланышы** | Туруктуу өнүгүү стратегияга жана операциялык ишке кандай интеграцияланган | **Элдик Банктагы ESG-стратегия (14-15-бет)** |
| **4. Олуттуу (материалдык) темаларды аныктоо** | Олуттуу темаларды жана алардын тизмегин аныктоо методикасы | **Олуттуулукту баалоо (16-20-бет)** |
| **5. Башкаруу (Governance)** | Туруктуу өнүгүүнү башкарууда Директорлор кеңешинин жана Башкарманын ролу | **Элдик Банктагы ESG-стратегия (14-15-бет); Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу (39-бет)** |
| **6. Стратегия (Strategy)** | Туруктуу өнүгүүгө байланыштуу негизги тобокелдиктер жана мүмкүнчүлүктөр | **Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу (39-бет)** |
| **7. Тобокелдиктер жана тобокелдиктерди тескөө** | ESG-тобокелдиктерди идентификациялоо, баалоо жана мониторинг жүргүзүү процесстери | **Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу (39-бет) жана Олуттуулукту баалоо (16-20-бет)** |
| **8. Метрикалар жана көрсөткүчтөр** | ESG-темалар, максаттар жана жыйынтыктар боюнча негизги көрсөткүчтор | **Негизги ESG көрсөткүчтөрү (10-бет) жана 20-бет** |
| **9. Маалыматтардын салыштырмалуулугу жана макулдашылгандыгы** | Өткөн мезгилдердеги маалыматтардын салыштырмалуулугу жана методиканын өзгөрүүлөрүн түшүндүрүү | **Отчет жөнүндө (85-бет)** |
| **10. Верификациялоо жана маалыматтын аныктыгы** | Көз карандысыз текшерүү же маалыматтарды күбөлөндүрүү | **Отчет жөнүндө (85-бет)** |
| **11. Финансылык отчет менен байланыш** | Туруктуу жана финансылык отчеттордун чектеринин шайкештиги | **Отчет жөнүндө (85-бет)** |
| **12. Стейкхолдерлер менен өз ара аракеттенүү** | Өз ара аракеттенүү жана кызыкдар тараптарды тартуу механизмдери | **Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү (11-12-бет)** |

# IFRS S2 стандартына шайкештик таблицасы

Бул бөлүм “Элдик Банк” ААКнын 2024-жылдагы Туруктуу өнүгүү боюнча отчету 2023-жылы Туруктуу өнүгүүнүн эл аралык стандарттары боюнча кеңеш (ISSB) тарабынан кабыл алынган, IFRS S2 “Climate-related Disclosures” (Климаттык тобокелдиктерге байланыштуу маалыматты ачыкка чыгаруу) эл аралык стандартынын жоболоруна канчалык деңгээлде шайкеш келе турганын көрсөтөт.

| IFRS S2 пункт | Талап (кыскача мазмуну) | Отчёттогу бөлүмдүн аталышы / бети |
|---|---|---|
| 2-1 Governance – (a) | Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү көзөмөлдөөдө Директорлор кеңешинин ролун ачыкка чыгаруу | **Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу (39-бет)** |
| 2-1 Governance – (b) | Климаттык тобокелдиктерди баалоодо жана башкарууда жетекчиликтин ролун ачыкка чыгаруу | **Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу (40-44-бет)** |
| 2-2 Strategy – (a) | Уюмга таасирин тийгизген климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү аныктоо | **Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу (40-44-бет)** |
| 2-2 Strategy – (b) | Климаттык тобокелдиктердин бизнес-моделге жана стратегияга таасири | **Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу (40-44-бет)** |
| 2-2 Strategy – (c) | Стратегиянын туруктуулугун баяндоо (сценарийлерди талдоону кошо алганда) | **Парник газдарынын чыгындыларын эсепке алуу (28-35-бет)** |
| 2-3 Risk Management – (a) | Климаттык тобокелдиктерди идентификациялоо жана баалоо | **Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу (40-44-бет)** |
| 2-3 Risk Management – (b) | Климаттык тобокелдиктерди башкаруу процесстери | **Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу (40-44-бет)** |
| 2-3 Risk Management – (c) | Тобокелдиктерди башкаруунун жалпы системасына интеграциялоо | **Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу (40-44-бет)** |
| 2-4 Metrics and Targets – (a) | Климаттык тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү баалоо үчүн колдонулуучу метрикалар | **Парник газдарынын чыгындыларын эсепке алуу (28-35-бет)** |
| 2-4 Metrics and Targets – (b) | Бардык категориялар боюнча ПГ чыгындыларын ачыкка чыгаруу (CO□ менен) | **Парник газдарынын чыгындыларын эсепке алуу (28-35-бет)** |
| 2-4 Metrics and Targets – (c) | Чыгындыларды азайтуу боюнча максаттар жана жетишүү прогресси | **Парник газдарынын чыгындыларын эсепке алуу (28-35-бет)** |